
63.3(2Ки)нур
К 65

…урзубраимов, БАЛТАГУЛ Нурунбетов,
… Садабаев, АБДУЛЛА Раимбеков,
ЖОЛДОШБАЙ Анашов


# КӨҢҮЛҮН ТАРТКАН ӨЗГӨНҮН, КӨП ЖЕРДЕН АРТЫК ӨЗГӨНҮМ



Өзгөн—1998

Формуляр книги

63.3(2Ки) 456154



«Элим менен, элим үчүн»

Кыргыз Республикасынын
Президенти Аскар Акаев

63.3(2Ки)кочи
К 65

Бектемир Мурзубраимов,
Балтагул Нурунбетов,
Ысмайыл Садабаев,
Абдулла Раимбеков,
Жолдошбай Анашов

# КӨҢҮЛҮН ТАРТКАН ӨЗГӨНҮН, КӨП ЖЕРДЕН АРТЫК ӨЗГӨНҮМ

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ БОРБОРУ

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 450154

Ош — 1998

# 70





# ӨРҮШҮ ЖАЙЫК ӨЗГӨН

**Амангелди МУРАЛИЕВ,**
Ош облусунун губернатору

Эгерде сиз Ала-Тоо журтчулугунун түштүк аймагында болуп калсаңыз, айтылуу Өзгөн жергеси жөнүндө ары таңдандырган, ары суктандырган жакшы жагдайлар жөнүндө билип алганыңыз дурус.

Минтип, айтканыбыздын дагы жөнү бар. Касиеттүү Өзгөн жергеси кылымдарды карытып, өз кучагына чоң тарыхты батырган берекелүү жер. Табияттын татынакай кучагынан орун алган Өзгөн жергесинде ак мөңгү тоолор, арча, карагай жана башка өсүмдүктөр жыш толгон кокту-колоттор, андан мөлтүрөп аккан суулар бул аймактын көркүнө көрк кошуп тургансыйт. Табияттын ушундай сулуулугуна курчалган Өзгөн жергесин мекендеген эл бактылуу.

Табигат менен тагдырлашпыз дегендей анда жашаган калк ар дайым жаратылышты аздектеп, анын көркүнө көрк кошууга көмөктөш болууга аракеттенип, ниеттенип келет. Райондун борбору Өзгөн шаарындагы XI кылымдарга таандык бийик мунара анын узун сабак жолунан кабар берип тургансыйт. Ал гана эмес, бул аймакты байырлаган элдин үрп-адаты, маданияты мезгилинде гүлдөп өскөндүгүн ушул тарыхый эстеликтер далилдейт. Ал эми азыр жашап жаткан эл аны көздүн карегиндей сактап, ар дайым ыйык тутуп, алыстан келген меймандарга анын тарых таржымалын айтып, сыймыктанаар жөнү бар.

Өзгөн — айтылуу Улуу жибек жолунун дагы бир учу. Кезинде Өзгөн жергеси аркылуу Батыш менен Чыгыш,

Түндүк менен Түштүктүн бир катар мамлекеттери карым катнаш кылып, соода сатык иштерин жүргүзүп турушкан.

Эми райондун басып өткөн жолу тууралуу айта турган сөз арбын. Ал эми бүгүнкү күндө 70 жылдык мезгилди баштан кечирген райондун жалпы абалына токтолсок анда дагы сөз кылууга арзый турган жакшынакай маалыматтар бар. 70 жыл ичинде өзүнүн экономикалык абалын чындап, социалдык маданий маселелерди чечүүдө ишенимдүү кадамдарды таштады. Айрыкча мал чарбасын, дыйканчылыкты өнүктүрүүдө элдин жасаган эмгеги өзгөчө. Ошондон улам өз мезгилинде райондун атагын алыска тааныткан инсандар өсүп чыккандыгын жакшы билебиз. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде чарбалык иштерди уюштуруудагы өзгөчө эмгеги үчүн Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наам алган Кадыр Бекмурзаев, 70-80-жылдарда дыйканчылыктын маданиятын өстүрүп, жүгөрүчүлүктө өзгөлөргө үлгү болгон Социалисттик Эмгектин Баатыры Жумакадыр Мойдунов, кой чарбасын өнүктүрүүгө бараандуу салым кошкон чабан, Социалисттик Эмгектин Баатыры Шарап Санжаровду дагы-дагы толуп жаткан эмгек алдыңкыларын атооого болот.

Мына ушундай эмгеги менен элге таанылып, райондун атагын алыска чыгарган мыкты дыйкандар, малчылар, элдин алдыңкы сабында болсо азыр алар фермердик, дыйкан чарбалардын ээлери. Өзгөн жөнүндө сөз кылганда даам таткан адамды тамшандырган Өзгөн күрүчү жөнүндө да өзгөчө белгилөөгө арзыйт. Өзгөн күрүчүнөн даярдалган тамактын даамы кыргыз журтчулугуна гана эмес, айрым чет өлкөлөргө да маалым болду жана алар Өзгөн күрүчүн өз жергесинде өстүрүүгө өтө эле көңүл буруп, кызыгып жатышат. Муну жараткан дагы Өзгөндүк баба дыйкандар.

Азыр мезгил башка. Коом өнүктү, өзгөрдү. Элдин көз карашы дагы мурдагыдан айырмаланып турат.



Демек, жаңыланган коомдо жашап жаткан Өзгөндүктөр да ар кандай реформаларды тез эле өздөштүрүп, базар экономикасынын шартына ылайык ыңгайлуу жолдорду тапты. Айрыкча дыйканчылыкты жана мал чарбасын өстүрүүдө элдин аракети көзгө көрүнө баштады. Айыл кыштактардагы жашаган элеттик элдин өздүк чарбасы күндөн-күнгө өнүгүүдө. Өздөрү даярдаган азык-түлүк, продукцияларды базарга сатуу менен базар мамилелерин ишке ашырууга дагы бир ыңгайлуу жол ачылды. Райондо өнөр жай ишканалары эл үчүн кызмат кыла баштады. Өткөөл мезгилде өзүнө ылайык чет өлкөлүк өнөктөштөрдү издеген пиво заводу, сүт заводу, дан-азык комбинаттары азыр толук кандуу иштей баштады. Кен байлыктарын иштетүүдө райондун мактанарлык жагдайлары бар. Көмүрдү, мрамор ташын иштетүүдө бир катар жетишкендиктер болду. Ал эми табигат тартуулаган Кара-Шоро минералдык суулары, Өзгөндүн жаңгак токойлору тууралуу да сыймыктануу менен сөз кылса болот. Мына ушулардын бардыгы калк жыргалчылыгы үчүн өз мөмөсүн берип жатат. Ошондон улам район кийинки жылдарда облустук, республикалык мелдештерде өзү теңдүү райондор менен ат салышып келе жатат. Ал гана эмес башкаларга үлгү катары бул райондо жакынкы эле жылдардын ичинде республикалык масштабдагы семинар-кеңешмелердин өткөрүлгөндүгү буга күбө.

Өлкө үчүн өзгөчө мааниси бар Ош — Бишкек жолунун бир учу дал ушул Өзгөн району аркылуу өтүп жаткандыгын да жакшы билесиздер. Бул улуу жол келечегинде Өзгөндүк эл үчүн өзүнүн жакшы натыйжаларын берээри ырас. Биз башында сөз кылган улуу Жибек жолу кайрадан жаңыланып, Өзгөндөгү бир катар жасалган жакшы иштер Кыргызстанга келген жалпы меймандарга жакшы таасир калтырары калетсиз. Демек, келечекте чоң мааниси бар бул жолдор, азыр Өзгөн шаарындагы реставрацияланып жаткан тарыхый эстеликтер ордолуу Ош шаарынын 3

миң жылдык маарекесин өткөрүүдө башкача бир көрк бөрөөри талашсыз.

Өзгөн достуктун, ынтымактын мекени. Анда бир катар улуттардын өкүлдөрү бир үй бүлөдөй кол кармашып жаңы кылымга багыт алып бара жатышат. Алдыда дагы асыл максаттар бар. Аны райондун бирдиктүү калкы учурунда жүзөгө ашырып, өзгөлөрдү өзүнө тартаары келечектин иши.

Акырында айтаарыбыз, өнүгүү жолуна өрүш алган Өзгөн элине ырыс-кешик, береке токчулук тилейбиз!





## УЛУУ ЖЕРДЕ УЛУУ ЭЛ ЖАШАЙТ

**Маматшарип ТУРДУКУЛОВ,**
Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы

Аскар Акаевдин Кыргыз Республикасына Президент болуп келиши менен өлкөбүз тынчтык жолу аркылуу эгемендүүлүккө жетишип, кырмызы Кызыл Туубуз көктө желбиреп, дүйнөгө түпкүрдүү эл катары тааныла баштадык.

Айтмакчы, жумуруятыбызда көп улуттун өкүлдөрү бирдиктүү жашашкандыктан, алардын ар тараптуу өнүгүүлөрүнө өбөлгөлөр түзүлүп, өткөн доордун өктөмдүгүнөн улам унутта калган жакшы салттарыбыз жандана баштады. Буга мисал катары Манас бабабыздын миң жылдык маарекесинин өтүшүндө улуттук руханий байлыктарыбыздын баалуу жактарына чет өлкөлүктөр бараандуу баа беришип, демократиялуулуктун демине суктанышканын жашырууга болбос. Ошентип, мындай жөрөлгөлөр жумуриятыбыздын аймагында өз деңгээлинде өтүп, тарых барактарына из калтырган улуу муундардын урунттуу жактары урпактарга жеткирилип, турмуштук туура багыттар тандалууда.

Бир сөз менен айтканда элдин ишеничине арзыган Президентибиз тарабынан жаңы табылгалар жашообуздун багыты болууда. Баса, өлкөбүздүн өнүгүшүнө салым кошкон улуу эл жашаган улуу жер аталган Өзгөн району 70 жашка жетип келди.

Урматтуу окурман! Колуңуздагы жаңыдан жарык көргөн китеп Өзгөн районунун түзүлгөндүгүнүн 70 жылдыгына арналып жазылды.

Анткени, кылымдарды карытып, тарых барактарынан орун алган Өзгөндүн өз өзгөчөлүгү бар. Дегеним тээ Октябрь революциясына чейин эле аталган чөлкөмдүн атагы ар тармактар боюнча таркап, соода жаатында Улуу Жибек жолунун өтүшү бүтпөс кеп. Ошондон улам, «жери жакшынын эли жакшы» - демекчи, мезгилинде мээнет жагынан, баатырдык табынан кайтпай калдайган журт камкордугу үчүн жан аябаган азаматтардын саны арбын. Андайлардын катарына Чомо баатырды кошууга болот. Ал эми Улуу Октябрдын «таңынын атышына» өзгөчө эрдиктери менен жооп беришкен Төлөнбай Машрапов, Жоробек Абдрасулов, Мамат Нурбаевдин ысымдарын атоо менен бирге өткөнгө сарсеп салып, алардын басып өткөн кайталангыс жолдорун эсептегендигибиз биздин инсандык парзыбыз.

Улуу Ата Мекендик Согушта жалындуу оттон кайтпай, эли жери үчүн жүрөктөрүн тосушкан, чарбалык иштерде ак эмгектеринин аркасында Баатыр болушкан 17 жердешибиз биз үчүн сыймык. Өнөр жаатында өз обону, өз үнү менен келишкен Аттокур Базарбаевдин, Зулайка Акматованын, Назарбек Чокубаевдин, Мамат Оморовдордун кайталангыс керемет таланттарынын кайрыктары эл арасында муундан-муунга, доордон-доорго өтүп жашаганы кемибизди ар дайым толуктап келет.

Ырас, Өзгөн району жөнүндө сөз болгондо, дүйнөлүк мааниси бар күрүчүн, дүркүрөп өскөн төрт түлүгүн, табигат тартуулаган кен байлыктарын, дарылык касиети бар Кара-Шоро суусун айтпай кетүүгө болбос. Айтоор, кут береке даарыган Өзгөндү өзгөчө дастандасак да түгөнбөйт. Себеби, өлкөбүздүн чар тарабында өз салымдарын кошуп иштешкен илимпоздорубуз, жазмакерлерибиз, мамлекеттик кызматчыларыбыз, ишкерлерибиз да арбын. Айтмакчы, дүйнө элине Өзгөндүн атагын чыгарган космонавт жердешибиз Салижан Шариповдун эрдиги жергебиздин жеңиши болду.



Албетте, баатырдык чекти багынтышкан жердештерибиздин (маркумдары да бар) баарандуу салымдарын кылымдан-кылымга калтыруу максатында райондук мамлекеттик администрациясынын алдында айкелдерин тургуздук. Демек «эл эмгегин жер жебейт» - дегендей аларды аздектегенибиздин белгиси.

Азиз окурман! Жогоруда сөз болгондой райондун түзүлгөндүгүнүн жетимиш жылдык маарекеси менин иштеп жаткан мезгилиме туш болгондуктан өткөндөгүлөрдүн, учурдагылардын эмгек жолдорун эске алып, келечек урпактар үчүн тарыхый табылга катары ушул китепти басканды колго алдым. Ошондуктан, учкай баяндалгандын баардыгы авторлорубуз тарабынан толук камтылганга аракет жасалды. Эмесе, кийинки барактарды барактап, өткөндөгү жана учурдагы Өзгөндүн басып өткөн жолдоруна сарсеп салыңыз.



# ТУУЛГАН ЖЕРДИН ТОПУРАГЫ АЛТЫН

**Абдишүкүр**
**ИСАБАЕВ,**
Ош облустук Кеңешинин төрагасы,
Кыргыз Республикасынын айыл
чарбасына эмгек сиңирген ишмер

Чынын айтсам мен Өзгөн районунда туулуп, өскөндүгүмө ар дайым сыймыктанам. Анткени, ал башка жерлерден тап-такыр айырмаланып турат. Жери өтө кооз, абасы таза, эли өтө эмгекчил, меймандос келет. Айрыкча Өзгөн жери дыйканчылыкка, мал чарбасын өстүрүүгө климаттык жактан төп келишкен. Жаз мезгилинде, суу ташкындап, ар түрдүү минералдарды өзү менен кошо агызып келет. Бул деген жогорку түшүм үчүн табигаттын бизге берген энчиси болсо керек деп ойлойм. Дүйнөгө атагы чыккан Өзгөн күрүчүнүн ширеси да ушул суудан болсо керек. Жерге эмне айдасаң баары өсөт. Ал эми Өзгөндү курчап турган асман тиреген Ала-Тоосунун атыр жыттуу абасы, тоо койнунда дүркүрөп өскөн карагай-кайыңдары, аркар, эчки-теке, илбирс, кекилик, чилдери, жайыт толгон малдары Кара-Шородой дары суулары, талаа көлү болуп жайкалган арпа, буудай, жүгөрү, шурудай тизилген мөмө-жемиш бактары, талаанын көркүн чыгарган «сары алтын» жана башкалар көз жоосун алып, көргөндү суктандырат.

Ал эми Өзгөндүк кыз-келиндердин, көөрү төгүлгөн усталардын, зергерлердин, чебер колдорунан жаралган түркүн үй буюмдарын көргөндө көңүлүң ачылат, аларга суктансың.

Мына ушундан болсо керек Өзгөн илгертен бери эле атагы дүйнөгө кеңири тараган Жибек жолунун аймагындагы эң маанилүү социалдык - маданий,



экономикалык жактан өскөн асыл жерлерибиздин бири. Мунун бир далили катары X-XI кылымда курулган Өзгөн мунарасы жана Мавзолейдин архитектуралык түзүлүшү мен-мендеген устаттарды да суктандырбай койбойт.

Ошондон болсо керек, акыркы мезгилде дүйнө элдеринин бул тарыхый эстеликтерге кызыгуулары артууда.

Өзгөн району өзүнүн өстүрүп чыгарган кадрлары менен да сыймыктанат. Бүгүнкү күндө Өзгөндүктөр республикабыздын бардык аймактарында ар кандай кызматтарда үзүрлүү эмгектенип жатышат.

Баарыдан негиздүүсү Өзгөн жергесинде маданий-социалдык, экономикалык реформа кеңири кулач жайып, улам тереңдегенден тереңдеп, калктын катмарына кеңири сиңди. Жалпы эл рыноктук шартка акырындык менен көнүшүп, өзүн-өзү камсыз кылуу, өзүн-өзү башкаруу, тейлөө ыкмасына өтүштү.

Бүгүнкү күндө он жети айыл Өкмөтүнүн аймагында дыйкан чарбалары, фермерлер базар экономикасынын шартында мыкты иш алып барууда. Алардын талаачылыктан жогорку түшүм алуу үчүн, мал чарбасынын продуктуулугун көтөрүү боюнча иш аракеттери жаман эмес.

Экономикалык оор шартка карабастан элди медициналык, маданий жактан, билим берүү тармактарынын ишин жакшыртуу боюнча райондук администрация, жергиликтүү Кеңештер, айыл Өкмөттөрү конкреттүү иш жүргүзүшүүдө. Бул ишти жакшыртууда жакында Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан кабыл алынган «1998-жылды элетти көтөрүү жылы деп жарыялоо» жана жакырчылыкты жоюу боюнча «Аракет» программасы чоң жардам берди десек аша чаппасак керек. Анткени, бул Указды аткаруу боюнча бардык айыл Өкмөттөрүндө конкреттүү иш чаралар түзүлүп, айыл маданиятын көтөрүү, элдин жашоо турмушун жакшыртуу боюнча

конкреттүү иштер аткарылды. Айрым фактыга кайрылып көрөлчү. Устүбүздөгү жылдын 9 айынын ичинде эле райондо 3 млн. 848 миң сомдук көрктөндүрүү, жашылдандыруу боюнча иш аткарылды. 1 млн. 336 миң түп бак-дарактар отургузулду. 48 км.ден ашык жолдор, тротуарлар оңдолду. 58 км. Суу түтүкчөлөрү ремонттолду, 30 км. аралыкта элдин огороддору штакетниктер менен тосулду. 530634 чарчы метр элдин жашаган үйлөрү ремонттолду.

Колунда жок адамдарга 1 млн.го жакын материалдык, финансылык жардам көрсөтүлдү. Азыркы күндө бул иштерди андан ары жакшыртуу боюнча да алгылыктуу иштер жүргүзүлүүдө.


Элдин мындай жакшы аракеттери кимди болбосун кубандырбай койбойт.

Өзгөндүктөрдүн элет жерин көтөрүү жана жакырчылыкты жоюу боюнча иш ыкмалары «Аракет» программасын ишке ашыруу боюнча аракеттери облустун бардык айыл Өкмөттөрүнө кеңири жайылтылды.

Жердештеримдин ушундай демилгелүү иштери мени өтө кубандырат, мындай ийгиликтер күн санап өсө беришине мен толук ишенемин.




# Биринчи бөлүк



## БАЙЫРКЫ ӨЗГӨН ЖӨНҮНДӨ БАЯН

Ырас, бүгүнкү жашообуздун башатын өткөн тарыхтын барактары тастыктап турат. Андыктан, сөз нугу башынан башталсын. Райондун борбору Өзгөн тарыхы эки миң жылдан ашык мезгилди кучагына алат. Ал Кыргызстандагы байыркы шаар. Биздин эрага чейинки I кылымдарда пайда болгондугу орто кылымдагы араб, фарси, түрк тилдеринде жазылган даректерден белгилүү. Азыркы мезгилде байыркы Өзгөндүн калдыгы жана архитектуралык курлмалары сакталган. Маданий катмары 4,5 метрге чейин, Кара-Дарыя жана Жазы сууларынын аралыгындагы бийик тектирчелер менен адырларга жайгашкан. Цитадель жана шахристан терең коолор, Кара-Дарыянын жээгин бойлото казылган аңдар менен курчалып, өзүнчө жайгашкан 4 дөбөдөн орун алган. Цитадель (шаар ичиндеги сепил, чеп) ортоңку дөбөдөн (Өзгөн III), ага чыгышынан жана батышынан жанаша жаткан дөбөлөрдө (Өзгөн I, II, IV) шахристан жайгашкан, бул дөбөлөр орто кылымдан бери көрүстөн катары пайдаланылат.





*Байыркы Шахристан*

Шахристандын түндүк тарабынан байыркы Өзгөн арык каналы андан көптөгөн арыктар таркайт. Шахристанга шаардын чет жакасы рабат туташат, ал чыгыш жана батыш жагынан дубал менен тосулган. Шаардын түндүк чегинен Жазы суусу, түштүк чегинен Кара-Дарыя суусу агып өтөт. Бул жерде курулуштардын калдыктары - шаар чалдыбары жана байыркы доорго таандык дөбөлөр сакталган. Орто кылымдагы мүрзөлөрдөн жазуусу чегилген таштар табылган. Андагы жазуулардан шаардын тарыхы, топографиясы, Фергана өрөөнүнүн экономикасы жана маданият турмушу жөнүндө маалымат алууга болот. Бул жазуулар XII-XV кылымдарга таандык. Өзгөн жөнүндөгү алгачкы маалыматтар IX-X кылымдарга таандык. Бул мезгилде ал көлөмү боюнча Ферганадагы төртүнчү (Ахсикент) азыркы Аксы району, Куба, Оштон кийинки шаар болгон. Миянрудан дубалына (борбору Хайлан) кирген. Сомониддер мамлекетинин чет жакадагы ири соода борбору болуп эсептелген. Х кылымдын 30-жылдарында Өзгөндө кол өнөрчүлүк менен соода өнүккөн, алгачкы тыйын акчалар чыгарылган. Караханийлер династиясынын күч алышынан тартып Өзгөн алардын уделдик борбору болуп келген. Х кылымдын аягында селекхандардын батышка карай

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ N 456134

баскынчы жортуулдары ушул жерден башталган. XI кылымдын 2- жарымынан XIII кылымга чейин Өзгөн Караханийлер мамлекетиндеги Фергана уделинин борбору болгон. X-XII кылымдарда шаардын аянты 12-15 километрге жеткен. Тимурдун бийлигинин (XIV кылым) мезгилинде баштагыдай эле соода жана саясий борбор боюнча кала берген. Кийин Өзгөн ири саясий жана административдик борбор катары маанисин жогото баштайт. Орто кылымдын аягында шаардын аймагы бир кыйла кичирейип, чакан шаарга айланган. Бабурдун китебинде Ферганадагы 8 шаардын ичине кирген эмес. XIX кылымдын башында Кокон хандыгына өткөн Кыргызстан Россиянын курамына кошулганда Анжиян уездинин карамагына кирген. 1917-жылдын октябрында Өзгөндө Кеңеш бийлиги орнотулган. 1924-жылы Кара кыргыз автономиялуу облусу түзүлгөндө Ош округундагы Өзгөн болушунун борбору болуп калган. Өзгөн шаары Кеңеш бийлиги мезгилинде кайра жаралды. Тамак-аш, өнөр-жайы өнүктү. Райондо кургак сүт, нан, пиво, минералдык суу заводдору, элдик театр жана башкалар иштейт. Шаарда 8 орто мектеп, райондук борборлоштурулган эмкана, поликлиника, тиш догдуру, 3 балдар бакчасы, маданият үйү, Айчүрөк кинотеатры, 2 маданият жана эс алуу паркы бар. Шаардын борборунда Өзгөн архитектуралык комплекси жайгашкан. Шаар генплан боюнча өсүп-өнүгүп жатат.

***Өзгөн археологиялык - архитектуралык музейи.*** 1982-жылы Өзгөн архитектуралык комплексинин базасында Ош бириккен тарых-маданият музей коругунун филиалы катары түзүлгөн. Өзгөн оазисинин байыркы тарыхы боюнча экспонаттар үчүн күмбөздөн (мавзолейден) 67 чарчы метр жай бөлүнгөн. Экспозициянын негизин археологиялык казууларда табылган жергиликтүү материалдар түзөт.

***Өзгөн архитектуралык комплекси*** — орто кылымдын архитектуралык эстелиги. Өзгөн шаарынын борборунан түштүгүрөөктө, Кара-Дарыя суусунун жайылмасынан жогорураак тектирчеде байыркы




Өзгөн шаарынын (Өзгөн Түштүк чалдыбары) аймагында жайгашкан. Порталдары жанаша салынган 3 күмбөздөн (мавзолейден) жана алардан 150 метр түндүк батыш тарапта жайгашкан мунарадан турат.

Дүйнөлүк маанидеги эстелик катары 1923-жылы мамлекеттин коргоосуна алынган. А.П. Федченко, Н.А. Северцов, Б.Н. Засыпкин, А.П. Якубовский, А.Н. Бернштам, В.Е. Нусов, Ю.А, Заднепровский, О.Береналиев, Д.Ф. Винник, В.Д. Горячева, Ж.Иманкулов, Г.А. Пугаченкова жана башкалар изилдеген. XI-XII кылымдарга таандык, Түндүк, Ортоңку жана Түштүк деп шарттуу аталган күмбөздөр адегенде Караханийлер мамлекетинин өкүмдарларынын күмбөзү болгон. Ортоңку күмбөз X кылымдын башында курулган. Ал сырткы беттеринин жалпы узундугу 13,07 метр, түбү чарчы келген курулуш. Эшиги бар, батыш фасады жана түштүк портал түрүндө салынган. Түштүк фасадындагы оюкта биздин мезгилде кооз кашаа-панжара коюлган. Арткы чыгыш фасадында да кашаа менен кооздолгон оюк бар. Түндүк фасадынын оюгу жок туюк, бурчтарынын 8 бети түркүн кыш менен кыналып, оймо-чиймеленип, кооздолуп, төрттөн бирине чейин жерге киргизилген колонна-түркүктөр орнотулган. Алардын үстүнө күмбөздү айланта карниз коюлган. Карниздин үч катары даңдана (кыштарды кырынан кыноо) тибинде курулган. Күмбөздүн дубалдары жана кумпасы сары чопо ылай менен жабыштырылган кыштардан тургузулган. Ортоңку күмбөздө Орто Азиялык күмбөздөрдүн порталынын архитектуралык образы толук эле сакталган. Бирок, батыш фасадында сүйрү оюмдун ордуна кырдуу кыштар туурасынан коюлуп, рама жасалган. Порталдардагы оймо-чиймелүү «П» сымал ромалар кыштарды чыгыңкы кыноо аркылуу түзүлгөн. Ич жагында дубал кумпага тирелип жана анча бийик эмес сегиз бурчтук аркылуу кошулган. Сегиз бурчтук жана троптун үстүңкү катары кооз оймо-чиймелер менен жыш кооздолгон. Түндүк күмбөз 1552-жылы ортоңку күмбөзгө жанаша

салынган. Анда күмбөз курулган мезгилде Батыш Караханийлер өкүмдары Хусейин Хасан ибн Алинин аты оюлуп жазылган. Бул күмбөздүн карнизи, бурчтарындагы түркүктөрдүн оймо-чиймелери ортоңку күмбөздүкүнө окшош. Түндүк күмбөздү курганда ортоңку күмбөздүн туюк дубалы оюлуп, бул эки күмбөздү байланыштырган. Күмбөздүн түбү сырт жагынан 12,3 X 10,6 метр келген тик бурчтук. Бирок, ич жагында күмбөздүн астанасы дубалды калыңдатып же жукартуунун эсебинен төрт жагы тең 7, 55 метрден чарчы формага келтирилген. Кирүүчү эшиги бар батыш фасады порталдуу түндүк фасады оюлуп, темир панжара менен тосулган, чыгыш фасады туюк. Фасаддардын бийиктиги 10,6 метр. Порталды коoздоодо кыштарды кыноо жана ганч оймолору, ошондой эле оймо-чиймелүү бышырылган кооз чопо жасалгалар (терракаты) да кеңири колдонулган. Терракатадагы куфу жана насх жазмалары, ошондой эле порталдын оюгундагы оймо-чиймелер өтө кызыгууну туудурат. Ич жагы коoздолгон эмес. Дубал кумпага тромп жана анча бийик эмес сегиз бурчтуктар аркылуу туташат. Тромптордогу аркаларда сүйрү оюктар бар. Кумпасы жана дубалдары ак ылай менен кыналган кыштан бир катар тургузулган. Түштүк күмбөз терракатадагы жазууларга караганда 1187-жылы курулган. Анын түбү сырт жагынан тик бурчтук 10, 27 х 7,8 метр ич жагынан чарчы ар бир жагы 6,4 метр формада. Батыш жактары кирүүчү фасады башка фасаддарынан (маңдай жаккы көрүнүшү) 10, 4 метр бийик портал катары өзүнчө бөлүнүп турат. Андагы оймо-чиймелер өтө коoздугу менен өзгөчөлөнөт. Ганч оймо-чиймеси кире бериштеги арканын шыбына гана жасалган. Түндүк жана түштүк капталдарында оюктар бар. Түндүк фасадындагы оюк Түштүк күмбөздү ортоңку күмбөз менен байланыштырат. Түштүк фасадындагы оюк темир панжара менен тосулган. Чыгыш фасады туюк. Ич жагында дубал арка жана сегиз бурчтук аркылуу кумпага туташат. Археология-



лык казуулардын учурунда (1963-1971-1973-жылдар) күмбөздүн ичинен ар кайсы мезгилде көмүлгөн 60 адамдын сөөгү табылган.



*Өткөн доордогу зындан*

***Мунара XI кылымдын 2-жарымында курулган.*** Төрт бөлүктөн турат, ар бир тарабы 8,7 метр жана бийиктиги 90 сантиметр келген подиум же стилобат, диаметри түп жагында 8,7 метр жана уч

жагында 8,4 метр келген конус сымал түркүк, түркүктүн учундагы фонарь. Бул бөлүктөрдүн көлөмдөрүнө караганда мунара алгачкы мезгилде бийиктиги 44,7 метрден кем болбосо керек. Кийинчерээк анын үстүнкү бөлүгү жер титирөөдөн урап түшкөн. 1923-жылы бүтүн калган бөлүгүндө XX кылымдын башында чыгыш усталардын стилинде 5 метрлик фонарь орнотулган. Мунаранын азыркы бийиктиги 27, 4 метр. Мунаранын цоколу кыштан оймо-чиймеленип салынган, ар кайсы жеринде тик бурчтуу чакан оюктар бар. Алар көп кырдуу кыштар менен оймо-чиймеленип кырдалган. Цоколдун 3 капталы жылмакай келип ганч оймо-чиймеси менен кооздолгон. Түндүк батыш капталы кыштардан кыналып түрдөнтүлгөн, чыгыңкы жерлердин ортосу оймо-чиймеленген. Кире бериш жери цоколдун түштүк капталында, ал арка сымал оюлган. Андан сааттын жебесинин айлануусуна тескери багытта, өйдө фонарга карай өзөктү аралап кыштан курулган буралып чыкма кууш тепкич кетет. Мунаранын өзөгү жыш оймо-чиймеленген. Рельефтүү оймо - чиймелер жылмакай ганч оймо-чиймеле-ри менен кезектешип жайгашат. Мунара мусулмандардын азанга чакырууга арналган, согуш учурунда кароол пункту катарында пайдаланылган. 1923-1927-1928-жылдары бул архитектуралык комплекстер бир аз бекемделип, тазаланып, айрым жерлери реконструкцияланган. 1975-1983-жылдары Б.Н. Засыпкин, В.Н. Нусов, Б.В. Помаскиндин долбоору боюнча реставрациялоо - калыбына келтирүү иштери жүргүзүлгөн.

Аталган архитектуралык комплекстерди реставрациялоодо Германиядагы ГТС тарабынан 139 миң сомдук грант, Ош облусунун губернатору А.Муралиев өзүнүн резервдик фондунан 100 миң сом берген.





## МУНАРА

Жылга кылым улаган,
Өзгөндөгү мунара.
Барактары тарыхтын,
Жашырынып тур ага.

Өзгөндөгү мунара,
Коздугун сураба.
Оймо-чийме, кештеси,
Жарашыптыр куп ага.

Он бир кылым туруптур,
Аны кимдер куруптур?
Урабаптыр эч жери,
Усталыгы улуктур!

Кургандыр да бирөөсү,
Дубалда жок тирөөчү.
Кылымдардан - кылымга,
Көргөндөрдүн күбөсү.

Өзгөндөгү мунара,
Көңүлүңдү бур ага.
Ичтен кеткен жолу бар,
Ийри-буйру бурама.



Өзгөндөгү мунара,
Кылым, заман улама.
Иниси экен сурасам,
Токмоктогу бурана.

**Расулберди**
**МАМЕТОВ**


***Шоро-Башат шаарчасы.*** Биздин заманга чейинки V-VII кылымдарга таандык шаар чалдыбары. Өзгөндөн 8 километр түндүк-батышта, Жазы суусунун оң жээгинде, шаар үч бөлүктөн туруп, жалпы аянты 70 гектар. Чыгыштан батышты карай созулган узундугу 3 километр, туурасы 38 метр, бийиктиги 6 метр чеп менен курчалган. 1954-1957-жылдары изилдөөдө бир нече турак жай ар түрдүү карапа, чопо, темир, коло буюмдар, идиштер, суу түтүкчөлөрү ж.б. табылган.

***Табияты.*** Райондун аймагы Алай (академик Муса Адышов кырка тоосу) жана Фергана кырка тоолору кошулган жерде жайгашкан. Өзөн суулар менен кооз тилмеленген дөңсөөлөрү бийик түздүк. Аймагынын көпчүлүк бөлүгүн Жазы, Өзгөн, Куршап өрөөнү ээлейт. Ал Фергана өрөөнүнүн академик Адышев кырка тоосунун этегиндеги адырлар (Отуз адыр жана башка) жана Фергана кырка тоосунун бир тармагы (Сууганды) аркылуу бөлүнөт. Түштүк жагынан академик Адышев кырка тоосунун бир тармагы, түндүгүнөн жана чыгышынан Фергана кырка тоосу курчап турат. Фергана кырка тоосу райондун рельефиндеги эң бийик жер. Райондун аймагы ар түрдүү табийгый ресурстарга бай. Үлүл таштардын эң ири кендери сарыташ, гипс, кум, шагылдын кени, Карынбайдын ташы, Кара-Шородогу минералдык суулар, Чымбайдагы дары баткактар табылган. Климаты континенттик, жайы ысык 40 градуска чейин жетет, кышы анча суук эмес, кар калың түшөт. Жазы, Өзгөн, Куршап өрөөндөрүндөгү январдын орточо температурасы +3 -2, июлдуку 23, 6, тоолордо январдыкы -10, июлдуку +15 градус жылуу. Жылдык орточо температурасы +11 градус, жылдын жылуу мезгили 210-235 күн. Вегетациялык мезгилдеги температуранын жалпы суммасы 3700-4200 градусту түзөт. Жылдык жаан-чачын 350-600 миллиметр. Фергана кырка тоосунун капталдарында 900 миллиметрдей, кар 40 сантиметрге жакын түшөт. Ал 75 күнгө чейин жатат. Калк Кара-Дарыя, Жазы, Зергер, Куршап дарыяларынын, ал эми шаардын эли Дөң-Булактагы



булак суусунан ичишет. Эгин аянттары Кара-Дарыядан алынган суу менен сугарылат. Шаардын аймагы 600 гектар. Чыгышынан Дөң-Булак, батышынан Кызыл-Октябрь айыл Өкмөттөрү менен чектешет. Агын суулары көп. Кыргызстандагы ири дарыялардын бири Кара-Дарыя куймалары: Жазы, Зергер, Куршап (Кызыл-суу) ушул жерлерден агып өтөт. Алардын бардыгы негизинен жаз-жай мезгилдеринде кар менен мөңгүлөрдөн, кышкысын жер астындагы суулардан куралат. Өзгөндүн суусу мол. Алар райондун, облустун жана Өзбекстандын коңшулаш райондорунун жерлерин сугарууга пайдаланылат. Кара-Дарыянын Фергана өрөөнүнө чыга беришиндеги Кемпир-Абад жылгасына Анжиян суу сактагычы курулган. Райондун аймагынын топурагы (Кара-Дарыя, Жазы, Куршап сууларынын жайылмаларында) боз (1500 метр бийиктикке чейин, тоолуу күрөң 1800-2000 метр), тоо-токой (1100-2800 метр), тоо-шалбаа (2800 метрден жогору) топурактары кездешет.Өсүмдүктөрү да ар түрдүү.

***Өзгөн көмүр бассейни.*** Орто Азиядагы ташкөмүр кендери жайгашкан ири аймактардын бири. Ош облусунун чыгыш, Нарын облусунун түштүк - батыш бөлүктөрүндө Фергана тоо тизмегинни түштүк - чыгышында жайгашкан. Анда 30 дан ашык кен бар. Түндүк - батыштан



түштүк-чыгышка созулуп, 3000 чарчы километрдей аянтты ээлейт. Мурдагы СССРдин аймагында көмүрлүү катмарлардын узундугу 150 километрден,эни 45 километр, бассейинде Көк-Жаңгак, Кумбел, Зындан, Түюк, Каргаша, Бештерек, Кара-Дөбө, Алдаяр, Көк-Кыя

жана башка кендер бар. Мындагы кендер жергиликтүү элге мурдатан белгилүү. Алгачкы геологиялык маалыматты И.В. Мушкетов (1878), В.А. Вебер (1902) жазышкан. Геологиялык чалгындоо адегенде 1926-1928-жылдары Көк-Жаңгак кенинде жүргүзүлгөн. Кийин бассейинде Бүткүл Союздук геология институту, Кыргыз ССР геологиялык башкармасы, «Средазуглегеология» тресети ж.б. тарабынан геологиялык жумуштар улантылган. Бассейиндин аймагында негизинен полезой (силдр, девон, карбон, пермь) мезозой (триас, юра) жана кайназой палеоген, неоген тоо тектери жатат. Көмүр юра мезгилинин тоо тек катмарларында, айрыкча анын кумдук, алевролит, аргилиттен түзүлгөн астыңкы бөлүгүндө (туюк свитасы) топтолгон. Көмүр кабаттарынын калыңдыгы 0,2 - 5, 99 метр, алардын саны жетиге жетет. Бассейиндеги көмүр жогорку сапаттуулугу (аз күлдүү, кургак, табы ысык ж.б.) менен айырмала..ат. Айрым кендердеги көмүр кокс алууга жарамдуу.Бассейиндин чыгыш бөлүгүндөгү көмүр чала антрицитке киргендиктен жогорку сапаттагы түтүнсүз отун катары пайдаланууга болот. Бассейиндеги көмүрдүн запасы 0, 862 миллиард тонна. Андагы кендерден Көк-Жаңгак 1910-жылдан, Маркай 1914-жылдан казыла баштаган.

Бир кездеги кербен жолу (Улуу Жибек жолунун жол боюндагы) Өзгөнгө толук тиешелүү. Өзгөндүн азыркы учурундагы географиялык абалы анчалык жакшы болбогондуктан, мында жогорку өнүккөн индустриалдык чарбаны жайгаштырууга мүмкүнчүлүк болбой жатат. Тоонун рельефи темир жол салууга тоскоолдук кылгандыктан, товар алмаштыруунун табигый жана айыл чарба сырьелорун өндүрүүнүн экономикалык жактан өсүшүн чектеп коюуда. Качан гана Туюктагы көмүр кенине чейин темир жолу салынганда Өзгөн шахтерлердун мекени болуп калары шексиз.

Жазы, Кара-Кулжа, Куршап өрөөндөрүнүн жер кыртыштары жана климаттык шарттары - дыйканчылыкты оркүндөтүүгө өтө ыңгайлуу. Адырлары жана тоо кыркалары жайыт жерлерге бай, чөбү мол, мал жаюуга ыңгайлуу. Жаңгак токойлору жана Кара-Шородогу минералдык булактар туристтерди көптөн бери кызыктырууда.



***Кара-Шоро минерал суусу.*** Райондогу дарылыкка жана ичүүгө жарамдуу минералдуу муздак суу булактары Өзгөндөн 80 километр чыгыш тарапта, Кара-Шоро өрөөнүнүн ортоңку бөлүгүндө, Жазы жана Коңурдөбө сууларынын кошулган жеринде деңиз деңгээлинен 2300 метр бийиктикте жайгашкан. Жергиликтүү элге илгертен белгилүү 1948-1954-жылдары сууну пайдалануу мүмкүнчүлүгүн аныктоо үчүн геологиялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Суу булак түрүндө жана тереңдиги 70-130 метр келген 14 бургулоо көзөнөгүнөн чыгат. Суу химиялык составы боюнча көмүр кычкыл хлорид-гидрокарбонат натрийлүү, минералдашы 2, 4 - 3,4 л\сек, көмүр кычкыл гидрокарбонат - хлорид натрийлүү, чыгымы 5,3 төн № 51 бургулоо көзөнөгүндө (15л) минутага чейин. Түссүз, жытсыз, даамы кычкыл, суунун температурасы 7,6-14, 5 градус жылуу. Бөйрөк, боор, ичеги-карын, кан басымы, диабет ооруларына пайдалуу.



*Булактын көзү*

«Кара-Шоро» мамлекеттик акционердик коомунда шишелерге куюлуп «Кара-Шоро» деген наам менен соода тармактарына жана дарылоо мекемелерине жөнөтүлөт.

Өзгөн менен коңшулаш Кара-Кулжа районунун аймагындагы айыл чарбасынын карым катнашы өтө тыгыз байланышкан. Ош облусу боюнча бул райондор айыл чарбасына жарактуу жерге эң бай. Алардын энчисине 28 пайыз табигый чөп чабынды, 16, 5 пайыз айдоо аянты, 15 пайыз жайыт жер, 10 пайыз токойлор жана бадалдар кирет. Башкача айтканда айыл чарбасына жарактуу жерлер көп. Эгерде облус боюнча 60 пайыз жарактуу жер болсо, бул райондордо 75 пайыз. Ошондуктан, буларда мал чарбасы кеңири өнүккөн.

***Өзгөндүн тарыхы.*** Биздин эрага чейинки экинчи, үчүнчү кылымдарда эле байыркы Өзгөн жөнүндө эскерүүлөр айтылып келген. Ошого карабастан шаар эң аз изилденген. Өзгөн аркылуу соода жолу Ферганадан Жети-Сууга Жазы жана Ат-Башы ашуусу менен өткөн. Түрктөр менен соода байланышы болуп турган.

990-жылы Караханийлер Ферганаңы каратып алып Өзгөндө турушкан жана тыйын чыгарышкан. 1002 -жылдан Ошто акча чыгарган жай болгон. X-XII кылымдарда Фергана Караханийлердин мамлекетинин курамында азыркы Ала-Бука районундагы Шах-Фазыл күмбөзү жана Өзгөн архитектуралык комплекстери курулган. XIII-XV кылымдарда Фергана жигатай улусунун курамында Өзгөн улустун эң маанилүү борбору болгон. Ошто жигатай династиясы тыйын чыгарган.

X кылымда Өзгөн кол өнөрчүлүк соода борбору болуп калат. Караханийлердин доорунда жогорку өнүгүүгө жетишет. Ошол мезгилде борбор болуу менен бирге соода жана маданий жактан өсүш деңгээли боюнча Орто Азиядагы көптөгөн шаарлар менен тең турган. Чыңгыз хандын мезгилине чейин сакталып калган архитектуралык комплекси эң кооз эстелик-мунара, күмбөздөр буга күбө боло алат.



Чыңгыз хандын Орто Азияга жасаган чабуулунун тушунда көптөгөн шаарлар кыйраса да Өзгөн XIV кылымда Темирлан бийлик жүргүзүп турган мезгилде да баштагыдай эле соода жана саясий борбор боюнча калган. Шаар чыгыш өлкөлөрүнө Орто Азиянын ачкычы болуп берген. 1388-жылы Темирланды чыгыш Түркстанга ички Тянь-Шань жана Жети-Сууга киргизбеш үчүн кыргыз жоокерлеринин жетекчиси Баймурат өзүнүн жоокерлери менен Өзгөн шаарына бекеринен келген эмес.

Чыңгызхандын империясынын кыйрашынан азыркы Кыргызстандын территориясы көптөгөн согуштардын аренасына айланат. Ушул бардык жагынан оор мезгил чыгыш менен батышты байланыштырып турган жибек ташуу жолу кесилген учурга туш келген.

XIV кылымда Фергана өрөөнүнүн батыш-чыгыш болүгүн Кокон хандыгы басып алган. Ошол кезде түштүк Казакстан, түндүк жана борбордук Тянь-Шань басылып алынып, Кашкарды көздөй соода жолу өнүккөн. Кашкар менен коркунучсуз катташып туруу үчүн Кокон хандыгы аскер гарнизонун Өзгөн шаарында түзөт жана экономикасы кайрадан жандана баштайт.

Ички Тянь-Шань аскер чептери курулганда Торугарт аркылуу Кашкарга дагы бир соода жолу ачылат. Алай өрөөнү аркылуу Кашкар менен соода жүргүзүү иши кайрадан жандана баштайт. Бул жаңы соода Өзгөндүн экономикалык жактан өсүшүнө кайрадан тоскоолдук кылат. Түштүк Кыргызстан Оруссиянын составына кошулганга чейин ушундай абалда кала берет.

Түркстан аскер губернаторлугунда Кокон хандыгы иш жүзүндө эки жүздүү мамлекет бойдон кала берет. Калк оор салыктан аябай жабыр тартышат. Мындай зордук-зомбулукка чыдашпаган калк 1873-1874-

жылдардын аралыгында көтөрүлүш чыгарышат. Кыргыздар биринчи болуп көтөрүлүш башташып, Өзгөн жана Ош шаарларынын башкы стратегиялык курчоолорун согушсуз ээлеп алышкан.

Падыша Өкмөтүнүн жазалоочу отряды көтөрүшчүлөрдү аёосуз басат. 1875-1876-жылдары экинчи жолу көтөрүлүш чыгарышат. Көтөрүлүш Фергана ороонунөн тышкаркы жерлерге да жайылат. Бул элдик бороонду эч кандай күч токтото албайт. Көтөрлүштөн корккон падыша самодержавиясы Кокон хандыгын жоёт.

Кыргызстан Орусиянын курамына кошулгандан кийин Өзгөн Анжиян уездинин курамына кирет. Жибек жолунун өтүшүнөн улам соода-сатык жанданган. Бул жерге борбордук Тянь-Шандан мал сатуучулар, Анжиян менен Ферганадан мал сатып алуучулар келе баштайт. Бул соода-сатык Өзгөндү Ош шаарынын деңгээлине көтөрө алган эмес. Кашкар менен соода байланышы Гүлчө, Чоң-Алай, жана Көгарт, Нарын аркылуу жүргүзүлөт да Өзгөн соода жолунан четте калып, Ош жана Анжиян менен гана ич ара байланышып калат. Ошол кезде Түштүк Кыргызстандын кээ бир райондорунда көмүр, нефти иштелип чыгарылып жатканын орус окумуштуулары изилдеп чыккан. Өзгөндүн айланасындагы жаратылыш байлыктары иштелип чыгарылбаган боюнча калат. Калк негизинен дыйканчылык, кол өнөрчүлүк, соодагерлик кылышат. Айыл чарба товарларын, күрүчтү жергиликтүү базарларга алып чыгышат. Ошентип, Өзгөн районунун калкынын ишмердүүлүгү Орусиянын курамына кошулгандан кийин деле Орто кылымдардын деңгээли боюнча калат.



# Экинчи бөлүк



## АТ КОЮУ — АТА МУРАСЫ

***Кыргыз Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасынын Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиумунун заседаниесинин № 36-протоколу, 24-декабрь, 1928-жыл. Фрунзе шаары.***

***1. Кыргыз Автономиялык Советтик Социлисттик Республикасынын курамында Ош округу түзүлүп, борбору Ош шаары болсун, чек аралары Ош жана Жалал-Абад кантондорунун аймагы райондорго бөлүнүп, контондук жана волостук аткаруу комитеттери жоюлсун.***

***2. Биринчи пунктта көрсөтүлгөн кантондук жана волостук аткаруу комитеттери жоюлсун жана Ош округунун курамында төмөндөгү 10 район уюштурулсун.***

***Араван-Буура, Өзгөн, Алай, Ноокат, Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Жалал-Абад, Базар-Коргон, Кызыл-Жар, Кетмен-Төбө.***

***Кыргыз Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасынын Борбордук Аткаруу комитетинин төрагасы — ТОКБАЕВ.***

***Кыргыз Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасынын Борбордук Аткаруу комитетинин катчысы — ЗУБОВ.***



## ТАРЫХ — ТАСТЫКТАЙТ


Өзгөн району 1928-жылы 24-декабрда түзүлгөн. Борбору Өзгөн шаары. Район Ош облусунун түндүк-чыгышынан орун алган. Ал эми түштүк-батыш жагынан Кара-Суу, Түндүк-чыгышынан Кара-Кулжа, Түндүк-Батыш жагынан Жалал-Абад облусунун Сузак райондору, Түндүк тарабынан Нарын облусу, Батыш жагынан Өзбекстан менен чектешет. Райондун жалпы аянты 3,4 миң чарчы километр, бийик жери деңиз деңгээлинен 4200 метр. Ош шаарынан 68, чыгыш тарапта Кара-Суу темир жол станциясынан 44 километр, өлкөбүздүн баш калаасынан 650 километрден ашык алыстыкта жайгашкан, калкы 190миңге жакын. Климаты континенталдык мээлүүн, январдагы орточо температурасы 3-2, июлдуку 23, 6 градус жылуу. Жылдык жаан-чачын 544 миллиметр.

Өзгөн жергеси өзүнчө административдик район болуп негизделгенден кийин партиянын райондук комитети уюштурулуп анын 1-катчылыгына Кожомурат Боронбаев, райондук аткаруу комитетинни төрагалыгына А. Султановдор шайланышып, Куршап, Кочкор-Ата, Эрдик,Кароол, Төөчү, Жалпак-Таш, Карагуз, Покровка, Кара-Таш, Кызыл-Суу, Кара-Кыя, Биринчи Өзгөн, экинчи Өзгөн, Баш-Дөбө, Адыр-Кыштак, Кара-Дыйкан, Зергер, Жылалды, Биринчи айыл, Экинчи айыл, Мырза-Аке, Кара-Кулжа, Капчыгай, Кароол, Кара-Кочкор, Кызыл-Жар, Кызыл-Октябрь, Кызыл-Тоо, Ылай-Талаа, Ой-Тал, Чалма сельсоветери түзүлгөн. Мурдагыга караганда элге жетекчилик жакындан болуп жакшырат. Элдин турмушу тереңирээк үйрөнүлүп, Совет бийлигин чыңдоо күчөтүлүп, эл массасына туура багыт көрсөтүлөт.

Түштүк Кыргызстанда алгачкылардан болуп 1928-жылы тоолуу Орказган жеринде «Ийри-Суу» совхозу уюштурулуп, мал чарбасын өнүктүрүүгө шарт түзүлөт. Чарбага адистиги боюнча зоотехник А.П. Арятиков

директор болгон. Ал эми 1929-жылдын январь айынан тартып Жазыда, «Кызыл-Байрак», Мырза-Акеде Буденный атындагы колхоздор уюштурулган. Байлардын, кулактардын, манаптардын, динчил элементтердин колунан жер мамлекетке өткөрүлөт. Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин өкүлдөрү А. Чоцбаев, Ж.Тагаев райондук кызматчылар жана селолук кеңештердин кызматкерлери менен бирдикте элге түшүндүрмө берилип көп практикалык жардамдарды көрсөтүшкөн. Кыйынчылыктарда айыл чарбасын социалисттик жол менен кайра куруу боюнча жумушчулар табы бардык жардамдарын аяшкан жок. Аны жеңүү үчүн Өкмөт айыл чарба жумуштарына техникаларды жөнөтө баштаган. Кедейлер эгин оруучу машиналарды, соколорду алышкан.

Аталган жылдын жаз айларында Өзгөнгө «Фарзон» маркасындагы трактор биринчи жолу келип,



аны Өзгөндүк Э. Исматиллаев башкарып, Мырза-Аке кыштагына алып барган. Мындай техниканы көрбөгөн жергиликтүү калк абдан таңыркашып, Өзгөндөн Мырза-Акеге чейин ээрчип барышкан. Ал эми 1933-жылга



чейин кыштактарга трактордун 3-4 жаңы маркасы келген.

1929-жылдын 27-мартында партиянын райондук комитетинде райондук жетекчилердин кеңешмеси болот. Анда райкомдун 1-катчысы Боронбаев Кожомурат райондун аймагындагы кыштактарда коллективдештирүүнүн жүрүшү жөнүндө баяндама жасап, райондогу мекеме-уюмдарынын жетекчилерин жаңы башталышка элди тартуу боюнча командировкага бөлүштүрөт. Ушундай эле максатта 29-март күнү түш ченде базар аянтында (учурдагы Тынчтык универмагы) чогулуш башталып, аны райкомдун катчысы Боронбаев Кожомурат ачып, туташ коллективдештирүүгө өтүүнү түшүндүрүү боюнча баяндама жасоо үчүн райкомдун пропаганда жана агитация бөлүмүнүн башчысы Баракбаевге сөз берет. Ал чогулушка 1500 дөн ашуун эл катышат. Алардын көпчүлүгү атчандар болушкан. Баракбаев трибунада сүйлөп жатканда Салиахун деген уйгур анын мойнуна сыйыртмак салып, 500 метр жерге чейин ат менен сүйрөтөт. Базар тополоң болот. Баракбаевди сүйрөтүп келе жаткандыгын көрүп, милициянын кызматкери Ткаченко пистолет менен Салиахунду атат. Салиахун кармалып сот жообуна тартылат. Бул кыянатчылык чогулушка катышкан Бектемир байбатча баш болгон болуштар тарабынан уюштурулган. Эс учун билбеген Баракбаев ооруканада бир нече күн жатып айыгып чыгат.

Жумушчу дыйкан депутаттары тарабынан эски доор кулатылып, жаркыраган жаңы доор жаңыдан нурун таратып жатканына карабастан жергиликтүү бай-манаптар, басмачылар каршылык көрсөтүүлөрүн токтотушпайт. Азыркы Жазы айыл Өкмөтү анда Кара-Дыйкан аталчу. Ошол жердин кулуну Ж. Абдрасуловдун жетекчилиги менен курамы 24 кишиден турган революциялык комитет түзүлөт. Анын эли жерин коргогон, эрдиктери калыс бааланып, 1929 - 1931-жылдары Ош округдук аткаруу комитетинин эл бийлөө (милиция) бөлүмүнүн начальниги болгон.



*Төлөнбай Машрапов*

Төлөнбай Машрапов менен да жердештерибиз сыймыктанат. Анткени учурунда урпактар үчүн улуу иштерди жасагандыгын тарых барактары тастыктайт. Далил катары 1921-жылдын январь айында Олуя-Ата



революциялык комитети тарабынан чакырылган I курултайга катышкан. Анын басып өткөн бараандуу эмгектери эл тарабынан бааланып, Мырза-Акедеги мурдагы Коммунист орто мектебине ысымы берилген.

Өзгөн райондук жумушчу-дыйкан жана Кызыл-Армия депутаттарынын Кеңешинин аткаруу комитети 1930-жылы түзүлгөн. Өзгөн району уюшулганына байланыштуу районго жетекчилик кылууга райондук аткаруу комитети түзүлдү. Ар бир бөлүм милдеттерин аткарууга киришишти. Райондун чегинде бийликтин жогорку органы райондук Кеңеш болуп эсептелген. Бул жылдардын ичинде райондук аткаруу комитетинин төрагасы Осадчий болгон. Анын жетекчилиги менен аткаруу комитеттин заседаниелеринде кедей-дыйкандардын чогулуштарда кабыл алынган пландары талкууланып, бай-манаптарды тап катары кулакка тартуунун тизмелерин тактоо бардык сельсоветтерге жиберилген жана аларга катуу тапшырма берилген. 6-январь, 1932-жылы бир гана Покравка сельсовети боюнча чарбалардагы бай-манаптар, граждандык укуктары жөнүндөгү 20 арыз каралган. Жергиликтүү элдин салт-санаасын, улут кызыкчылыгын, тилин, динин түшүнбөгөн Осадчий райондун башкаруу кызматында турганда канча адамдын арыз-муңун калпыс текшерген.

1933-жылы АССР БАКи райондук аткаруу комитеттердин аппаратындагыларды шаар Кеңештер менен биргелешип иштөөнү тапшырган. 1929-жылдын ноябрь айында партиянын Борбордук Комитетинин Пленумунун «Колхоздук курулуштун жыйынтыгы жана мындан аркы милдеттери жөнүндө» деген резолюциясында: «Колхоздук системаны чыңдоодо бардык аракеттерди партиялык жетекчилердин күчү менен толуктоо зарыл, жакынкы айлардын ичинде колхоздорго машина, трактор станцияларына баш кошкон артеллдерге жана башкаларга 25 миңден кем

эмес уюштуруучу, жетиштүү саясий тажрыйбасы бар жумушчуларды жөнөтүү керек» деп жазылган.

Бул токтомдун негизинде Москва, Ленинград шаарларынан Кыргызстанга 219 киши келет, анын ичинен 85 киши түштүк кыргызстанга жөнөтүлөт. Алар райондор боюнча бөлүштүрлүп, Өзгөнгө райондук колхоз секциясынын инструктору болуп Москвалык Н.С. Сдобнов бекитилген. Аны менен кошо келишкен Бедов, Свердлов, Галкин, Криенко, Родичев, Савинкин, Капылов, Смирнов, Курятниковдор колхоздордо иштешип, тап душмандардын беттерин ачышкан.

Н.С. Сдобнов Москвада өзү менен бирге иштешкен кызматташ жолдошторуна мындай деп кат жолдогон:

«Биз сиздерден өкүл катарында жиберилгендер, эмгекчи дыйкандарды колхозго уюштуруу боюнча бардык чараларды колдонуп жатабыз. Дыйкандар жана орто дыйкандар биздин үнүбүздү толук угушуп, кубатташып жана өз ыктыярлары менен колхозго киришип, жазгы эгин себүүгө даярданып жатышат».

Өзгөн районунун аймагындагы кыштактарда колхоздорду уюштуруу 1931-жылы толук жүзөгө ашырылды. Райондо 150гө жакын колхоз уюштурулган.

Жарды-жалчылар коллективдүү чарбанын эл үчүн пайдалуулук маанисин акырындык менен түшүнүшүп, бара-бара оокаттуу күн көрө башташты.

Бирок, колхоздук түзүлүштү чындоодо тап душмандар ар кандай каршылыктарды көрсөткөндүгүнө карабастан колхозчулардын биримдиги артып, колхоздук түзүлүш чыңала берди. 1931-1932-жылдары кулактарды тап катары жоюу, алардын айрымдарын Украина, Өзбекстанга сүргүнгө айдоо, колхоздордун андан ары карай тоскоолсуз чыңдалышына шарт түздү. Өзгөн районунан 74 кожолук бай-манаптар, орто дыйкандар кулакка тартылган. Алардын арасында Өзгөн шаарынан Халдарбай Бадалбаев, Топчубай, Кандава кыштагынан Михаил Мозгунов, Төрт-Көлдөн Белек уулу Маматкадыр, Ийри-Суудан Айдаш,



НадырбаевЧынгара уулу Нуради менен сүргүнгө айдалган. Кулактарды тап катары жоюуда кээ бир каталыктар кетирилип көрө албастык жол менен өз оокаттарына тың, орто дыйкандар да жер которууга кириптер болушкан. Алардын көпчүлүгү кийинки кездерде реабилитацияланып (акталып) өздөрүнүн туулуп өскөн жерлерине келишкен.

1933-34-жылдары Куршаб, Жазы кыштактарында жана Өзгөн шаарында машина-трактор станциялары (МТС) уюшулгандан кийин эки жылдын ичинде саясий бөлүмдөр партиялык баштапкы уюмдар менен бирдикте колхоздук курулуштагы партиянын саясатын таратуучу чыныгы жарчыларынан болушкан.

1929-жылдын аягында партия менен Өкмөт туташ коллективдештирүүнүн негизинде кулактарды чектөө саясатына өтүү. Бул үчүн өлкөдө бардык шарттар жетилген эле. Колхоздор жогорку темп менен өсүп, ага орто дыйкандар кире баштаган.

Коллективдештирүүнү аяктоонун эң эле акыркы мөөнөтү болуп 1933-жыл белгиленди. Партиянын Борбордук Комитети колхоздук курулушка дыйкандардын өз ыктыяры менен кирүүлөрүнүн негизинде гана жүргүзүлүп, шашкалактык кулач жоюга тийиш эмес деп алдын-ала эскерткен.

Кыргызстан обкомунун II-Пленуму 1931-жылдын февраль айында республиканын 85 миң көчмөн жана жарым көчмөн чарбаларын отурукташтыруу планын иштеп чыккан. Кеңеш Өкмөтү Кыргызстанга зор жардам көрсөтүп, отурукташып жаткан колхозчуларга каражат менен курулуш материалдарын бөлүп берген. Көрүлгөн чаралардын натыйжасында Кыргызстанда 1931-жылы эле отурукташтырылган турмушка 700 миңден ашуун, ал эми 1933-жылдын аягында 50 000 ге жакын, Өзгөн районунда 150 колхоз уюшулган.

1931-1932-жылдарда партиянын Борбордук комитети коллективдештирүүнү андан ары өрчүтүү жана уюштурулган колхоздорду чыңдоо жөнүндө бир

катар токтомдорду кабыл алды. Борбордук комитет колхоздордо туруктуу бригадаларды түзүүнү, эмгекти эсепке алууну жана эмгек акы төлөөнү артелдик өндүрүштү өнүктүрүүдө колхозчулардын кызыгууларын жогорулатууну сунуш кылган.

Колхоздорду уюштуруу-чарбалык жактан чыңдоого багыттаган партия менен Өкмөттүн ири чараларынын бири машина-трактор станцияларынын (МТС) алдында саясий бөлүмдөрдү түздү. МТСтердин саясий бөлүмдөрүн түзүү жөнүндөгү чечим 1933-жылдагы Борбордук комитеттин январь пленуму тарабынан кабыл алынган.

Ошентип, райондун аймагында ар кандай тоскоолдуктарга карабастан колхоздук курулуш кулач жайып, элдин эмгекке болгон биримдиги чыңдала баштайт.



## ЭЛДИН ҮНҮ, МЕЗГИЛ КҮҮСҮ — ГЕЗИТ

Бирдиктүү аракеттер болгону менен билимсиз калкты күнүмдүк жаңылыктардан маалымат кылуу максатында коммунисттик партия бардык республикаларда улуттук газеталарды жана китеп басмаларын түзүүгө өзгөчө көңүл бура баштайт. 1924-жылы 6-февралдагы «Партиянын басма сөз жаатындагы бышкы милдеттери» деген токтомунда басма сөз бөлүмүнө Эл агартуу комиссариаты, борбордук жана жергиликтүү улуттук башкармалардын өкүлдөрү менен бирдикте жер-жерлерде калк кызыкчылыгына ылайык басма иштерин өнүктүрүүнүн чараларын иштеп чыгуу жагын тапшырган. «Басма сөз жана басма иштерине партиялык жетекчиликти күчөтүү жөнүндөгү» (1924-жылы—23-февраль) токтомунда коммунисттердин жана басма кызматкерлеринин көңүлүн чыгыш элдеринин өзгөчөлүгүнө ылайыкталган газеталарды түзүүгө, улуттук республикаларда жана областтарда жергиликтүү улуттардын тилинде окуу китептерин чыгарууга бурган. Ал эми 1924-жылы майда XIII курултайда «Басма сөздү жергиликтүү тилге өткөрүүнү айктоо, улуттук басма сөздүн нускасын көбөйтүү жана анын эл массасы менен байланышын күчөтүү зарылдыгын көрсөткөн.»

Кыргызстандын коммунистери жогорку чечимдерди жетекчиликке алып, республикада басма сөздү баарынан мурда улуттук басма сөздү түзүү боюнча кыйла иштерди жүргүздү. Кыргызстанда басма сөздү түзүү иши көптөгөн кыйынчылыктарды туудурду. Ал кезде полиграфист, журналист кадрлар жок эле. Каражат, кагаз жетишпестигине карабастан газета чыгарууга бардык күчтү жана мүмкүнчүлүктөрдү жумшашкан. Районубузда 1934-жылдын 15-июнунда «Ленин жолунун» (кийин «Ленин Туусу», «Эмгек Туусу», «Октябрь Туусу» учурдагы «Өзгөн Нуру» газетасынын) 1-санынын жарык көрүшү кечеги көчмөндөрдүн турмушуна жаңылык катары кеңири кире баштады. Жумушчу-дыйкан кабарчылардын кыймылы күч алды. Газета улуттук жазуунун башталышына негизги өбөлгө болгон. Райондо Совет бийлигин чыңдоодо «Ленин жолунун» ролу зор болду.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында «Ленин жолу» башка бардык мезгилдүү басма сөздөрдөй эле рухий күчтүү майдандын керектөөсү үчүн мобилизациялоо ишине активдүү катышты. Согуш жеңиштүү аяктагандан кийин социалисттик эл чарбасын өнүктүрүү жана бүлүнгөн эл чарбасын калыбына келтирүү иштерине, райондун партиялык уюмуна активдүү жардам көрсөттү. 1982-жылдары нускасы 11 миңге жеткен.

Райондук гезиттин заман нугуна жараша аталышы 5 жолу өзгөрүп, учурда «Өзгөн Нуру» деген заголовка менен жарык көрүүдө. Гезиттин жамааты жыл өткөн сайын адис журналисттер менен толукталууда. Анын элибиздин руханий дүйнөсүн байытууга кошкон салымы зор. Аталган гезиттин жарык көргөнүнө 64 жылдан ашуун мезгилдин ичинде райондун эмгекчилеринин



социалдык-экономикалык өнүгүшүн терең чагылдырып, айрым кемчиликтерди тайманбай сындап келет.



*«Өзгөн Нуру» гезитинин редактору Жолдошбай Анашов чыгармачыл жамаат менен*

Бул мезгилдин ичинде районубузда Ысмайыл Садыбаев, Абдулла Раимбеков, Жамшит Сатыбалдиев, Жумалы Турганов, Камыт Сатыбалдиев, Расулберди Мамытов, Баймурат Бектемиров, Бектемир Кедеев, Жолдошбай Анашов, Манас Жакыпов, Маматжусуп Кылыбеков, Ашим Жанболотов, маркумдар: Көкө Жолдошбаев, Жаныбек Тыныбеков, Манап Самтыров, Жолдошбек Сусунбаев сыяктуу калемгерлер такшалып өсүп СССР (азыркы Кыргызстан журналисттер Кошуунун) мүчөсү болуп калышты. Ысымдары аталган журналисттер райондун чарбаларынын экономикасынын өнүгүшүнө салымдарын кошушкан жана кошушууда.

Бүгүнкү күндө «Өзгөн Нурунда» өлкөбүздүн туңгуч Президенти Аскар Акаевдин демилгеси менен жүргүзүлүп жаткан реформалардын маани-маңызы жалпы эмгекчилерге кеңири чагылдырылууда.

Гезиттин алгачкы уюшулганынан ушул кезге чейинки редакторлору — Султанбеков, Турдубай Байсубанов, Камчыбек Мамашев, Разия Бакирова, Жаныбек Тыныбеков, Жолдош Ажыбаев, Жамшит Сатывалдиев, Турсунбай Мадраимов, Толтой Алдыраков, Мамыт Орозбаев, Бектемир Кедеев, Расулберди Маметов, Жолдошбай Анашов, Жаркын Темирбаева, Жолдошбай Анашовдор.

* * *

Ал эми радио уктуруу биздин райондо жана Ат-Башы, Жалал-Абад, Кочкор, Сүлүктү, Базар-Коргон, Нарын, Коргон-Төбө, Покровка, Гүлчө, Дмитриевка, Караванда 1932-жылы уюшулган.

* * *

Карапайым элдин руханий байлыктарын арттыруу үчүн Ош шаарында Ош музыкалык драм театрынын уюштурулушу Өзгөн районунун маданият жана



*Аттокур Базарбаев*



*Зулайка Акматова*

искусство тармагын өрчүтүүгө оң таасирин тийгизген. 1930-жылы ал театр К.Жантөшевдин «Алым менен Мария», «Колхоздогу күрөш» деген пьесаларын жана театрдын катышуучуларынын күчү менен ыр, обондор,



комуз жана кыяк күүлөрү, «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү айтышып, райондун кыштактарында жашагандарга оюн көрсөтүшкөн. Көңүл ачууга катышкан жаштар, кедейлер өз району үчүн оюн-шооктордун, кечелердин зарылдыгын өз ара талкуулашып сөз козгошот. Бул сыяктуу иштерге комсомолдор да активдүү катышышып, Оштогу областтык кыргыз драмалык театры көчүрүлүп келип иштей баштайт. Областтык драмалык театрда алгачкы кездерде Ф.Овчаров, кийинчерээк К.Тазабековдор директор болуп иштеген кездерде районубуздун элин маданий жактан тейлөө иштери жакшырып, айыл-кыштактарда клубдар, китепканалар курулуп, анда драмалар, ыр-бий топтору уюштурула баштайт. Баса, 1935-жылы Өзгөндө Өзгөн кыргыз драма театры ачылган. Алгачкы уюштуруучулары: Кыргыз ССРинин эл артисткасы А.Жанкорозова жана Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Н.Курманов. Театрда М.Токобаевдин «Кайгылуу Какей», К.Жантөшевдин «Карачач», «Дардаш», Д.Койчумановдун «Алай артында», Ж.Бөкөнбаевдин «Токтогул», К.Эшмамбетовдун «Саринжи» (режиссеру Н.Курманов), Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында К.Жантөшевдин «Оч», Т.Сыдыкбеков менен К.Рахматуллиндин «Манас менен Алмамбет» (режиссеру А.Жантемиров), согуштан кийин К.Маликов менен А.Куттубаевдин «Жаңыл», Р.Шукүрбековдун «Эки дос» (режиссеру К.Төлөбаев), А.Островскийдин «Сепсиз кыз» (режиссеру Г.Дрознесс) ж.б. спектаклдер коюлган. Группада Б.Шадыканов, ошол кезде Кыргыз ССРине эмгек сиңирген эл артисттери жубайлар (маркумдар) Аттокур Базарбаев, Зулайка Акматова, Ж.Сейдалиев, Т.Мамытов, А.Сатиев, М.Рыскелдинов, Н.Чокубаев, Т.Тапеков, Мокоев, Б.Мүсүралиева, Д.Койчуманов, А.Сатаров, К.Медетбеков, Б.Алиев, Э.Токтогулов, Р.Кемпирбаев ж.б. эмгектенишкен. Театр 1954-жылы Жалал-Абад шаарына көчүрүлүп, Токтогул Сатылганов атындагы Жалал-Абад облустук драм театрына айландырылган.

* * *

Калктын сабатсыздыгын жоюуда эл агартуу жана маданият Кыргызстандын Түндүк регионунда жана Ош шаарынын аймагына салыштырмалуу Өзгөн районунда кеч уюштурулган. Анткени, басмачылар тоскоолдук кылып турушкан. Айыл-кыштактарда сабатсыздыкты жоюуда мектептер менен мусулман мечиттери катарлаш иштей баштаган. 1927-31-жылдарга чейин колхоздоштуруу убагында мечиттерди элдин кызыкчылыгы үчүн мектеп жана колхоздордун кампасына пайдаланышкан. Ошол кездерде партия менен Совет Өкмөтү элдин сабатсыздыгын жоюуга бөтөнчө көңүл бурган. 1929-жылы 17-майда ВКП (б) БКнын «Сабатсыздыкты жоюу иштери жөнүндө» деген токтому кабыл алынып, Чыгыштагы бир катар Республикаларда сабатсыздыктардын көп экендигин баса көрсөтүү менен аны жоюу жөнүндөгү айкын милдеттерди белгилеген. Кабыл алынган токтомдордун негизинде Кыргыз АССРи өзүнүн II съездинде бул маселеге олуттуу көңүл буруп, сабатсыздыкты жоюу үчүн иштиктүү чараларды көргөн. Тактап айтканда, мугалимдерди даярдоо боюнча курстар ачылып, окуу куралдары, «Сабаттуу бол» аттуу газета чыгып, колхозчулардын кат таанып сабатсыздыктарын жоюсуна өбөлгө түзгөн. Өзгөн шаарында В.И.Ленин (азыркы Хамид Алымжан), Н.К.Крупская (азыркы Захриддин Мухаммад Бабур), И.В.Сталин (азыркы Алишер Навои), Карл Маркс (азыркы Амир Темир) мектептери, Өзгөн шаарында Фрунзе атындагы жана Кызыл-Дыйкан, Өзгөрүш, Бауман колхоздорунда алгачкы мектептер курулуп, милдеттүү түрдө башталгыч билим алуу мыйзамы турмушка аша баштаган. Ошондо өзгөчө билим берүү тармагында көп жыл эмгектенгендиги жана окуучуларга таалим-тарбиялык иштерди жогорку деңгээлде өткөндүгү үчүн 1940-жылы райондо алгачкылардан болуп Ильчевка 7 жылдык мектебинин



директору Тамара Постышева Ленин ордени жана шаардагы К.Е.Ворошилов атындагы орто мектебинин директору Х.Я.Алханов «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалы менен сыйланышкан.

Жылдар өткөн соң эл агартуу майданын тереңдетүү максатында 1940-жылы республикабызда латын алфавитинен орус алфавитине өтүшү, Союздук маанидеги элдин руханий байлыктарын өстүрүүгө бирдиктүү кенен жол ачкан.

* * *

Район алгач түптөлгөн мезгилде медицина илими өнүкпөгөндүктөн эл ичинде молдо, кожо, бакшы, элдик табып, бадикчилер, эмчи-домчулар, тамырчылар өкүм сүргөн. Алар диндик жол менен элдин башын айландырып, өздөрүнө ишендиришкен. Ошол убакта Аттокур, Баатырбек өңдүү тамырчылар, Аккыз, Канышай, Калмамат сыяктуу бакшылар далай элдин өмүрүнө диндик жол менен зыян келтиришкен.

Бирок жергебизде Совет бийлигинин жеңиши жогоруда айтылган жосунсуз жоруктарга тыюу салып, элдин жыргалчылыгы, адам баласынын саламатчылыгы үчүн медицинага кеңири жол ачылып, жогортон районго медициналык билими бар адамдар жиберилип, илимий негизде дарылоо колго алынган. 1925-28-жылдары Өзгөн шаарында, Куршаб, Мырза-Аке жана Кара-Дыйкан кыштактарында алгачкы ооруканалар курулуп, дарыгерлер Зафар Эгембердиев, О.Абдырахмановдор биринчилерден болуп элди медициналык илимий жол менен эмдей баштаган. Ал кезде ооруканалар бар болгону 15-20 койкалуу гана эле. Көп бир кыштактарда фельдшердик пункттар пайда болгон.

* * *

1937-жылы 12-мартта Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын Конститциясынын (негизги Законунун) СССР Конституциясынын

негизинде Кыргыз АССР Борбордук Аткаруу Комитетинин Конституциялык комиссиясы тарабынан түзүлгөн долбоору жарыяланды жана жалпы элдик талкууга коюлду. Конституцияны талкулоо элдин эң чоң саясий эмгектеги активдүүлүгүнүнүн кырдаалында өттү. Чогулуштарда, митингдерде, басма сөздөрдө Кеңештер өлкөсүнүн кубаттуулугун мындан ары да чыңдоого, Советтик Кыргызстандын чарбасында жана маданиятында жаңы ийгиликтерге жетишүү үчүн күрөшүүгө өздөрүнүн дайыма даяр тургандыктарын билдиришти.

1937-жылдын 20-мартында Кыргыз ССРинин Советтеринин чукул чакырылган бешинчи курултайында талкуулардын жыйынтыгын бекитти. Конституцияга ылайык Кыргыз ССРинин граждандарына төмөндөгү милдеттер: Кыргыз ССРинин Конституциясына, эмгек тартибин сактоо, закондорду орундоо, коомдук милдетке ак ниеттүүлүк менен мамиле кылуу, социалисттик жалпы жашоонун эрежелерин кадырлоо милдеттери жүктөлгөн. Советтик түзүлүштүн ыйык жана кол тийгис негизи Мекендин байлыгынын жана кубаттуулугунун булагы, бардык эмгекчилердин оокаттуу жана турмуштун булагы болгон коомдук социалисттик менчикти чыңдоодо жана сактоодо Кыргыз ССРинин граждандары милдеттүү. СССРдин куралдуу күчтөрүнүн катарларында аскердик кызматты аткаруу бардык советтик адамдар сыяктуу эле, Кыргыз ССРинин граждандарынын да ыйык милдети болуп саналат.



СССР Борбордук Аткаруу Комитетинин 1937-жылы 9-июндагы IV сессиясы «Жогорку Кеңешти шайлоолор жөнүндөгү» Жобону бекитүү жана 1937-жылдын 12-декабрь айын мамлекеттик бийликтин жогорку



*Мамат Нурбаев сессиянын катышуучулары менен*



*Мамат Нурбаев сессия учурунда*

органына шайлоо күнү деп белгиледи. Ошентип, бул күнү бүткүл элдик майрамга айланды. Биздин райондон Союз Советине Төрөбай Кулатов, жердешибиз ошол кездеги армияда кенже командирлик милдетти аткарып жүргөн Мамат Нурбаев Улуттар Советине депутат болуп шайланышкан.


Арадан бир жыл өтпөй 1938-жылдын 24-июнунда Кыргыз ССР Жогорку Кеңешине шайлоолор болуп, районубуздан кызыл-тоолук Мырзакарим Жунусахунов, Куршабдан Шамши Эгемжаров депутат болуп шайланышып, районубуздун экономикасынын жана маданиятынын өнүгүшүнө өздөрүнүн салымдарын кошушкан.

* * *

Ошентип, Кыргызстандын эли сыяктуу эле Өзгөн районунун эмгекчилери да өз аймагындагы өндүрүштүн бардык тармактарында жаңы ийгиликтерди камсыз кылуу талаптарын ашыра аткарууга белсемдүүлүк менен киришишти. Алар үчүнчү беш жылдыктын (1938-1942) тапшырмаларын мөөнөтүнөн мурда орундатуунун үстүндө талыкпай иштешкен.

* * *

1940-жылы Куршаптагы № 62-айыл чарба өндүрүшүндөгү электр жабдуулары жана ремонттоо боюнча электр монтеру, кеңири профилдеги тракторчу, машина менен уй саачуу ж.б. кесиптердеги кадрларды даярдоочу кесиптик-техникалык окуу жайы ачылган. Ошондон бери бул окуу жайды миңдеген бүтүрүүчүлөр аякташып, районубузга гана эмес, анын чегинен тышкары эл чарба тармактарында үзүрлүү эмгектенишүүдө. 1998-1999-окуу жылында да жүздөгөн окуучулар таалим-тарбия алышууда.





* * *

1940-жылы 13-мартта Кыргызстан Коммунисттик партиясынын IV съезди болду. Бул съезд көп иш каналардын жана өнөр жайдын бүтүндөй тармактарынын жумушундагы, колхоздордун жана совхоздордун ишиндеги олуттуу кемчиликтерди көрсөттү. Колхоздорду уюштуруу, чарбалык жактан чыңдоо, колхоздордо эмгек тартибин жогору көтөрүү, түшүмдү арттыруу сыяктуу жана башка мезгилдерге съезд олуттуу көңүл бурду. Жеке чарбаларды мындан ары колхоздорго тартуу иши улантылды. 1937-жылдан 1940-жылга чейинки мезгилдин ичинде коллективдештирилген чарбалар 89,1 пайыздан 98,9 пайызга чейин өскөн. ТОЗдордун бардыгы айыл чарба артелине көчүрүлдү. Эгерде 1938-жылы май айында 512 ТОЗ болсо, 1940-жылдын башында төрт гана ТОЗ калган. Демек, бул мелзгилде биздин райондо колхоздоштуруу аяктап, колхозчулар чарбанын байлыгын арттыруу үчүн өз салымдарын кошуп жатышкан.

* * *

Ошол кездин улуу курулушу болуп эсептелген узундугу 70 километрге созулган Отуз-Адыр каналынын курулушу 1941-жылдын башында башталган. Мында өзгөчө белгилей кете турган нерсе - ушунчалык чоң курулуштун бардык иши кол күчү менен бүткөрүлгөндүгүндө. Аны курууга биздин кужүрмөн ата-энелерибиз, ага-жеңелерибиздин катышкандыгында. Биз бул каналдын суусун ичпесек да аны курууга катышып, жигердүүлүк менен иштегени тууралуу улуу муундардын өз оздорунан укканыбызга сыймыктанабыз. Мунун өзү техникасы жок мезгилде каналдын аты айтып тургандай ашуума-ашуу бел ашкан уникалдуу каналды кетмен, күрөк, чукулдук (кайло) менен казып, топурагын сумбал капка салып, аркасына көтөрүп ташыган улуу муундардын кужүрмөн иштерине сыймыктанабыз.

* * *

Райондун колхоздорунда айыл жана мал чарбасын өнүктүрүү боюнча күрөш күч алды. Колхозчу дыйкандар дан эгиндеринин, пахтанын түшүмүн жогорулатуу үчүн эки эселенген кайраттуулукта иштешти. Мал чарбасын өстүрүү жана алардын азык-түлүктүлүгүн өнүктүрүүдө жакшы натыйжалар жаралды. Асыл тукум жылкыларды өстүрүүдөгү эмгеги жогору бааланып 1936-жылы районубузда биринчи жолу эң жогорку сыйлык — Ленин орденине татыктуу болгон Василий Яковлевич Ишин жылкынын «Новый Мир» тукумун өстүргөн.

* * *

СССР Эл Комиссарлар Советинин жана ВКП (б) Борбордук Комитетинин 1939-жылдын 3-июлундагы «Колхоздордо мал чарбачылыкты өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндөгү» токтомун орундатуу үчүн күрөш күч алды. Натыйжада жылдын жыйынтыгында мамлекеттик план ашыра аткарылды.

Бүткүл Совет элиндей эле социалисттик коомдун өнүгүшүнүн кыймылдаткыч күчү — элдердин досутугу, моралдык саясий-биримдиги советтик патриотизмди өрчүтүп, чыңдоодо районубуздун эли баа жеткис салымдарын кошушту. Бүткүл өлкө сыяктуу эле адамдардын бак-таалайы жана тынчтыгы үчүн бардык күчтөрүн жумшашып эмгектенишкен.



# Үчүнчү бөлүк



## БЕРЛИНДИ БЕШИКТЕГИЛЕР БИЛГЕН

СССР өлкөсүнүн чарбалык коргонуу кубатын күчөтүү, ошону менен бирге мамлекеттик жана эмгек тартибин чыңдоо максатында СССР Жогорку Советинин Президиуму 1940-жылы июнда жети күндүк жумушчу жумасына өтүү жөнүндөгү, жумушчулардын жана кызматчылардын ишканалардан жана мекемелерден өз бетинче кетип калышына тыюу салуу жөнүндөгү өлкөнүн мамлекеттик эмгек резервдери жөнүндөгү маанилүү Указдары кабыл алынды.

«Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет» дегендей 1941-жылдын 22-июнунда фашисттик германиянын жана анын союздаштарынын аскерлери 200 дивизиядан көбүрөөк аскерлери менен Советтер Союзуна убадасын бузуп согуш жарыялайт. Капыстан кол салууну күтпөгөн советтик тарап кыйла түйшөлөт. Биздин кызыл кыраан баатырлар бардык ишти колго алып, чыңдалып, душманга карама-каршы тайманбас чабуулга өтүшөт. Кантсе да өлкөдө эң кыйын абал болгондуктан жана басып кирген душманга сокку берүүгө элдин бардык күчүн тездик менен багыттоого өкмөт бир катар чарларды көрдү. 1941-жылдын 30-июнунда СССР Жогорку Советинин Президиумунун, ВКП (б) БКнын жана ССР Эл Комиссарлар Советинин чечими боюнча



Мамлекеттик коргоо Комитети түзүлөт. Бул Комитеттин колуна өлкөнүн бардык согуштук, саясий жана чарбалык жетекчилиги өттү. Мамлекеттик коргоо Комитетинин курамына И.В.Сталин (төрага) Н.А.Булганин, Н.Л.Вознеский, К.Е.Ворошилов, Л.М.Каганович, Г.М.Маленков, В.М.Молотов киришти.

Бул комитет немецтик-фашисттик баскынчылардын ташын талкан кылууга көп улуттуу Совет элин көтөрдү. Буга шыктанган СССРдеги жашаган бардык элдер гитлердик баскынчыларга каршы күрөшүүгө бир ой-пикирде аттанышты. Бардык советтик республикалар боюнча социалисттик Ата Мекенинин көз каранды эместиги, эркиндиги жана ар намысы үчүн көп эл катышкан митингдер уюштурулду. Ал митингдерде миңдеген жумушчу-колхозчулар жана интеллигенция «Бизди согушуп жаткан армиянын катарына жибергиле, өз ыктыярыбыз менен барабыз» — деп аскер комиссариатына арыз менен кайрылышкан.

Бул күжүрмөн чакырык бардык улуттардай жана элдердей эле кыргызстандыктарды да эмгек майданында эрдиктерди көрсөтүүгө шыктандырып, биздин адилет максатыбыздын жеңип чыгуусуна аларды бекем ишендирди.

Буга жооп катары Өзгөн районунун патриоттору өз ыктыяры менен колдоруна курал алып, Советтик Армиянын жана Согуш Деңиз флотуна аттанышкан. Биздин районубуздун окумуштуулары, иженер-техникалык кызматкерлери, ойлоп табуучулары ошондой оор мезгилде согуштук өндүрүштү уюштуруунун эң татаал проблемаларын билгичтик жана чыгармачылык менен чечип турушту. Илимди жана техниканы алга жылдырууга зор салымдарын кошушту.

Кыйындык шартка карабай республикабыздын 20 илим-изилдөө. мекемелеринин жамааты талыкпай иштешти. Алар коргоо, өнөр жайы үчүн эң зарыл болгон жер астындагы пайдалуу кендердин запасын табуу жана ачууга бардык күчтөрүн сарпташты. Геологдор

согуштун үч жылынын ичинде 300дөн ашык геологиялык-чалгындоо экспедициясын уюштурушуп, көп кендерди таап, каттап-эсепке алышты. Ошолордун ичинен Өзгөн таш көмүр бассейнинин ачуунун мааниси өзгөчө баалуу болду. Бул бассейнде Орто Азия республикалары гана эмес, бүтүндөй СССРдин металлургиялык өнөр жайлары үчүн баалуу сырье болгон кокс таш көмүрү чыкты.

Улуу Ата Мекендик согуш күч алып, ооруктa ишке жарактуу эр бүлө аз калганына карабастан, элдин бир үй-бүлөдөй биримдүүлүгүнүн натыйжасында Большевик айылында «Ак-Жар» гидроэлектростанциясы курулуп бүтүп, алгачкы Ильич шамы жанып, жашоочуларды керосин чырагынан куткарды.

Согуш башталганда Совет Өкмөтүнүн жетекчилери эл чарбасын согуштук абалга келтирип, кайра түзө баштады. Натыйжада бардык иш фронттун таламдарына, душманды жер менен жексен кылууга майданга катышкандарды курал-жарак ок-дары менен жабдып, Кызыл Аскерлерди резервдер менен үзгүлтүксүз камсыздап турууга багытталды.

Фронт күч алган сайын Батыштан Күн Чыгыш жакка адамдарды, өнөр-жай ишканаларын, транспорт жабдууларын, малдарды, товар жана азык-түлүк запастарын колхоз-совхоз, МТС жана башка советтик мекемелердин мүлктөрүн көчүрүп (эвакуациялап) келди.

Башына мындай мүшкүл иш түшкөн инсандарды биздин райондун эли кучак жайып, бир туугандардай мээрим менен тосуп алышты. Колдо болгон дараметин көрсөтүп, үй-жайларынан орун беришти. Азык-түлүктөрүн тең бөлүшүп, кызмат менен камсыздоого көмөктөштү. Сөзүбүз куру болбосун үчүн далилге өтөлү. Жазы айыл Өкмөтүндө жашоочу, Кыргызстан журналисттер кошунунун мүчөсү, ардагер Жумалы Турганов Керсипов Марзбек деген кавказдык чечен улутундагы өспүрүмдүн жаш экенине карабастан анын өгөй атасы Кулу, агасы Хусейин жана алардын үй-



бүлөсүнө колдон келген жардамын көрсөткөнүн алар ушул күнгө чейин эстеринен чыгарышпай, учурдун кыйынчылыгына карабастан бири-биринен кабар алышып, каттанып турушканын жети атасы эмес, жетимиш аталары тааныш эмес эки элдин өкүлдөрү кыйынчылык мезгилде бирине-бири өдөөдө өбөк, ылдыйда жөлөк экенинин айкын белгиси. Баса, Марзбек агасы Хусейн экөө 1998-жылы да Жумалыныкына келип учурашып кеткен.

* * *

Партиялык, комсомолдук, советтик жана коргонуу уюмдарынан Кызыл Армия жана Аскер-Деңиз Флотунун кужурмөндөрүнө аскердик ишке жакшы үйрөтүлгөн кадрларды даярдоону талап кылган СССР мамлекеттик коргонуу комитети 1941-жылдын 17-сентябрында СССРдин аскерге жарактуу бардык граждандарын аскердик ишке үйрөтүү жөнүндөгү токтомунда 16дан 50 жашка чейинкилерди жөндөмдүү болууну, Мекендин ар бир патриотторуна милдеттендирип, Кызыл-Армиянын катарына жакшы даярдыкта барууну тапшырды. Комитеттин биринчи майдагы буйругу бүткүл элди Кызыл-Армиянын кубаттуу резерви болууга чакырды. Райондо согуштун бир жарым жылында жалпы аскердик окууга аскерге милдеттүүлөрдүн 70 пайызы, анын ичинен коммунисттер жана комсомолдор 35 пайызын түзгөн.

Райондо атайын аскердик кадрларды даярдоонун планы аткарылган. Пулеметчуларды даярдоо — 100, душмандын танктарын кыйратуу — 125, артиллеристтер — 112, снайперчилер — 220, аткычтар — 100 пайызга аткарылган. Район боюнча 500дөн ашык аскер кадрлары даярдалган Осовиахим тарабынан — аткыч аскерлер — 328 адам, ворошиловчу аткычтар — 248 адам жана ворошиловчу атчандар — 29 адам жана башка адистиктерге 205 адам даярдалган. Ошондой эле Кызыл Армияга санитардык кадрларды даярдоонун планы да аткарылган. Запастагы медсестралардан 30, санитардык дружиначылардан 65и даяр болгон.

1948-жылы Өзгөн районунда жашашкан уйгурлар Рустамов Маматахун, Ворисов Турдахун, Аширов Зайдунахун, Алибаев Шарипахун, Айсаев Исламахун, Таиров Ниязахун, Тохтакунов Хажахун, Асамудинов Алиахун, Курбанов Бешерахун, Турдуев Илясахун — бардыгы 10 уйгур. Мамлекеттик коргонуу комитетинин төрагасына, төмөндөгүдөй телеграмма жиберишкен:

«Биз Кыргыз ССРнин Ош облусунун Өзгөн районунда жашаганыбыз менен Кытай поданнайы болгондуктан фашисттик баскынчылар менен согушуп өч алууга акыбыз жок. Ошондуктан, биз экинчи Ата Мекенибизди гитлердик жырткычтардан сактап калууга тайманбас баатыр Кызыл Аскерлерди шыктандырып күчүнө-күч, кубатына-кубат кошуу үчүн өз эсебибизден танк колоннасына 450 миң сом топтоп жөнөттүк. Ушул каражатка «Уйгурец» танкын куруп, кан ичкич канкорлорду жер жүзүнөн жексен кылууга жумшоонузду өтүнөбүз».

Ушундай эле телеграмманы райондук керек-жарак союзунунун жамааты радиодон акыркы кабарды угуп, Советтик Кызыл Армия гитлерчилер басып алган шаар-кыштактарды бошотууда тайманбас эрдик көрсөткөндүгүнө шыктанышып, сарамжалдап жыйнаган акчаларынан Өзгөн сельпосунун төрагасы Рахимов 15 миң, Кавырков 12 миң, магазин башчылары Тахиров 10 миң, Черненко 2 миң, Темиров 3 миң сом жөнөтүшкөн. Акча жыйноо улантылып жатканын билдиришип, ушул каражатка «Кооператор» танкын куруу үчүн фронтко салым кошушкан.

Ошондой эле «Новый Мир» колхозунун карыя-колхозчусу Никонор Иванович Мурашкин улгайгандыгына карабастан фронтко танк жасоо үчүн танкалык колоннага өз каражатынан жүз миң сом, Карл Маркс атындагы колхоздон Омурзакова Зулфия 130 миң сом, Сидоров атындагы колхоздон Суранбүбү Ибраимова 105 миң сом, Өзгөн шаарынан Абиджан Абдрахимов 50 миң сом, Калинин атындагы колхоздон Чидер Маткаримов 100 миң сом беришкен. Жеңишти тездетүүгө өз үлүштөрүн кошкондордун тобуна «Кызыл Сеңир» колхозунан Жодошев Полотту, ошол кезде райондук эл соту болуп иштеген Жолдошбаевди жана жүздөгөн атуулдарды кошууга болот.

Жогоруда аттары аталгандар өлкөнү душмандан сактап калышына кошкон зор салымдары үчүн СССР Коргоо Комитетинин төрагасынан ар бири жекече куттуктоо катын алууга татыктуу болушкан.

Ошондой эле райондун эмгекчилери согуш майданында баскынчы-желдеттер менен баатырларча кармашып жатышкан Кызыл Аскерлерге 7315 сом акча, эгиш жумуртка, күрүч, май, эт, мөмө-жемиш, кант, бал, жүн, торпок, эчки, кой, жылкы ар түрдүү өлчөмдөгү байпак, наски, кездеме, шейшеп, сүлгү, балдардын кийим-кечелерин жана самын жөнөтүшкөн.


Партиянын Ош обкомуна 15-март, 1942-жылы жазган Партиянын Өзгөн райондук комитети менен райаткомдун докладдык катында биздин районго көчүрүлүп (эвакуация) келгендерден Каменская Ильчевка сельсоветине катчы болуп 85 сом айлык алары аны менен үй-бүлөөсүндөгү 5 адамды багаары, үй менен камсыз болгондугу баяндалган. Буга чейин Ильчевка сельсоветинин төрагасы болуп иштеп келген Корякина саламаттыкты сактоонун райондун бөлүмүнө башчы болгону, үй берилгени, Шилов «Красный Маяк» колхозуна бригадир, аялы бала бакчага башчы, кенже лейтенант Тагаев айыл-чарба бөлүмүнүн кой чарба адистигине орношконун билдиришкен. Бул докладдык катта айрым жерлерде кемчиликтер келтирилгени

анын четтетүүнүн чаралары көрүлүп жаткандыгы жазылган.

1941-45-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушка районубуздан 7147 жоокер чакырылган. Алардын арасынан кандуу согуштун жүрүшүндө 2744 жоокер эрдик көрсөтүшүп, курман болуп, согуш бүткөндөн кийин өздөрүнүн туулуп өскөн жерлерине 4403 жердештерибиз кайтып келишкен.

Баса, ажал отуна көкүрөктөрүн тосушуп, эрдик көрсөткөн жердештерибиздин басып өткөн байсалдуу жолдорун тарых барактары тастыктоодо. Ошондуктан, баатырлар жөнүндө баян куруууну да эп көрдүк.

# АЛТЫН ЖЫЛДЫЗДУУЛАР





# ИВАН СЕМЕНОВИЧ РЕШЕТНИК

1924-жылы туулган. Анын балалык кези Куршап айылында өткөн. Атасы Семен Михайлович граждандык согушка катышкан. Иван Решетник жашы 18ге толо электе өз ыктыяры менен 1941-жылы армиянын катарына чакырылып, Улуу Ата Мекендик согуштун кандуу майданында 1941-жылдын июнь айынан согуш аяктаганга чейин, ал эми аскердик кызматта өмүрүнүн аягына чейин кызмат өтөгөн. Ал согуш мезгилинде Воронеж фронтунун 309-аткычтар дивизиясында болуп, Днепр дарыясын душмандын тоскоолдугуна карабай кармашууда өзгөчө баатырдык көрсөткөн.

...Иван Решетник жетектеген пулеметтук взводго кужурмөн жана өтө жооптуу тапшырма — душмандан траншейди колго алуу эле. Командир траншейди кантип ээлөөнүн планын өтө билгичтик менен иштеп чыгып, ага баруучу жол адырлуу жана суу, жар болгондуктан, капысынан сокку уруп, траншейди алууга ыңгайлуу караңгы түшөөрдү күткөн жоокерлер, түн кирээри менен тымызын алга жыла баштаашты. Бир нече жоокерлерди жар оозунда резервге калтырып, калгандары шырп алдырбай барып, туюнтпай сокку уруп, траншейди ээлөөгө киришишти... Кармашууда жоокер Гороленко Гопонюк, Шевченко жана



# МАМАСАЛЫ ТЕШЕБАЕВ

1923-жылы дыйкандын үй-бүлөсүндө, азыркы Кызыл Октябрь айыл Өкмөтүнө караштуу Тогуз-Булак айылында төрөлгөн. Жаштайынан ата-энесинен эрте ажыраган Мамасалы «Кызыл Октябрь» колхозунда колхозчу болуп, жер айдаган тракторчуларга суу ташып берүү менен өзүнүн эмгек жолун баштаган.

Мына ошентип, жаштайынан ата жолун жолдоп, жерин, элин сүйгөн, келечекте жерден жыл сайын мол түшүм алууга максат койгон. 1942-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылат. Кыска мөөнөттүү машыгууну бүтүрүп, артиллерияга наводчик болот...

Мамасалынын кан майданда эр жүрөктүүлүк аракети 1943-жылдын сентябрында Украинанын Коневс районунун Пекари селосуна жакынкы жерде катуу салгылашуудан башталат. Бир топ даярдыктардан кийин замбиректердин тынымсыз аткылоолорун жоокер Мамасалынын подразделениеси Днепрдин оң жак жээгин ээлөөгө бүт батальондун өтүшүнө жол ачуу милдети турган. 667 аткычтар полкунун командири полковник Андреев, ошону менен бир катар 218 - Ромадан дивизиянын командири полковник Скляренко буйруктун так аткарылышы бүтүндөй ири операциянын ийгилигин камсыздоо экендигин кайталады. Душмандын коргонуу позициясы өтө күчтүү болгондуктан, артиллеристтер күн-түн дебей тынымсыз ок жаадырып турууга аргасыз эле. Эки сутка бою



артиллериядан үзгүлтүксүз ок атылып тургандыктан снаряд түгөнүп, аркы өйүздөн снаряддын убагында келбестен, солдаттар кемени чыдамсыздык менен күтүшүп жатты. Акыркы 25-26-сентябрь күндөрү бүтүндөй батальон коркунучтуу душмандын курчоосунда калып жок болуу абалында калышты. Душман десант түшүрүү менен биздин батальондун полк жана дивизия менен болгон байланышын үзүп салды...

Көп солдаттар жоготууга учураганда подполковник Андреев 26- сентябрь күнү күүгүм талаш дарыянын оң жээгине снаряддарды жеткирүүгө үлгүрдү. Мамасалынын «Снаряддар» деген кубанычтуу сөзү оозмо-ооз траншеядагыларга тарады... Душмандын 6 жолку каршы чабуулунун мизин кайтарган жана ок-дары жүктөлгөн машинаны жок кылып, тирүү калган Мамасалы жалгыз өзү түн бою кайыктан снаряд ташуу менен душманга таң азандан артиллериянын огун кайра жаадырды. Анын айланасындагы замбиректин огунан бети-башы жараланган, онтогон айрымдары багынып колдорун көтөрүшүп, оозуна келгенин айтып жөөлүгөн немец солдаттарын кароого үлгүрбөй турганда, өлүмүш болуп жаткан фашисттик солдат автоматын Мамасалыга жана өтүп бараткан биздин солдаттарга карата басаарда аны беш атардын найзасын жүрөгүнө бышып, экинчисин мылтыктын кундагы менен жыга чаап, үчүнчүсүн тапмай атып жерге сулатты.

Мамасалынын душманды жек көрүүсү, кыжырдануусу, айланадагы замбиректерден атылган октордун, танкалардын кулак түюндурган катуу добуштары эч бир сезилбегендей ал өзүнүн алдында бир гана душманды жок кылуу максатын койду.

Мамасалы Тешебев Воронеж, 1-Украина жана Беларус фронтторунда кызмат өтөп, кандуу салгылашууларга катышты. Эрдиги, баатырдыгы жана күжүрмөн артиллерист катары Днепрди жарып өтүүдөгү анын оң жээк плацдармын кармап туруудагы өзгөчөлүгү үчүн 1944-жылдын 3-июлунда ага Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилген.

Кийинки кездерде ал Киев, Житомир, Гомел шаарларын бошотууга катышкан. Советтик Армиянын катарынан 1947-жылы демобилизацияланып өзү туулуп өскөн айылына келип, андан кийин жаңы уюштурулган «Отуз-Адыр» пахтачылык совхозунда директордун орун басары, бөлүм башчысы, кийин ден соолугуна байланыштуу мурдагы мурапчылык милдеттерин аткарып турду.

Элибиздин келечеги үчүн өзүнүн өмүрүн, ден соолугун аябаган Баатыр жердешибиз дүйнөдөн кайтты. Анын 5 уул, 1 кызы Баатыр атасынын ишин улантып, түрдүү кесиптин ээлери. Баатырдын өзү өлсө да, анын даңкы өлбөйт. Анын ысмы өзү туулуп өскөн Кызыл-Октябрь айылында уюштурулган бак совхозуна жана айылдагы орто мектепке коюлган. Мектепте Баатырга арналган атайын музейи уюштурулган.





## ОСМОН ЖАКЫПОВ

1911-жылы Өзбекстандын Анжиян областынын [illegible] районунун Найман айылында мугалимдин үй бүлөсүндө төрөлгөн. 1926-жылы тууган-туушкандары менен Өзгөн районунун Тогуз-Булак айылына көчүп келишкен. Улуту кыргыз, «Кызыл-Октябрь» колхозун уюштурууга активдүү катышкан. 1940-41-жылдары комсомолдук чакырык боюнча «Отуз-Адыр» каналынын курулушунда иштеген.

Советтик Армиянын катарына 1941-жылдын декабрь айында чакырылган. Осмон Жакыповдун фашисттик баскынчылар менен болгон салгылашуусу жана анын кайталангыс эрдиктери 1-Прибалтика фронтунун 67-аткычтар дивизиясынын 201-гвардиялык полкунда башталган.

1944-жылдын жай күндөрү өлкөбүздүн таанымал жана көрүнүктүү аскер башчылары Г.К.Жуков жана А.М.Василевскийлер тарабынан уюштурулган «Багратион» операциясы адегенде душманды изилдөө, үйрөнүү сорушу менен башталды. Фашисттердин чыңдалган үйүү Витебский областынын Сиротино-Орша райондорунун аймагы аркылуу чабуулга өтөт. Бул орчундуу жана жооптуу тапшырманы 67-аткычтар дивизиясы аткарууга киришет. Андагы 201-гвардиялык аткычтар полкунун негизги максаты — операциянын жеңиши, Белоруссиянын Орехи селосундагы душмандарды жок кылуудан башталат.

Полк чабуулга өтөт. Мында гвардия ефрейтору Осмон Жакыпов өзүнүн тактыгы, жүрөктүүлүгү жана ыкчамдыгы менен жолдошторунун көңүлүн дайыма өзүнө буруп турган. Душмандын траншейин ээлөө баарынан да кимдин тез жана ыкчамдыгы, демилгелүүлүгү аркылуу чечилери белгилүү. Осмон алгачкылардан болуп душмандын траншейине түшөт. Автоматы менен адегенде алды жагын заматта онго анан солго бурулуп, душманына ажал отун чачып жатты. Мындай учурда көз ирмемде капарсыз калсаң душман сени соолутары бышык. Андан соң экинчи траншейге өтүп, мурдагыдай кужурмөдүүлүк аракеттерин улантып автоматтын дискасын алмаштырууга чейин анын кундагы да ишке жарап, фашисттер кол көтөрүүгө аргасыз болушат. Улам алга карай умтулуу... Осмондун байкоосунда ДЗОтту кезеги менен ар бир кыймылды мээлөөгө алып, биздин жоокерлерди четтен терип жаткандыгынан улам чыдамсызданган ал анын өзүнүн взвод командирине: «Жолдош командир, мага уруксат бериң?» - деп сураганда көп алыс эмес жердеги командир: «Шашпа!..» деди. Көп убакыт өтпөй Осмондун экинчи өтүнүчүнө жооп кылып взводдун командири «Шашпа!» деген сөзүн кайталады. Осмон Жакыпов командиринин гранаталарды камдап жатканын көрүп, өзүнчө «Шашпа, шашпа» - деген сөзүн кайталап душмандын ДЗОтунун ажал отун чачып жаткан амбуразурасы жакын жерде экенин байкагандан кийин ал жайгашкан дөбөчөгө жылып барып, өзүн бир аз токтотуп байланган граната тобун ажал отун бүркүп жаткан тешикке ыргытты... Дзоттон ок атуу токтолду. Осмон Жакыпов фашисттик солдаттар менен кармашууну улантып, автоматынын дискасын алмаштырып жатканда көкүрөгү ысый түшүп, эки-үч кадам алга жылды да жыгылды... Мына ошентип, жоокер Осмон Жакыпов жер кучактап, жеңил үшкүрүп алды...

Анын эрдиги 1944-жылдын 22-июлунда ал курман болгондон кийин жогору бааланып Советтер Союзунун Баатыры деген сыймыктуу наамды ыйгарды.

Баатырдын наамы менен Өзгөн районундагы Тогуз-Булак айылынын бир көчөсү жана Кызыл-Октябрь айылындагы орто мектептин аты аталган.





## КАЛАШНИКОВ НИКОЛАЙ СЕМЕНОВИЧ

Батальондун командири, жердешибиз 1913-жылы туулган, адистиги боюнча Куршабдагы Ленин атындагы колхоздо зоотехник болуп иштеп туруп, 1935-жылы Советтик Армиянын катарына чыкырылган.Ташкент шаарындагы аскердик окуу жайын 1942-жылы, Москвадагы Фрунзе атындагы аскердик Академияны бүтүп ошол жылы майданга аттанган. Фронтто капитандык чин менен 543-аткычтар полкунда штабдын начальниги болуп, автоматчылардын командири гвардиялык майор аскердик наам менен 3-Белоруссиялык өзгөчө фронтто чыныгы командирлик жөндөмдүүлүгүн көргөзгөн.

Николай Калашников 3-Белорус фронтундагы кужурмөн аракеттери,өзгөчө 1944-жылдын 24-27-июнундагы Селец-Бобр районундагы душмандар менен кужурмөн кармашууда чыныгы эр жүрөктүүлүктү, аскердик жетекчиликтин мыкты ыкмаларын колдонуп, баатырлыктын үлгүсүн көрсөттү.

Анын батальону тайманбастык менен душманды чегиндирип, Селец-Смоляны, Толочин, Бобр багыттары боюнча улам алга жүрүп душмандарды кыйратты жана алардын техникасын зор жоготууларга учуратты.Бул кармашууда Калашниковдун батальону 2000ден ашуун душмандын солдат, офицерлерин, 190 автомашинасын,


жүк жүктөлгөн 500 автомашиналарын,өзү жүрүүчү 5 замбирек,35 бронетранспортерлорун, 2 танкага каршы батерейин көптөгөн курал-жарак складдарын олжого алды.

Андан кийин 19- таңкалык бригада менен Калашниковдун батальону душмандын Оршанский группировкасын жок кылууга командачыдан буйрук алып, Москва-Минск багытындагы темир жол жана автотрассасы бөгөлгөн соң чындалган темир жол станциясы менен Толочин шаарын ээлөөгө багыт алышкан.

1944-жылдын 30-июнунда алар Борисова шаарынын түштүгүндөгү Березина дарыясынын жээгин салгылашуунун натыйжасында бекемдеп, бардык артиллериялык жана минометтук аткылоо менен күн-түн дебей сол жээкти алууга умтулуп жатышты. Батальондун командири Н.Калашников офицер жана солдаттарга кайрылып: «Кымбаттуу жолдштор! Биздин батальондун жоокерлери Березина дарыясын алгачкылардан болуп жарып өтүп жеңишти камсыздоо жөнүндө буйрук алдык. Бул биз үчүн чоң ишеним жана сыймык» —деди.

Ошол жылдын 14-августунда Каунас шаарынын түндүгүндөгү салгылашууда курман болду. Н.С. Калашниковго СССР Жогорку Советинин Президимунун Указы менен курман болгондон кийин 1945-жылдын 24-мартында Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилди. Анын сөөгү Каунас шаарындагы Витовта паркына коюлган.





## ЦАРЕНКО ЛАВЕРЕНТИЙ ИВАНОВИЧ

Кужүрмөн жоокер Өзгөн районунун Куршап айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө 1914-жылы туулган, улуту украин Улуу Ата Мекендик согушка аттанганга чейин Куршаптагы «Путь Ленина» колхозунда тракторист, шофер кийинки жылдары Куршап МТСинде улуу механик болуп иштеген. Лаверентийдин атасы Иван Царенко Улуу Октябрь революциясына чейин эле Россиядан Кыргызстанга көчүп келген. Ал көп балалуу болгон. Ловерентий турмуштун оор абалын өз көзү менен көрүп, Кыргызстандын түштүгүндөгү өзгөчө Фергана өрөөнүдөгү ак гвардиячылардын жана басмачылардын тынч жаткан элди талап-тоноп алардын жашоо шарттарына көп кыйынчылыктарды келтрилгендигин, өзгөчө Көршерматтын, падыша Николайдын, залим полковник Монстровдун, Мадаминбектин элди өлтүргөндүгүн жаш болсо да жакшы билген. Алардын мындай адилетсиз жоруктары Лаверентий Царенконун өзүнүн туулуп өскөн жерин дагы да көбүрөөк сүйүүгө аны ар кандай душмандардан дайыма коргоого даяр болуу сезимин ойготкон.

1933-36-жылдары италиялык жана немецтик фашисттер баш көтөрүштү. Абиссиния жана Испаниянын шаар жана айылдарында фашисттик кара мүртөздөрдүн алгачкы жортуулдары башталды.

1937-жылдын октябрь айында Лавентерий Царенко Советтик Армиянын катарына чакырылып, адегенде армиялык кызматты Ташкент шаарында өтөдү. 1937-38-жылдары Орто Азиялык аскер округунун 123-оор артиллериялык полкунда курсант кезинде эң жакшы окуу менен үлгүлүү кызмат өтөдү.

Улуу Ата Мекендик Согуш башталаар алдында демоблизацияланып туулуп, өскөн жерине келип Куршап МТСинде автомеханик, мастерскойдун башчысы, улуу механик болуп иштеп турганда капысынан башталган согушту уккан Лаверентий Царенко талаада иштеп жаткан жеринен аскер комиссариатына келип, тезинен өз каалоосу менен фронтко жөнөтүүсүн өтүнөт.

1942-1943-жылдары Чирчик шаарындагы Харьковдук танкалык окуу жайында курсант, 1944-жылы кенже лейтенант, запастагы 5-танкалык полкко андан кийин фронттогу 7-механикалаштырылган бригаданын 43-гвардиялык танкалык полкунун «Т-34» танкына командирлигине дайындалды. Ал эми 1945-жылдан ошол эле 7-Шяулялык механикалаштырылган танкалык бригаданын рота командирлигине көтөрүлөт.

1943-жылдын 17-августунда 3-гвардиялык механикалык корпустун жоокерлери душмандын Ахтырь багытындагы салгылашууга катышат. Бул айыгышкан салгылашуу тууралуу жазуучу А.М.Самсонов өзүнүн «Волгадан Балтикага чейин» деген китебинде: «1943-жылы 22-сентябрь күнү таңга маал 3-механикалаштырылган корпус Золотоноша шаарын бошотууга киришишти...» Шаар айыгышкан салгылашуудан кийин душмандардан тазаланды. Танкалык корпустун гвардиячыл жоокерлери андагы адам чыдагыс абалды, өзгөчө гитлерчилердин тынч жаткан күнөөсүз миңдеген адамдарды жырткычтардан бетер кыйнап асып, атып, иттерге талатып өлтүрүлгөндөрүн көрүштү. Лаврентий Царенко жетектеген топ 1944-жылдын күзүндө душмандын Ригадагы конушуна чабуул коюп, 100дөн ашуун солдаттарын жок кылып, генерал жана официрлерин туткунга алды жана 10 танка, 3 самолеттун ошондой эле көп техникасын колго түшүрүштү.



Лаверентий Царенко Кенисгберг шаарын бошотуудагы салгылашууда жеке өзү душмандын 8 танкага каршы куралын, өзү жүрүүчү орудиясын, 6 дзотун, 8 ажал чачуучу (огневой точкасын), 8 автомашинасын, 7 ок-дары жүктөгөн унааларын жана 65ке жакын солдаттарын биротоло бүлүндүргөн.

Андан кийин Чыгыштагы миллитаристтик Япония менен болгон согушта «жеңилбес» квантундук армияны талкалоого катышты. Жердешибиз жоокер Лаверентий Царенкого Улуу Ата Мекендик Согуш мезгилинде фашисттик баскынчылар менен салгылашууда Воронеж, I- Укараина, 3-Белорус жана Балтика фронтторуңда болуп, Витебскиден Балтика деңизине чейин Депель, Сморгань, Вилейка, Вильно, Шяуляй, Митава жерлеринде баатырларча салгылашкандары өзгөчө анын тайманбастыгы жана жеке эр жүрөктүүлүгү үчүн 1945-жылдын 24-мартында Советтер Союзунун Баатыры деген наам ыйгарылган.

1949-жылы Лаверентий Царенко Түркстан аскердик округунда танкалык бөлүктүн командирлик милдетин аткарган. Андан соң Вуадильский, Ысык-Көл райондук согуш комиссариатында жана Фрунзе шаардык аскер комиссариатында кызмат өтөдү. Ал Кызыл Туу, Ата Мекендик согуш орденинин II баскычы, Кызыл жылдыз ордени жана көптөгөн күжүрмөн медалдардын ээси болгон. 1979-жылы дүйнөдөн кайткан.



## ЛУТФИЛЛИН СУЛЬГИ

1923-жылы Өзгөн шаарында төрөлгөн. 1942-жылы Советтик Армияга чакырылганга чейин райондук сотто катчы болуп иштеген. Согуштун кыйын кезең мезгилин ал Курскиден I-Украина, Воронеж фронтторунун курамында Берлинге чейинки жолду басып өттү. Киев, Бердичев шаарларын бошотууга жана Висла, Одердеги салгылашууга катышкан. 1943-жылдын жайында Брянск, Воронеж, Борбордук фронтунун жоокерлерине немецтик-фашисттик баскынчыларга Орел, Белгород жана Харьков райондорунан сокку урууга ыңгайлуу шарт түзүлдү. Башкы командачынын резервиндеги танкага каршы 493-артиллериялык полкко стратегиялык мааниси бар Тамаровка поселогун коргоого тапшырма берилди.

Сульги кызмат кылган артиллериялык батарея тапшырманы аткарууга бет алышат. Душмандар биздин артиллериялык батареяга танкаларын каршы жиберди. Лутфуллиндин расчету душмандын танкасын талкалады. Жоон иретинде душмандар батареяга каршы бардык күчүн жумшашып, аларды курчап алууга аракеттенди. Ошол учурда душмандын көп снаряддарынын бири батареяга жакын жерде жарылып, Лутфуллиндин расчетунун командири сержант Мельников жана октоочу Федченколор окко учушту. Сульги көп ойлонбой расчетко командирлик кылууну өзүнө алды. Ал чечкиндүү түрдө душмандын чабуулунун



мизин кайтарууга аракет жасады. Душмандын автоматчылары жырткычтарча жулунуп аларды каптап киришишти. Ал замбиректен ок атпай алардын жакын келишин күттү... Бул кармашууда Сульгинин жолдошторунун көпчүлүгү курман болду. Расчетто Сульги жана бир жоокер экөө гана калышты. Бирок алар душмандын танкаларынын жана автоматчыларынын чабуулдарынын мизин кайра-кайра кайтарып турушту. Алар баатырлыктын, туруктуулуктун үлгүсүн көрсөтүшүп Тамаровка поселкасын душманга алдырышкан жок. Бул айыгышкан салгылашууда Лутфуллин кызмат кылган батареянын жоокерлери орден жана медалдар менен сыйланышкан. Ал эми душмандын 10 танкасын жана бир нече жоокерлерин сулаткан Сульги Лутфиллинге 1945-жылдын 10-апрелинде Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилген.

Жоокердик жолду эрдик менен баштаган жердешибиз Сульги Лутфуллин андан ары Варшавадагы Одер дарыясынын батышындагы Герцог-свальд элдүү пунктундагы Висла дарыясынын батышындагы Сабутка-Шляхова шаарындагы фашисттердин нечен желдеттерин кыргынга учураткан. Баатыр жоокер артиллерист Сульги Лутфуллин Улуу Ата Мекенди коргоо үчүн болгон салгылашууларда нечен эрдиктерди көрсөтүп, өзүнүн жоокердик жүрүшүн Берлинде аяктаган. Мына ошол айыгышкан салгылашууларда жердешибиз Лутфуллин душмандын 29 танкасын, өзү жүрүүчү 12 куралын, 8 бронетранспортерун, ондогон пулеметторун, 259дан ашуун офицерлерин жана солдаттарын жок кылды. Анын согуш талаасындагы чечкиндүүлүгү жогору бааланып «Эрдик үчүн» жана ондогон кужурмөн медалдар менен сыйланган Өзбекстандын Анжиян облусунда соода тармагында иштеп жүрүп 1992-жылы дүйнөдөн кайткан.

Районубуздун бардык айыл кыштактарынан Ата Мекенди коргоого аттанып, майданда душмандар менен баатырларча салгылашып жана курман болгон,

ошондой эле согуш мезгилинде дайынсыз жоголгон жоокерлердин ар биринин кайсыл жылы армияга, кайсыл жерден чакырылып, кайсыл майданда, кайсыл жерде курман болгондугу жөнүндө райондук аскер комиссариаты менен бирге райондогу согуштун жана эмгектин ардагерлер Кеңеши «Эскерүү китебин» түзүшкөн. Алар тууралуу ошол китептен окуп таанышсаңыздар болот.

Бирок жогорку жетекчилердин калпыстыктарынан айрым ак ниет адамдар бейкүнөө жазаланышкандыктарына жол берилген. Мисалы, биздин райондо ошол кездеги Кошэтер сельсоветинен (азыркы Салам-Алик) Темиркулов Ынак, Үмөталиев Жаанбай, Салиев Акиш, Токтогулов Бөрүбай, Он беш жаш (мурдагы Сары-Булак) айылынан бир туугандар Орозмамбет, Сары Үмөталиевдер ата-бала Опон Түлөбердиев, Кеңеш Опонов, Мусаев Садабай, Жээнчороев Кулуш, ага-ини Ыса, Асанбек Мураталиевдер, Молдалиев Ныязалы, Масиркулов Мамет, Көлдүктөн Молдокулов Пазылбектер камалышкан. Бардыгы кийин акталышты. Ушул жазыксыз камалгандардан Жаанбай, Акиш, Асанбек, Пазылбек аксакалдар гана айылдарына 15,16-жылдан соң тирүү келишип, калгандары репрессиянын курмандыктары болушкан.



# ЭМГЕКТИН БААТЫРЛАРЫ





## БЕКМУРЗАЕВ КАДЫР

1913-жылы Ош облусунун Өзгөн районундагы Татты-Булак селосунда кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Ал турмуш жолун 1933-жылы баштаган. 1944-жылы «Маданият» айыл чарба артелинин колхозчулары жолдош К.Бекмурзаевди колхоздун төрагалыгына шайлаган. Анын жетекчилиги менен колхоз бир кыйла чыңдалып, өндүрүштүк жакшы көрсөткүчтөр болгон. Колхоздо айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жана коомдук малдын продуктуулугу жогорулаган. 1947-жылы колхоз көп түшүм өстүрүп, башкача айтканда, 40,5 гектар аянттагы буудайдын ар гектарынан 30,36 центнерден түшүм алган.

Дан өсүмдүктөрүнөн жогорку түшүм өстүргөндүгү үчүн СССР Жогорку Советинин Президиуму 1948-жылы 26-марттагы Указы менен К.Бекмурзаевге Ленин орденин, «Орок жана Балка» алтын медалын тапшырып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берген



## КАЙНАЗАРОВ ТОЛУБАЙ

1900-жылы Ош облусунун Өзгөн районундагы Татты-Булак селосунда кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

1933-жылы «Эркин» колхозуна мүчө болуп кирген. Катардагы колхозчу болуп иштеген. Андан кийин талаачылык бригадасынын звеносуна башчылык кылган. Бул кызматта өзүнүн уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүн, буудай өстүрүүнүн агротехникалык жолун мыкты билгендигин көрсөткөн. Өзүнүн ишинде Советтик илимдин жетишкендиктерин, алдыңкы тажрыйбаны колдонуу менен, өндүрүштүк жакшы көрсөткүчтөрдү камсыздаган. 1947-жылы 18 гектар аянттын ар гектарынан 31,72 центнерден буудай өстүрүп алган.

Кужүрмөн эмгеги, буудайдан жогорку түшүм өстүрүп алгандыгы үчүн СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1948-жылы 26-марттагы Указы менен Т.Кайназаровго ленин ордени «Орок жана Балка» алтын медалы тапшырылып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наамга арзыган





## КАМЧЫБЕКОВ АЙТЫ

1915-жылы Ош облусунун Өзгөн районундагы Татты-Булак селосунда кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

1932-жылы колхозго мүчө болуп кирген. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Советтик Армиянын катарынан келгенден кийин 1943-жылдан тартып «Эркин» колхозунунун талаачылык бригадасынын звеносуна башчылык кылат. Өзүнүн ишинде илимдин жетишендиктерин жана алдыңкы тажрыйбаны колдонуу менен А.Камчыбеков башкарган звено өндүрүштүк мыкты ийгиликтерге жетишет. 1947-жылы анын звеносу 24 гектар аянттын ар гектарынан 31,6 центнерден буудай өндүргөн.

Мындай жетишкендиктери үчүн СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1948-жылы 26-марттагы Указы менен А.Камчыбековго Ленин ордени «Орок жана Балка» алтын медалы тапшырылып, Социалисттик Эмгектин Баатыры болгон.



## МАДЫМАРОВ АБДУЛЛА

1919-жылы Ош облусунун Өзгөн районундагы Мырза-Аке селосунда кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

Ал өзүнүн эмгек жолун 1930-жылы Буденный атындагы айыл чарба артелинде катардагы колхозчу болуп иштөөдөн баштаган. 1939-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылган. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Армиядан демоблизацияланып келгенден кийин колхоздун талаачылык бригадасынын звеносуна башчылык кылган. 1947-жылы ал жетекчилик кылган звено 32 гектар аянттагы буудайдын ар гектарынан 30,8 центнерден түшүм өстүрүп алган.

Жогорку түшүм алгандыгы үчүн СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1948-жылы 26-марттагы Указы менен А.Мадымаровго Ленин орденин, «Орок жана Балка» алтын медалы тапшырылып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наам берилген.





## АСАНОВ ЖАМАНТАЙ

1918-жылы Ош облусунун Өзгөн районундагы Кош-Булак селосундагы кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

Ал 1937-жылы колхозго кирген. 1939-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылган. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Ж.Асанов 1942-жылы демоблизацияланып «Эркин-Тоо» колхозуна келет. 1942-жылдан 1945-жылга чейин катардагы колхозчу, ал эми 1945-жылдан тартып талаачылык бригадасында звеновой болуп иштейт. 1948-жылы ал башкарган звено жаздык буудайдан жогорку түшүмгө ээ болот, башкача айтканда 30,3 гектар аянттагы будайдын ар гектарынан 29,1 центнерден түшүм алынат.

Жогорку түшүм алгандыгы үчүн Ж.Асановго СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1949-жылы 16-октябрдагы Указы менен Ленин орденин, «Орок жана Балка» алтын медалын тапшырып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наам ыйгарылган.




## ТУРДУЕВ СУЛТАНАЗАР

1924-жылы Ош облусунун Өзгөн районундагы Кош-Булак селосунда кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

1942-жылдан тартып «Эркин Тоо» колхозунда катардагы колхозчу болуп иштей баштайт. Андан кийин дан өсүмдүктөрүн өстүрүүчү звеного башчылык кылат. Илимдин жетишкендиктерин жана алдыңкы тажырыйбаны колдонуунун натыйжасында С.Турдиев башкарган звено жыл сайын буудайдан жогорку түшүм өстүрөт. 1948-жылы 20,5 гектар аянттагы буудайдын ар гектарынан 29,2 центнерден түшүм өстүрүлгөн.

СССР Жогорку Советинин Президиуму 1949-жылы 16- майдагы Указы менен С.Турдиевге Ленин орденин, «Орок жана Балка» алтын медалын тапшырып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наам берген.





## КАСЫБАЕВ АЛЫМБАЙ

1894-жылы Тянь-Шань облусунун Ак-Талаа районундагы Дөрбөлжүн селосунда кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

Ал 1932-жылы Ош облусунун Өзгөн районуна көчүп келип «Эркин Тоо» колхозуна кирет да, катардагы колхозчу болуп иштейт. 1939-жылдан тартып талаачылык бригаданын звеносуна башчылык кылат. Буудай өстүрүү боюнча бай тажырыйбага ээ болуу менен бирге, агротехниканы кеңири колдонуп, 1948-жылы аталган өсүмдүктөн жогорку түшүм алууга жетишкен. Звеного бекитилип берилген 20 гектардын ар гектарынан 28 центнерден буудай алган.

Дан өндүрүүнү көбөйтүү ишинде жетишкен ийгилиги үчүн СССР Жогорку Советинин Президиуму 1949-жылы 16-майдагы Указы менен жолдош А.Касыбаевге Ленин орденин, «Орок жана Балка» алтын медалын тапшырып, Социалисттик Эмгектин Бааатыры деген ардактуу наам берген.



## САНЖАРОВ ШАРАП

1932 - жылы Ош облусунун Өзгөн районундагы Дөң - Булак селосунда дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

Ал өзүнүн эмгек жолун Ленин атындагы колхоздо кой чарбасынан баштаган. Ш. Санжаров чабан болуп иштөө менен бирге жыл сайын ар 100 тубар койдон 105-106 дан козу жана ар койдон 3,5-3,8 килограммдан жүн алып келген. Ал 1960-жылы "Алга" совхозунун башкы чабаны болуп дайындалган. Жаш төлдөрдү сакмандык ыкма менен өстүрүүнү, жасалма жол менен куудурууну, койлорду тоюттандыруунун жана багуунун зооветеринардык эрежелерин билгичтик менен пайдалануунун натыйжасында жыл сайын продуктуулугун жогорулатууга жетишип келген. Совхоздо иштеген алты жылдын ичинде ал 3292 козу алып, толугу менен совхозго өткөрүп берген, бул болсо алты короодон ашык койду түзөт. Ошондой эле бул жылдардын ичинде 12, 2 тонна жүн кыркып алган. 1965-жылы ар 100 тубар койдон 120 дан козу жана ар койдон 5 килограммдан жүн алган.

Кой чарбасын өнүктүрүүдөгү зор жетишкендиги үчүн СССР Жогорку Советинин Президиуму 1966-жылы 22-марттагы Указы менен Ш. Санжаровго Ленин орденин, "Орок жана Балка" алтын медалын тапшырып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наам



берген. Ал Кыргыз ССРинин алтынчы шайланган Жогорку Советинин да депутаты, 1976 - жылдын 24 - февралынан 5 - мартына чейин өткөн КПССтин XXV курултайынын делегаты болгон

Анын кесиптештери СССР Жогорку Кеңешинин депутаты Атаман Ташалиев, Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин депутаттары Сайкал Молдобаева, Тажиниса Турдубаева, Курманали Момунбеков, облКеңештин депутаты Аттокур Жолдошев, Курманалы Тойчубеков, Паит Дүйшеев, Калык Анашовдор кезинде кой чарбасын өстүрүүнүн устаттары болушкан



## АТАБАЕВ ТОКТОБАЙ

1933-жылы Ош облусунун Өзгөн районундагы Ак-Жар селосунда туулган. Ал өзүнүн эмгек жолун 1948-жылы Кыргыз ССринин геологиялык башкармасында бургулоочу мастери болуп иштөөдөн баштаган.1953-1956-жылдарда Советтик Армиянын катарында кызмат кылган. Армиядан демобилизацияланып келгенден кийин Улуу-Тоо геологиялык-чалгындоо партиясында колонкалык бургулоо мастери болуп иштейт.

Т. Атабаев өндүрүшкө жаңы техниканы жана алдыңкы технологияны киргизүүнүн демилгечиси. Анын ойлоп чыгаргандары иштин көптөгөн процессин автоматташтырууга мүмкүндүк берди. Мунун натыйжасында жети жылдыктын ичинде норманы орточо аткаруу 108 процентти түзгөн.

Түстүү металлургияны өнүктүрүүдөгү зор ийгиликтери жана эмгектеги техника-экономикалык жогорку көрсөткүчтөрү үчүн СССР Жогорку Советинин Президиуму 1966-жылдын 4-июлундагы Указы менен Т. Атабаевге Ленин орденин, "Орок жана Балка" алтын медалын тапшырып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наам берген.

Топтон суурулуп чыккан күлүктөй Токтобай Атабаевди жолдоочулардан да районубуздун эли кур эмес.. Мырза-Аке айылынын тургуну Асылбеков Асанбай да кызмат чыйырын геологияда эмгектенүүдөн баштап, ардактуу эс алууга чыккан. «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген геологу» деген ардактуу наамга татыктуу болгон.





## ЖУМАКАДЫР МОЙНДУНОВ

Интенсивдүү технологияларды колдонуунун негизинде дан жана тоют өсүмдүктөрүнөн жогорку түшүм алууда, дыйканчылыктын жана мал чарбасынын азык-түлүктөрүн алууну, жана мамлекетке сатууну көбөйтүүдө сиңирген эң көрүнүктүү эмгеги жана эмгекте көрсөткөн каармандыгы үчүн Ош облустундагы Өзгөн районунун "Яссы" совхозунун звеновою Жумакадыр Мойдуновго Ленин ордени жана "Орок жана Балка" алтын медалын 1988-жылдын 1—майында алып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наамга татыган.

Баатыр жүгөрүчүдөн үлгү алып, анын ишин улантуучулар райондун чарбаларында көбөйдү. "Шоро-Башат" совхозунан Атакул Аскаров СССР Жогорку Кеңешине депутат, КПСС Борбордук Комитетине мүчө болуп шайланган.



Атакул Аскаров

Максутали Мадалиев жогорку маалыматтуу, "Куршап" совхозунда комсомолдук-жаштар бригадасын башкарып, жүгөрүдөн мол түшүм өстүргөндүгү үчүн "Эмгек Кызыл-Туу", "Ардак белгиси" ордендеринин ээси болгон. Бүткүл Союздук Ленин Комсомол сыйлыгынын лауреаты. Коомдук иштерге да активдүү катышып, Кыргызстан Компартиясынын Өзгөн райондук жана Борбордук Комитеттеринин бюро мүчөсү, профсоюздун Ош обкомунун мүчөсү, кыргызстан Компартиясынын XIX, Кыргызстан ЛКСЖнын XXI, XXII съезддеринин, жаштар менен студенттердин Москвадагы XII Бүткүл Дүйнөлүк фествалынын делегаты, Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин легендардык парламентине, облустук жана райондук Кеңештерге депутат болуп шайланган. 1995-жылдан бери Өзгөн шаардык калкты иш менен камсыз кылуу борборунун директору. 1996-97-жылдардын жыйынтыгы боюнча Башкы башкарманын "Ардак грамотасы" менен сыйланган.



* * *

Райондун эмгекчилери 1952-1956-жылдары өлкөнүн чарбасын өнүктүрүүнүн 5 жылдык пландарын ийгиликтүү аткаруунун үстүндө тынымсыз бардык күч аракеттерин жумшашкан. Райондогу 36 колхоздор ирилештирилип Жазы МТСинде 10, Өзгөн МТСинин карамагында 6 колхозго бөлүштүрүлгөн.

Бардык күч-аракет эгин аянтын кеңейтүү, эгилген аянттардын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу, ал эми мал чарбасынын башын өнүктүрүү менен продуктуулугун арттыруу, жайыттарды үнөмдүү пайдалануу сыяктуу актуалдуу маселелерди аткарууда райондогу бардык атуулдар элдин турмуш деңгээлин жакшыртууга өз салымдарын кошушту.

Буга мисал катары «Кызыл-Дыйкан» колхозунун башкармасынын төрагасы, бир нече жолу Кыргызстан Компартиясынын Ош обкомунун, Өзгөн райкомунун мүчөсү болгон Жорокул Атакуловдун эмгегин элге көрсөтүп кетүүгө болот. «Кызыл-Дыйкан» колхозу райондо данды көп өндүрүүчү жана малды өнүктүрүүчү алдыңкы чарба катары эсептелип, 5 жыл бою 1360 гектар кайрак буудайдын ар гектарынан жыл сайын 25,27 центнерден кем эмес дан, ал эми ар жүз тубар койдон 120-130 дан төл алган. Колхозчулардын турмуш деңгээли улам жогорулагандыктан 1955-1960-жылдар аралыгында эле 70-80ге жакын жаңы турак үйлөр, эки балдар бакчасы, тогуз кой-короо, клуб, мончолор курулуп, айыл толугу менен радиолоштурулган.

Андан кийин колхоздо башкарманын төрагасы болуп иштеген Атабаев Токтосун колхоздун экономикасын, маданиятын жогорулатуудагы зор аракеттери үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына шайланган.

Райондо эл жана айыл чарбасын жогорулатуудагы сиңирген зор эмгектери үчүн «Победа» колхозунун төрагасы Өмөралы Малабековдун, Карл Маркс атындагы колхоздун төрагасы Панайдин Хайдаровдун,

«Обком» колхозунун торагасы Сейит Дүйшеевдин жана көптөгөн ысымдары аталабай калган новаторлордун аттарын атоого болот. Ошол эле жылдары (1946-жылы) Өзгөн токой чарбасы уюштурулуп, 4 токой участогу, 26 жылкы, 280 бал челек, 5 машина-трактор, жогорку маалыматтуу эги адис, 700 миң көчөт эгилген аянты болгон.

1940-жылы райондо 23 баштапгыч, 18 жети жылдык, 8 орто, бардыгы 49 мектеп болгон. Аларга 315 мугалим, анын ичинен 11 жогорку маалыматтуу, 18 бүтпөгөн жогорку билимдүү, 87 атайын орто маалыматтуу, 4-7-класстык маалыматтуу 206 мугалимдер, 11970 окуучуларга таалим-тарбия беришкен.

Шаардагы Ю.А.Гагарин атындагы мектеп интернаты 1955-жылда ачылган. Ошол мезгилдерде мектеп интернаттарынын ролу абдан жогору эле. Бул мектеп-интернатты Мамытов Мырза жетектеп турган. Ал 1961-жылы Ленин ордени менен сыйланган. Окуу-тарбия иши жогорку деңгээлде уюштурулган. Окуу кабинеттери ошол мезгилде түзүлүп, алар жаңы техникалык каражаттар менен жабдылган. Мектептин көмөкчү чарбасында 15 уй, 110 кой, 5 жылкы, 10 гектар жери болгон.

Окуу-тарбия ишинин эң мыкты уюштурулганы жогорку бааланып, бул мектеп интернатынын иш тажрыйбасы 17 чоң альбомго топтолуп, 1962-1963-жылы Москвадагы эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүндө (ВДНХ) коюлган.

СССР Министрлер Советинин 8-октябрь 1953-жылдагы «Жети жылдык мектептерди орто мектепке айландыруу жөнүндөгү» токтому Өзгөн районунда 1954-жылдын 1-сентябрында ишке аша баштады. Кызыл-Дыйкан жети жылдык мектеби орто мектеп болду. Эл депутаттарынын Ош облустук Кеңешинин 16-июнь 1954-жылы кабыл алган «Ош облусундагы сельсоветтерди ирлештирүү жөнүндөгү» № 579-токтомуна ылайык Баш-Дөбө жана Кызыл-Кыргызстан сельсоветтери биригип, баш-Дөбө сельсоветинин борбору Кашка-Терек, Төрт-Көл менен Корсэтти сельсоветтери биригип Төрт-Көл сельсоветинин борбору Жылалды, Ильчевка менен Кызыл-Дыйкан сельсоветтери биригип борбору Ильчевка селосу болгон.



## 60-ЖЫЛДЫН АРЫМЫ, РЕФОРМАНЫН ЗАРЫГЫ...

1957-жылы Өзгөн шаарынын 1-негизги планы түзүлгөн. Ошол жылдардан баштап архитектуралык облиги өзгөрүлөт. 1-иретте суу түтүгү ишке киргизилет. Орто кылымдагы кварталдар жана көчөлөр кайрадан реконструкцияланып, 2,3,4 кабаттуу коомдук жайлар жана турак-үйлөр курулуп, көчөлөр асфальттанат.

Мурда Өзгөндө курулуштар плансыз курулуп келген. 1957-жылы гана архитектор В.Е.Несунов, инженер Л.Л.Хворостинскаялар биринчи негизги (генпланды) планды түзүшүп, турак үйлөрдү, маданий жана турмуш-тиричилик имараттарын комплекстүү кура баштаган. Суу түтүгүн куруунун биринчи кезеги бүткөн, орто кылымда курулган көчөлөр менен маалалардын бир бөлүгү кайрадан курулган (реконструкцияланган). 50 миң кишиге эсептелген экинчи негизги планды Кыргызстан мамлекеттик курулуш долбоорлоо институту архитекторлор Н.В.Карпенко, А.А.Мечковская, Е.А.Афонинанын катышуусунда иштеп чыгышкан. Шаар үч өнөр жай зонасына бөлүнөт. Калк жашоочу аймагы 2 турак жай массивинен — Кара-Дарыя суусунун боюндагы өйдөкү тектиринде жайгашып 3 микрорайондон турат. Бул планда 3-5 кабаттуу имараттар курулууга тийиш. Экинчи массиви ылдыйкы тектирге жайгашкан. Мында бир кабаттуу курулуштар курулмакчы. Шаардын чыгыш жана батыш бөлүктөрүндө, ошондой эле шаар чегинен 2 километр түндүк тарапта өнөр жай кампалар зонасы түзүлөт. Курулуш негизинен шаардын борборунда жүргүзүлөт. Ошол эле мезгилде турак жай массивдеринин да борбору болуп калат. Анда архитектуралык-меморалдык жана парк зоналары бар. Шаардын ортосун пландаштырууда жер шарты эске алынган. Мында административдик имараттарды

камтыган коомдук борбор жайгашкан. Шаардын чордону Манас көчөсү болот, анда административдик-коомдук жана маданий максаттагы имараттардын комплексин куруу каралган. Шаардын борбору жөө жүрүүгө арналган аллеялар аркылуу турак жай райондору менен туташат. Кара-Дарыя суусунун боюндагы кооз жерде жалпы шаардык спорт комплекси жайгашат. Өзгөндүн негизги көчөлөрү - Ленин жана Карл-маркс (азыркы Манас) көчөлөрү. Шаарды айланып өтмө автомобиль жолун куруу каралган. (Ош облусунун энциклопедиясы Фрунзе, 1989-жыл. 391-392-беттер).

* * *

Райондо 1960-жылы 23 башталгыч, 33 жети жылдык, 11 орто, бардыгы 67 мектептерде 17035 окуучулар окуган. Аларга 431 жогорку, 176 бүтпөгөн жогорку, 912 педагогикалык билимдүү, 481 жалпы орто билимдүү 2010 мугалимдер сабак беришкен. 1960-жылдары элди маданият жактан тейлөө бир канча жакшырган. Анда 1 маданият үйү, 2 совхоздук клуб, 25 китепкана, 4 көчмө кино установкалар, 18 чыгармачылык коллектив болуп 49 түрдүү кружоктор уюштурулуп ага 349 таланттуу жаштар тартылган. Мындан сырткары Өзгөн элдик театры райондун эмгекчилерине 200дөн ашуун концерт жана Р.Шүкүрбековдун «Акындын үмүтү» деген драмасын көрсөтүү менен тейлеген. Ошондой эле элди маданий жактан тейлөөнү жакшыртууга Өзгөн шаарында 50 жыл жашап «Тынчтык» паркын түптөөгө маркум Азнабакиев Насыр Лутфуллович, ошол кездеги партиянын райондук комитетинин биринчи катчысы Эгемберди Кошоев, үчүнчү, катчысы Турсунбай



Өмүрзаков, Садыкжан Негматов, ремстройконторанын жетекчиси Адылжан Раимжанов жана башкалар зор салымдарын кошушкан. 1963-жылдын 17-мартында, Черемушка шаарчасы негизделген.

* * *

1962-жылы суткасына 30 тонна нан бышыруучу нан заводу курулган. Беш жылдан кийин жылына 180 миң дал пиво чыгаруучу завод, 1969-жылы Белоруссиядан кийин биздин Өзгөндө кургак сүт заводу курулуп, пайдаланууга берилген.

Ошол кезде эмгектеринен баар табышкан 17 жердешибиз Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланышкан.

Баса, эмгек азаматтарынын бараандуу салымдарынан улам 60-жылдардагы айыл чарба жылынын жыйынтыгын өндүрүштүк башкарманын чарбалары бир кыйла мыкты көрсөткүчтөр менен жыйынтыкташкан. Колхоздор жана совхоздор малекетке 5802 тонна эт, 12516 тонна сүт, 846 тонна жүн, 2.580 миң даана жумуртка сатышты. Дан өндүрүүү беш эсеге көбөйдү.Чарбалар мамлекетке 12363 тонна эгин сатышып, жылдык планды 106 процентке орундатышкан.

* * *

1968-жылы 166 миң баш кой сыя турган 258 кашар, 3980 баш мүйүздүү ири мал сыя турган 32 уйкана, чабандар үчүн жалпы аянты 13832 чарчы метр келген турак үй, 10 мончо, 4 турмуш-тиричилик павиллондору, 8 магазин, ашкана, 1010 орундуу 3 мектеп жана башка курулуш объектилери курулган.

Бөлүнгөн акча каражаттарынын эсебинен чарбалардагы 1362 гектар аянттагы суу тармактары кайрадан иштелип чыгарылган. 420 гектар аянт жаңыдан өздөштүрүлгөн. Райондук суу чарба кызматкерлеринин дурус иш алып барууларынын натыйжасында 320 гектар аянттагы башта иштетилбеген бекер жаткан аянттарга суу чыгарылган. 381 гектарга капиталдык тегиздөө жумуштары жүргүзүлгөн. Мындан тышкары

448 гектар аянттагы сугат системалары жакшыртылган.

22, 4 миң гектар жер 5 ири сугат системасы аркылуу сугарылат. Кара- Кулжа суусунун системасында 3, Кара-Дарыяда 8, Жазыда 12, Куршапта 6, Зергерде 7 канал бар. Чарбалар аралык 19 канал иштейт. Анын ичинен 4 каналдын суу өткөрүмдүүлүгү секундуна 5 кубометрден ашат. Алар: Өзгөн (Өзгөн-арык, б. э чейинки 3-1 кылымдарда курулган) Кара-Кулжа суусунан башталат. Узундугу 36, 4 километр. Каналдын башында чыгыш секундасына 6 кубометр. Мырзарык (1981-жылы курулган). Карадарыядан башталат. Узундугу 9, 2 километр, секундасына 5 кубметр. Карадыйкан 1933-жылы курулган Жазы суусунан башталат. Узундугу 12, 4 километр, секундасына 5 кубометр. Кочкората 19-кылымдын аягы 20 - кылымдын башында курулган. Куршап суусунан башталат. Узундугу 18 километр. Секундасына 8 кубометр. Райондук сугат системалар башкармасына карайт.

***

Ошол жылдары райондун аймагында калк отурукташкан пункттарды электирлештирүү жумушу да бир канча илгерилеген. 220 километр аралыктагы жогорку вольттук электр линиясы ишке киргизилип, 97-90 киловатт келген 120 электрдик подстанциялар коюлган. Мунун натыйжасында айыл чарбасында эмгектенип жатышкан эмгекчилердин маданий турмуштук жагдайлары да бир топ жакшырган. Ачык айтканда 6926 үй-бүлө электр жарыгынан пайдаланууга мүмкүнчүлүк алышып, Алайку зонасындагы колхоздор, мал чарба фермалары негизинен электирлештирилип бүткөн.

Учурда районубуздуй 190 миң калкы жайгашкан 101 кыштактары туташ электирлештирилген. Ири өнөр жай ишканалары болуп эсептелген нан, май, пиво, Карашоро, айыл чарба техника, (сельхозтехника) акционердик коомдору жана башка ишканалар, техсервистер ж.б. тармактар электр кубаты менен иштөөдө.



* * *

Мамлекеттик акча каражаттарынын эсебинен Пайзавад участкасында жалпы аянты 4824 чарчы метр келген 24 квартиралуу алты турак үй, 10 койкалуу оорукана, аптека, 370 орундуу балдар бакчасы тургузулган. Ал эми шаардын төмөнкү бөлүгүндө 630 орундуу Октябрдын 50 жылдыгы атындагы орто мектеп, райондук байланыш бөлүмүнүн жаңы имараты, бир катар башка маанилүү объектилер курулуп, элдин керектөөсүө өткөрүлгөн.

* * *

1962 - жылы "Алга" совхозунда Дядюченко Андрей Борисович директор болуп иштеп турган. Совхоздун төрт түлүк малына жайыт жетишпегендиктен Кара-Шоро жайлоосун өздөштүрүү маселесине көңүл буруп, совхоздун дирекциясы аппараты менен кеңешип, жолду курууга белсенди. Машина Кара-Дөбөгө чейин барат эле. Андан жогору жагына Дядюченко бөлүмдөрдүн башчылары менен бирдикте өз мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланышып, иштин башташкан.

Жол курулушунун башында такай турган бөлүм башчысы Абдыразаков Кимсан, прорабы Соболев Петр, Касымалиев Токо, трактористтер Литвиненко Петро, Савченко жана башкалар зор салым кошушкан.

* * *

Эл агартуу тармагы да керектүү турак жай курулуштары менен жетиштүү өлчөмдө камсыз болуп, райондогу чарбалардын каражаттарынын эсебинен 4670 орундуу 24 мектеп, 11 90 орундуу кошумча класстардын комнаталары бүткөн.

* * *

Районубуздун эмгекчилери 1969-жылдагы жетишкен ийгиликтерин иш жүзүндө бекемдеп, 1970 - жылы чарбалардын бардык тармактарында жакшы жетишкендиктерди жаратуу үчүн күрөштү жүргүзүштү. Мунун натыйжасы кубанарлык болду. Район боюнча 37784 тонна эгин, анын ичинен 7060 тонна жүгөрү, 3380 тонна "сары алтын" өндүргөн. Коомдук мал чарбасын

өстүрүүдө да жакшы көрсөткүчтөр жаралган. Койдун башы 234995 ке, жылкы 8423 кө, мүйүздүү ири мал 28828 ге, чочко 3550 ке жеткен. Мал кыштатууну ийгиликтүү өткөрүүгө алдын-ала мыкты камылгалар көрүлүп 75 уйкана, 30 музоокана, 347 кашар, 52 аткана сапаттуу оңдолгон. 128219 тонна кесек, 74528 тонна чыктуу, 8909 тонна концентарттык тоют, 10. 026 тонна сенаж камдалган. Ошол жылдары саанчылардан Максуда Байбубаева, Сардал Сатылганова, дарыгер Үрүм Бейшембиева сыяктуу өндүрүштүн алдыңкылары парламент мүчөлөрү болуп шайланышкан.

Район мамлекетке айыл чарба продуктыларын сатуунун төрт жылдык план-тапшырмаларынын бардык түрлөрү боюнча ашыра аткаргандыгы, өзгөчө чарбалардын мурдагы жылдагы карыздарын жойгондугу атайын белгиленип бул ийгиликтердин натыйжасында КПСС Борбордук Комитетинин, СССР Министрлер Советин ВЦСПСтин жана ВЛКСМ Борбордук комитетинин өтмө Кызыл Туусун жеңип алып, эмгекчилерди жигердүү эмгектенүүгө шыктандырган.

Жогоруда белгилегендей, райондун кужурмөн эмгекчилери ар дайым жаңы демилгелерди жана жөрөлгөлөрдү колдоп келген. Улам жаңы ийгиликтерге шыктандырып, эмгектик атаандашууну пайда кылган, мелдештин таасирдүүлүгүнө жетишкендиктердин натыйжасында 1984-жылы район Бүткүл Союздук Социалисттик мелдештин жыйынтыгы боюнча КПСС Борбордук Комитетинин, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин жана ВЛКСМ Борбордук Комитетинин өтмө Кызыл Туусун экинчи жолу жеңип алган. Бул сыйлык Өзгөндүктөрдү дагы күрдөөлдүү эмгектенүүгө шыктандырган.

* * *

1965-1970-жылдары райондо 17 участкалык ооруканалар, 6 фельдшердик-акушердик медициналык пункттар болуп, 60 жогорку билимдүү дарыгерлер жана 340тан ашуун орто билимдүү медициналык кызматкерлер иштешкен.



* * *

1970-жылы 73 орто, 32 толук эмес орто, 29 баштапгыч, бардыгы 144 мектептерде 3186 мугалимдер иштешкен. Алардын 2011 жогорку, 93 бүтпөгөн жогорку, 947 атайын орто, 135 жалпы орто билимдүү мугалимдер 27469 окуучуларды билим булагына кандыра сугарышкан.

1972-1973 - жылдары Көлдүктөгү Кызыл - Октябрь мектебинде Коңкошев Рысбай директор болуп турган мезгилде 5 мугалимдин жана директордун иши жалпыланып, Москвага Бүткүл Союздук эл чарба көргөзмөсүнө коюлган.



*Орун Пазылова*



*Рысбай Коңкошев*



*Үпөл Сейитбекова*

Окуу тарбиялык иштерде жогорку жетишкендиктер үчүн районубуздан Үпөл Сейитбекова, Орун Пазылова, Аскат Оморов, Рыспай Коңкошев, Т. Г. Федорова, Орозали Жусупбеков "Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими" деген ардактуу наамга ээ болушкан. Жогоруда айтылгандай мектептерде жүргүзүлгөн кужурмөн эмгектери үчүн Кызыл-Дыйкан орто мектебинин директору Акматалы Абдыкеримов Ленин ордени менен сыйланган. Ошондой эле Семиз-Көл орто мектебинде көп жылдар бою мугалимдик кесипти аркалаган Насирдин Кайназаров да мамлекеттик сыйлыктарга татыктуу болгон.

1979-жылы Кароол айылында шыбакчы, плита жабыштыруучу, сырдоочу, слесар-сантехник, кыш кыноочу жана башка адистерди даярдоочу № 38-кесиптик -техникалык окуу жайы ачылган. Окуу жайы иштей баштаган мезгилден тартып миңдеген окуучулар бүтүрүп чыккан. 1998-1999 - окуу жылында жүздөгөн окуучулар тартылып, билим алышууда.

* * *

1968-1969-жылдардан тартып замандаштарыбызды чебер, таасын чагылдырган идеялык-көркөмдүк дэңгээли жогору бааланып "Караш-караш" окуясы кинофильми үчүн жердешибиз Болот Шамшиев Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгына татыктуу болгон. Арадан 8 жыл өткөндөн кийин 1977-жылы "Ак-кеме" кинофильми үчүн СССР мамлекеттик сыйлыгын алган.

* * *

Өнөр жай жана айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун арттырып, иштин сапатын жакшырткандыгы, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулаткандыгы жана ар жыл сайын социалисттик мелдештин жыйынтыктары үчүн "Жазы", "Өзгөн" совхоздорунун жүгөрү өстүрүүчү звеновойлору Жумакадыр Мойдунов, Сатыбалды Маматахунов (маркум), Жалал-Абаддагы штепсель заводунун биргадири (маркум) Ак-Жарлык Мамытбек Базарбаевдерге 1978-жылы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыгы ыйгарылган.

* * *

1960-жылдарда обончу, аткаруучу Мамат Оморов уккандын эт-жүрөгүн элжиреткен мукам обондору менен узун элдин учуна, кыргыз элдин кыйырына аттын





*Мамат Оморов*

кашкасындай таанымал болгон өнөрпоздордун бири эле. Ошол булбул таңшык обондору үчүн ага «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» деген ардактуу наам ыйгарылган. Анын жаркын элесин түбөлүккө калтыруу максатында Мырза-Аке айылындагы маданият үйүнө маркумдун ысмы берилген.

* * *

Курамы 20 адамдан турган "Ариет" ыр-бий ансамбли 1978-жылы Сирия, Иордания өлкөлөрүнө барып Кыргызстандын күндүгүн өткөрүүгө катышышкан. Ага азыркы белгилүү дастанчы, обончу Жолболду Алыбаев, Сыдык Маматов, Асан Оморов, Дилбар Пирматова, Өктөм Шадиева, Абдыманап Нышанов, Разак Абдыкадыров жана башкалар барышкан. Ал эми обончу Маматпазыл Дубанаев 1984-жылы элдик хорду негиздеп, «Өзгөнүм», «Энчим комуз», «Менин бактым», «Жылмайып койчу», «Жашай бер» жана башка көптөгөн обондорду чыгарган. Учурда ал Жазы айыл өкмөтүндөгү балдар музыкалык мектебинде мугалим болуп иштейт.

* * *

1973-жылы Кара-Шоро суусун чыгаруучу цех ишке киргизилген.

* * *

Райондун негизги тармагы айыл чарбасынын бардык түрлөрү жана төрт түлүк мал чарбасын өнүктүрүү болгондуктан, 1970-жылдардан соң 1980-жылда өнүгүүнүн жолунда болгон. Бир сөз менен айтканда ошол жылдын беш жылдыгында пландагы 37022 тонна дан өндүрүлүп, анын дүң жыйымы 218982 тоннага жеткен. Бул болсо 9-беш жылдыкка салыштырганда 85148 тоннага өскөндүгүн көрсөтөт. Дыйканчылыктын

маданиятын жогорулаткандыктын натыйжасында онунчу беш жылдыкта пландаштырылган ар гектардан 17 центнердин ордуна орточо түшүм 23 центнерден болгон. Жүгөрүнүн данын өндүрүүдө зор ийгиликтер жаралган. Же беш жылдыкта орточо 67,4 центнерден түшүм алынган. Ал эми, жүгөрүнүн жашыл массасын өстүрүүдө да ийгилик болгон. Ошондо гектарынан 407 центнерден жашыл масса алуу пландаштырылса, иш жүзүндө 458 центнерден чыктуу тоют алган. Район ошол жылдары жүгөрүдөн рекорддук түшүмгө ээ болгон. Же район боюнча гектарынан 84, 1 центнерден жүгөрүнүн данын өндүрүп алышты. Ал эми, "Куршап" совхозу ар гектардан 112, Кыргызстандын 50 жылдыгы совхозу 100, "Яссы" совхозу 94, 6 "Жыланды" чарбасы 90,7, "Өзгөн" совхозу 90,7 центнерден түшүм өндүрүшүп, районду алга чыгарышкан.

Жүгөрүнүн данын өстүрүүдө устат жүгөрүчүлөрдүн ысымдары райондон тартып, республикага чейин белгилүү болгон. Алардын катарына Кызыл Октябрдан М. Исраиловду, Өзгөндөн С.Маматахуновду, Куршаптан Ө. Мамадалиевди кошууга болот. Устат жүгөрүчүлөр онунчу беш жылдыктын жыйынтыгында Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендери менен сыйланышкан. Бул аты аталган жүгөрүүчүлөр райондо рекорд коюшуп, же ар гектарынан 150-152 центрнерден жүгөрүнүн данын жыйнап алышкан.

Ошентип, жогоруда айтылган ийгиликтер райондун социалдык-экономикасынын өнүгүшүнө зор өбөлгө болгон.



## СПОРТ — ДЕН-СООЛУКТУН БУЛАГЫ

Советтик доордо спорт деп аталып, ага биздин оюн-шоогубуздан башка Европалык элдердин оюн-шооктору да турмушубузга терең сиңген. Ошондуктан, жыл сайын улуттук спорттун түрлөрү боюнча машыккандардын катары өскөн. Район, шаарларда, областтарда, республикаларда өткөрүлүүчү мелдештер, спортакиадалар районубузда чебер спорстмендердин өсүп-чыгышына өбөлгө болду. Буга төмөнкү сандар далил болот.



*Солдон оңго отургандар Сарыбаш Капаров, Юдин Александр, Кашкабай Бөкөшов, Абдилла Жолдошов.*

1965-жылы Бөкөшов Кашкабай жетектеген мезгилде 17000 спорстмен болсо 15 жылдан кийин 1980-жылы 37000 ге жеткен. Ал ушул мекемеге киргенде спорттун 1-разрядчылары 14, экинчиси 2000 спорстмен болсо, акыркы жылы 1-разрядчылар 130га, экинчисиндегилер 4500 гө жеткен. 1965-жылы спорт чеберлери жок болсо кийин 34 адам ушундай наамга ээ болушту. Атчабаров Төлөгөн, Арзибеков Абдракман эңиш боюнча спорттун чеберлери болуп катышышты. Классикалык күрөш боюнча курамына О. Мойдунов, С. Капаров, О. Акыев, А. Жолдошев, А.В. Юдин, С. Чыйбылов, Э. Сатимов, М. Момунов, Т.Толубаев, А. Токоев, М. Акбаралиев, О. Болотов, жеңил атлетика боюнча С. Матисаков, П. Кадырбаев, А. Азимжанов, А. Туташевдер болушкан командалар Ош

облусунун 12 жолку чемпиондугун жеңип алышып, Республиканын бир нече жолку чемпиондору жана призерлоруна жетишишкен. Улуттук күрөштөн Р. Каримахунов, Н. Жалилов, А. Абдраимов, Ш. Жакыпов, Э. Токоевдер облустук мелдештерде бир нече ирет чемпион атагын алышкан. П. Сулайманов, К. Акматов, М. Бекишов, М. Үмөталиев, А. Кумпан, В. Скабелькин, А. Мурзаматов, Д.Ф. Брюков, М. Дыйканбаев, М. Айылчиев, Т. Матисаков, Н. Исмаилов, Н. Токтоболотовдор волейбол оюнунан облустук, республикалык мелдештердин жеңүүчүлөрү аталышкан. Ушундай эле ийгиликтерге улуттук оюндардын ат салышуусунда Т. Маматов, А. Арзыбеков, Т. Абакиров, Т. Абдылдаев, К. Кубатов, Т. Кошматов, Т. Полотов, Ш. Муратов, А. Ботобаевдер, самбо боюнча Жолдош Балтабаев жаратышкан.

Ал эми С. Капаров 5 жолу республиканын, 12 жолу облустун, А.В. Юдин 2 жолу республиканын, 8 жолу облустун, А. Жолдошов 3 жолу республиканын 10 жолу облустун чемпиондору болушкан. Спортсмендердин ушундай ийгиликтери үчүн партиянын Ош обкому менен облустук аткаруу комитетинин Өтмө Кызыл Туусун 5 жолу катары менен жеңип алып, аны түбөлүк сактоого калтырышкан.



## 1925-ЖЫЛДАН БЕРИ ӨЗГӨН РАЙОНУН ЖЕТЕКТЕГЕНДЕР:

| | |
|---|---|
| 1. Нишанбаев Раим | 1925-1928-ж. |
| 2. Боронбаев Кожомурат | 1928-1931-ж. |
| 3. Свердлов | 1931-1935-ж. |
| 4. Дубанов Л.Я. | 1935-1936-ж. |
| 5. Жылкыбаев Джумай | 1936-1938-ж |
| 6. Ниязалиев | 1938-1939-ж. |
| 7. Бедов Ф.М. | 1939-1940-ж |
| 8. Усянов А.Ф. | 1940-1942-ж. |
| 9. Радман М.И. | 1943-1943-ж |
| 10. Шульгин С.П. | 1943-1944-ж |
| 11. Ахмедов Турсунбай | 1944-1945-ж |
| 12.Усьянов Андрей Федорович | 1945-1950-ж |
| 13.Кошоев Эгемберди | 1952-1958-ж. |
| 14.Ташиев Кулназар | 1958-1959-ж. |
| 15.Абдыгулов Урманбек | 1959-1962-ж |
| 16.Дүйшеев Арстанбек | 1962-1968-ж |
| 17. Жапаров Бейше | 1968-1975-ж |
| 18.Тажибаев Абдибаит | 1975-1976-ж |
| 19. Талипов Вагинур | 1977-1987-ж |
| 20. Асанов Жалал | 1987-1990-ж |
| 21. Карпасов А.В. | 1990-1992-ж |
| 22.Айтбаев Сатыбалды | 1992-1992-ж |
| 23. Сапарбаев Абдыкадыр | 1992-1993-ж |
| 24. Карашев Азим | 1993-1996-ж |
| 25. Анарбаев Абдималик | 1996-1997-ж |
| 26. Турдукулов Маматшарип | 1997-ж.. |

## КУЧАГЫҢДЫ ЖАЯСЫҢ

Оштон өрдөп бет алганда бул жакты,
Ойлор келет жүрөгүмө бир жакшы.
Ашыгамын Өзгөн сени көрүүгө,
Артка таштап Отуз адыр, Куршапты.


А сен болсо гөзал шаарым Өзгөнүм,
Аземиңе жакканга окшоп тез келүүм.
Апама окшоп кучагыңды жаясың,
Аймала деп ак саамайым, төштөрүм.

Унутулбай тургандырмын эсиңде,
Уя кылгам жыйырма жаш кезимде.
Уулуң болуп уюз сүтүң эмгемин,
Улуу ойлор уялашып сезимде.


Акыл топтоп талантымды бай кылып,
Анан кеткем Ош пириме кайрылып.
Айрылдым кээ сулуулардан, достордон,
Бирок сенден кете албадым айрылып.

Өзгөн, Өзгөн суу, токойдун мекени,
Башы малдуу, шалы, эгин жай этеги .
Миң кылымдын сырын каткан мунараң,
Ал өзүңдүн даңкың бийик экени!

**ТАШ МИЯШЕВ,**
акын, Кыргыз Республикасынын
маданиятына эмгек сиңирген ишмер.



# Төртүнчү бөлүк



## ЖАҢЫ ДООРДУН БАШТАЛЫШЫ

Жаңы доордун келиши жакшы ийгиликтердин өбөлгөсү болду.Тактап айтканда 1990-жылда районубуздун куруучулары да бир топ аракеттерди жасашты. 11 миллион 825 миң сомдук (рубль эсебинде)капиталдык салымдар өздөштүрүлүп, 8 миллион 246 миң сомдук курулуш монтаждоо иштери аткарылды, же болбосо бул каражаттардын эсебинен 213919 чарчы метр турак-жай үйлөрү, 704 орундуу Арагөл айылында мектеп, шаарда 110 койкалуу балдар ооруканасы, Мырза-Аке айылында 400 орундуу маданият үйү, шаарда 10 жумушчу орунга ылайыкташтырылган турмуш-тричилик жактан тейлөө точкалары бүткөрүлгөн.

Мырза-Аке аймагындагы кыш заводу пайдаланууга берилди. Аны Султанмырза Чынкараев баш болгон адистер курган. Ал азыр «Ош-Ак-Таш» акционердик коомунун карьеринин начальниги. Заводду курууга ушул акционердик коомдун директору Эмил Касымалиев, учурда Жалал-Абад облустук губернаторунун биринчи орун басары Баймуратов Кайыпберди жакшы көмөк көрсөтүшкөн.

Айыл кыштактардын арасындагы жол маселесин жакшыртууга да бир топ көңүл бурулуп, райондун ичиндеги 21 километр жолго афальт бастырылып, 35 километр жолго шагыл төгүлгөн.

“Ашар” ыкмасы менен бир канча маданий-социалдык объектилер бүткөрүлүп, ишке берилди. Кароол айылдык



советиндеги Шералы кыштагында 5 класстык бөлмөсү бар мектеп, стадион бүткөрүлдү. Мырза-Аке айылдык советинин Бабыр кыштагында 6 класстык бөлмөсү бар мектеп, Октябрь айылдык советиндеги Арагөл айылында 60 орундуу клуб, Кызыл-Чарбада 1 ФАП, Прогресс айылында балдар бакчасы ишке берилди. Мындан тышкары райондун кыштактарында 3 мончо курулду. Ошондой эле 4 миллион 525 миң сомдун ордуна 5 миллион 458 миң сом капиталдык салым өздөштүрүлдү, же болбосо бул каражаттардын эсебинен 21, 38 чарчы метр турак жай, 150 окуучулук орундуу кошумча класстык бөлмө, “Куршаб” совхозунда 60 орундук Токтогул атындагы орто мектепте кошумча курулуш, Кызыл-Октябрь чарбасында “Ак-Өргө” ресторапы бүткөрүлгөн. КЗОСС чарбасында 400 саан уйга эсептелген сүт товар комплекси, жылына 1000 тонна мөмө-жемиш сактоочу кампа пайдаланууга берилген.

Районубуздун агроөнөр жай кызматкерлери да айыл чарба продукцияларын өндүрүүдө жана аны мамлекетке сатууда бир топ ийгиликтерди жаратышкан. Же болбосо ошол жылда 11 айдын жыйынтыгы менен эт сатуу боюнча 87 процентке, сүт 93 процентке, жүн 101 процентке, жумуртка 130 процентке, пилла 107 процентке, тамеки 80 процентке аткарылган.

Коомдук малдын продуктуулугун жогорулатуу менен ар жүз тубар бээден 80 ден кулун, уйдан 80 ден музоо, койдон 100 дөн ашуун козу алынган. Ар бир койдон 3,4 килограммдан жүн кыркылып ар бир саан уйдан 2397 килограммдан сүт саалган.

1990-жылда өнөр-жай продукцияларын чыгаруунун көлөмү 13 миллион 42 миң сомго (рубль эсебинде) жеткирилген. Бул 1989-жылга салыштырганда 10, 6 процентке же 914 миң сомго көп дегендикке жатат.

Транспорт жана байланышта олуттуу жылыштар болуп, жүк ташуулардын көлөмү 1 миллион 278 миң тоннага жеткен. Жүргүнчүлөрдү ташуудан алынган киреше 2 миллион 67 миң сомду түзүп бул 1989-жылга салыштырганда 5 процентке, же 61 миң тонна жүк көп ташылган.



*Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген куруучу Бадалбаев Эргаш.*

* * *

Телефон байланышын өнүктүрүү да өрчүп 3871 ге жеткирилип, анын ичинен 2688 точкасы калктын керектөөсүнө ыйгарылган.

* * *

Соода тармагында чекене товар жүгүртүү планы 114 миллион 600 миң сомго жеткирилген. Эл керектөөчү товарларды чыгаруу 18 миллион 8 миң сом болгон. Анын ичинен азык-түлүк эмес товарларды чыгаруу алты миллион 469 миң сомду түзгөнүн ошондогу көрсөткүчтөр айгинелейт. Акы төлөп кызмат көрсөтүү 4 процентке өсүп, 8 миллион 725 миң сомду түзгөн. (рубль).

* * *

Билим берүү тармагында дайыма иштеп туруучу мектепке чейинки балдар мекемелериндеги балдардын саны 5300, жалпы билим берүүчү мектептердеги балдардын саны 42230 га жеткен. Анын ичинен узартылган күнү бар мектептердеги окуучулар 6600дү түзүп, финансалоонун бардык булактарынын эсебинен 360 орундуу Ленин атындагы сегиз жылдык мектеби курулган.



* * *

Социалдык маданий мекемелеринин тармагында олуттуу жылыштар болгон. Клубдардын саны 52 ге, китепканалар 62 ге, кино установкалар 34 кө жеткен. Ооруканалардагы койкалардын саны 1200 болуп, сменасында 60 адамды кабыл алуучу Мырза-Аке айылында амбулатория курулган.

***

Өзгөн токой чарбасынын коллективи 1990-жылы 250 гектар мамлекеттик токой фондусунун жерине токой көчөттөрүн отургузуп, 2012 гектар жердеги токойдун бутактарын кесип, тазалоо иштерин бүтүрүшкөн. Район боюнча 19 миллион сомдон ашуун капиталдык салымдар өздөштүрүлүп, 12 миллион сомдук курулуш монтаждоо иштери болгон. (Рубль эсебинде).

Мунун эсебинен Ничке-Сай, Кызыл-Сеңир мектептеринде ар бири 100 миң сомдук курулуш монтаждоо иштери бүткөрүлгөн. Балык чарбасында 90 орунга ылайыкталган бала бакчасынын курулушу бүтүп пайдаланууга берилди. "Өзгөн" совхозунун, кургак сүт чыгаруучу заводунун бала бакчаларынын курулуштары, "Жазы" совхозунда фельдшердик-акушердик пункттун курулуштары башталып, пайдаланууга берилген.

Өзгөн шаардык канализациянын курулушу улантылып, 600 миң сомдук капиталдык салым өздөштүрүлгөн. Мырза-Аке кыштагындагы кыш заводунун курулушун кеңейтүүгө 750 миң сом каражат берилген. (Рубль эсебинде).

***

Райондун калкын таза суу менен камсыз кылуу боюнча бир топ иштери аткарылган. Чымбай кыштагындагы суу түтүгү улантылып жылдын акырында 8 километр аралык пайдаланууга берилген. "Шоро-Башат" совхозунун Макаренко, Кыргызстандын 50 жылдыгы совхозунун Кызыл-Тоо кыштактарындагы суу түтүкчөлөрүнүн курулушу башталып, ар бирине 100 миң сомдон капиталдык салым чыгымдалды.

* * *

"Кызыл Октябрь" чарбасында 300 орундуу ашкана, 200 башка ылайыкташтырылган бир малкана бүткөрүлүп пайдаланууга берилди. "Ак-Жар" совхозунда саатына 10 адам кабыл алуучу мончо курулуп ишке тапшырылды.

"Өзгөн" аграөнөржай бирикмеси 4 миллион 279 миң сомдук капиталдык салымды өздөштүрдү, анын ичинен 2 миллион 659 миң сому курулуш монтаждоо иштерине сарпталып жана 4839 чарчы метр турак жай курулду, мунун ичинен чарбалардын эсебинен 2875 чарчы метр турак жайы бүткөрүлдү. (Рубль эсебинде).

* * *

Аскар Акаев бийликтин башына келгенден бери жумуриятыбызда улуттар ынтымагы сакталып турат. Бул болсо Президентибиздин улут саясатын акыл-эстүүлүк менен жүргүзгөнүн жемиши жана жеңиши.

Тунгуч Призидентибиз эл башчысы болгондон бери бир топ реформалар ишке ашырылууда. Ал аркылуу Кыргызстан төгөрөктүн төрт бурчуна таанылып, Бириккен Улуттар Уюмуна мүчө болду. Республикабыздын Мамлекеттик Туусу АКШнын баш калаасы Нью-Йоркто желбиреп, атайын ыйгарымдуу элчибиз, ООНдо өкүлчүлүгүбүздүн иштегени зор сыймык.

Ошентип, республикабыз 1991 - жылдын 31 - августунда эгемендүүлүккө ээ болуп, чет өлкөлөргө көз карандысыз Кыргыз мамлекети катары таанылган күндөн баштап жашоонун жаңы нугуна багытталган жаңы реформалар жүз бере баштады. 1994-жылы Президенттин Указынын негизинде жердин ээсин табуу максатында райондогу дээрлик мамлекеттик чарбалар таркатылып, 130440 жеке чарбалар, 603 дыйкан чарбалары, 41 айыл чарба кооперативдери түзүлүп, аларга пайдалануу укугу менен 53786 гектар жер, 21, 4 миллион сомдук мүлк убагында таркатылып берилип, 17 жер комитеттери түзүлгөн.



* * *

Ырас, жаңы башталыштын жакшы саамалыктары болгону менен учурдун үнүнө анчалык жооп



*Кыргыз Республикасынын Премьер-министри Кубанычбек Жумалиев райондо өткөн республикалык семинар-кеңешмеде*

бербегендиктен, 1996-жылдагы Президенттин Указдарына ылайык райондо 17 айыл Өкмөтү жана үстүбүздөгү жылы шаар башкармасы түзүлүп, аталган айыл Өкмөттөрдүн, шаар башкармасынын аймагындагы социалдык объектилер ж. б. бүтүндөй өткөрүлүп берилип, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун башкы рычагы түзүлдү. Албетте, анын кайтарымы жаман болгон жок. Бир сөз менен айтканда жер ээсин тапкандыктан түшүмдүүлүктө жылыш болуп, айыл чарба жаатында өсүш байкалды.

Айтор, жыл өткөн сайын райондо ар тараптуу жылыштар болду. Өткөөл мезгилде райондогу жашоочу калктын талаптарын жеринде чечүү максатында 1997-жылы 50340 тонна буудай өндүрүлүп, райондогу ар бир жанга эсептелгенде 272 килограммдан туура келген. Демек, жашоодогу жакшы жышаана ушундан байкалат.

1998-жылдагы Президенттин Указы менен "Элетти көтөрүү" жылы деп жарыяланып, жакырчылыкты жоюу багытында Улуттук "Аракет" программасы кабыл алынды. Муну жеринде ишке ашырууда райондук мамлекеттик администрациясынын демилгеси менен 17 километр дренаж казылып, 804, 0 миң сомдук жумуш аткарылды. ошондой эле Куршаптагы номерлүү ооруканасынын 30 койкалуу терапея бөлүмү 540 миң сомго бүткөрүлүп, Куршап, Баш-Дөбө айыл Өкмөттөрүнүн базарларында Улуттук "Аракет" программасынын аткарылышы жөнүндө республикалык семинар болуп, ага Премьер-министр К. Жумалиев катышып, аймактагы алгылыктуу жүргүзүлүп жаткан иштерге жакшы баа бергендигинин өзү - элибиздин эмгечилдигин тастыктайт.

Ал эми айыл чарба жаатында да мурдагы жылдарга салыштырмалуу өсүү темпи бар. Анткени эттин, сүттүн, жумуртканын көрсөткүчү көңүл жибитет. Айтмакчы, нанга, майга ж. б. болгон мамиле да жеринде чечилген. Тактап айтканда 1998-жылы район боюнча 68 миң тонна дан, 5170 тонна май, 5300 тонна картошка, 10960 тонна жашылча, 780 тонна бахча өндүрүлдү. Албетте мындай жетилишген ийгиликтер жерге жеке менчик киргизилип, өздүккө өткөндүн таасири.



* * *



*Жолдош Балтабаев*

Баса, Кыргыз Жумурия-тынын мамлекеттик токой агентчилигинин 1996-жылдын 19-августундагы буйругу менен "Кара-Шоро" мамлекеттик улут-тук жаратылыш паркы түзүлүп, 14340 гектар аянт бекитилип берилди. Учурда аталган паркты Балтабаев Жолдош жетектейт. Дасыккан адис, 1997-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган. Келечекте Кара-Шородогу дары суунун айлана-чөйрөсүнө катеждер, эс алуу үйлөрү курулат. Атчан жүрүүнү каалаган туристтер үчүн да камкордук көрүлөт.

* * *

Ош технологиялык Унверситетинин Өзгөндөгү филиалы 1995-жылдын 19 - июнунда ушул унверситеттин мурдагы ректору, Жогорку Кеңештин депутаты, азыркы Т.Үмөталиев атындагы Ош мамлекеттик унверситетинин ректору Бектемир Мурзубраимовдун буйругу менен ачылган.

Филиалда 5 кафедра бар. Аларда илимдин 1 доктору, 5 кандидаты, бардыгы 38 мугалим эмгектенишет. Анын базасында 16 аудитория, 16 бөлмөлүү жатакана, 1 китепкана, 1 ашкана иштейт.

Инженердик - технологиялык факультетте 5 багыттагы адистерди даярдайт. Субтропикалык (тамеки) жана дан-азыктарынын технологиясы (ТСП), жол кыймылын уюштуруу (ОДД) адистиги боюнча инженер-автомобилисттер, электр системалары жана

тармактар (ЭЭСС), айлана-чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу (ООС) адистиги боюнча инженер- технологдор даярдалат. Ошондой эле экономика, башкаруу жана укук кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо факультеттери иштейт, сырттан окуу бөлүмдөрү да бар.

* * *

1998-1999 окуу жылында райондо 73 орто, 8 тогуз жылдык, 7 башталгыч мектептерге 42436 окуучу тартылып, аларга 1890 жогорку, 1066 атайын орто, 57 жалпы орто, 90 бүтпөгөн орто маалыматтуу мугалимдер таалим-тарбия берүүдө. Ошондой эле райондо 17 маданият үйү, 20 китепкана, 1 элдик театр, 1 филармония, 4 балдардын музыкалык мектеби жана 4 спорттук стадион бар. Райондун аймагындагы мектептерге жергиликтүү бюджеттин эсебинен имарат, курулуш материалдарына 250, 0 миң сом жана башка иштерге 114 миң сом акча каражаты каралып, мектептердеги капиталдык ремонтторго жумшалып, демөөрчүлөрдүн жардамы менен 840 орундуу кошумча класстар пайдаланууга берилди. Көлдүк айыл Өкмөтүнө караштуу табигый кырсыкка дуушар болгон Ничке айылындагы мектептин имараты жараксыз болгондуктан, 3 миллион сомдун айланасында жаңы мектеп курулуп, маркум Эсеналы Атакуловдун ысмы берилген жаңы мектеп окуу жылында жаштарга өз эшигин ачты.

Ал эми маданият тармагына да терең маани берилип 61, 0 миң сом акча бөлүнүп, ага өнөрпоздор үчүн улуттук кийим жана музыкалык жабдыктар сатылып берилди.





*Бектемир Мурзубраимов, Жогорку Кеңештин эл өкүлдөр жыйынын депутаты*



*Алманбет Матубраимов, Жогорку Кеңештин эл өкүлдөр жыйынын депутаты*



*Мамат Орозбаев, Жогорку Кеңештин эл өкүлдөр жыйынын депутаты*

# БИЗДИН ДЕПУТАТТАР



*Турсунбай Бакир уулу, Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты*



*Адахан Мадумаров, Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты*

Районубуздан бир топ акын, жазуучулар да чыгышкан. Алар 1936-жылдан бери СССР Жазуучулар Кошунунун мүчөсү, кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин биринчи чакырылышынын депутаты Төлөн Шамшиев, кыргыз элине аттын кашкасындай таанылган Филология илимдеринин доктору Салижан Жигитов, акындар: кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти Жолболду Алыбаев , Абдирашит Урбаев, Расулберди Маметов, маркумдар: Камбаралы Ботояров, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Таштанкул Бөрүбаев, Сатыбалды Кадыров, Курбанбай Калдыбаев, Жапар Молдалиев, Манап Самтыров ж. б.

Шаардык билим берүү жана маданият бөлүмүндө (биринчи башчысы И. Абдулкасимов) 8 орто мектепте 9575 окуучу, 3 балдар бакчасында 450 бала мектептен тышкары 2 окуу тарбия мекемелерде 1693 окуучу таалим-тарбия, алууда. Балдардын 1 чыгармачылык борбору, 1 дене тарбиялоо клубу, 1 музыкалык мектеби жана маданият үйү бар. Мында жалпысынан 730 педагогикалык кызматкерлер эмгектенишет. Алардын ичинен 366 жогорку маалыматтуу, 364 атайын орто маалыматтуу. 47 мугалим "Кыргыз республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы" деген төш белгиге ээ. Шаардын тарыхында кыргыз тилинде окутулган. Курманжан Датка атындагы биринчи орто мектеп (директору М. Тайлаков) , 1993 - жылы пайдаланууга берилди.

Райондо бир борборлоштурулган оорукана, 5 поликлиника, 6 айылдык оорукана, 1 тиш жана учук ооруларына каршы диспансер иштейт. Аталган ооркуналарда 25 0 дөн ашык врачтар, 1329 медициналык кызматкерлер эмгектенишет.

Сыркоолорду эки жакка убара кылбай, ыңгайлуу шарт түзүү үчүн УЗИ, фиброгостроскоп, эндископия, аудометрия, эхокордиография, ийнетерапия жана башка жабдууларды бир имаратка жайгаштырып диагностикалык борбор уюштурулду.

Булардан сырткары санбаклаборатория, пландуу үй бүлөө куруу кабинети, кыз-келиндерди жашыруун дарылоо кабинеттери иштөөдө.



* * *

Районубуздун медициналык кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Улуттук "Ден соолук", "Балалык-2005", "Манас", "Туберкулез" программаларын турмушка ашырууда, тери венерологиялык оорулардын алдын-алуу жана наркологиялык илдеттерге каршы күрөшүүдө бир топ иштерди аткарышты.



*Амираев Токтогул ,*
*Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген дарыгери*

1997-жылы райондук оорукананын бардык бөлүмдөрү толугу менен электр жылыткычтарына өткөрүлдү. Республикабыздын Президенти Аскар Акаев тарабынан "Элетти көтөрүү жылы" деп жарыяланганына байланыштуу айыл жерлериндеги элге кызмат көрсөтүүчү социалдык объектилердин, алардын ичинен дарылоо мекемелеринин абалын жакшыртууда бир топ аракеттер жасалган. Тактап айтканда Мырза-Аке номерлүү ооруканасы, поликлиника, Жазыдагы кургак учук диспансери да ашар ыкмасы менен ремонттолду.

Ушул жылдын апрель айынан баштап райондогу 70 мекеме-уюм, айыл Өкмөттөрүнүн жардамы менен 500 миң сом акча каражаты топтолуп райондук борборлоштурулган оорукананын балдар жана неврологиялык, теривенерологиялык, лор бөлүмдөрү капиталдык ремонттон өткөрүлдү. Бул ашардан райондук мамлекеттик администрациясы, райондук, шаардык Кеңештер четте калбастан 20 миң сомдук салымын кошушту.

* * *

Өнөр жайдын өрчүшү 1996-жылдары кулачын жая албай калса, алардын базар шартында өндүрүмсүз

токтоп калганын жергиликтүү бийлик өкүлдөрү, тиешелүү адистер акылдашып иш ритимдерин жандандыруунун аракетинде болушту. Ошентип, "Дан-азык", "Кургак-сүт" мамлекеттик акционердик коомдору толук кандуу иштешип, өз кирешелерин бере баштады. Ал эми жогорудагыдай көрүнүштөн оолактай албай өткөөл мезгилдин өктөмдүгүн "оозанган" пиво заводунун жөндөмсүздүгүн жөнгө салуу максатында Кытай республикасынын Ак-Суу облусу менен алака түзүлүп, продукциянын сатыгынан 1 миллион сомдон ашык каражат түштү. Ошентип, жыл сайын дээрлик өнөр жай ишканалары өз жемишин бере баштады.

* * *

Алысты жакын кылган байланышчылар 1994-жылы июнда почта байланышы жана телекоммуникация болуп бөлүнгөн. Учурда 22 почта бөлүмдөрү, 1 байланыш түйүнү, Өзгөрүш жана Жээренчи айылдарында 2 филиал эл үчүн кызмат кылууда. (почтанын начальнигинин орун басары Өзгөнбай Турдумамбетов) Шералы байланыш бөлүмүнүн почточусу Галбаев "Эмгектеги артыкчылыгы үчүн үчүн медалы" менен сыйланган. Бул зор жамаат калкты жакшы тейлөө үчүн бардык күч-кубатын жумшоодо.

Телекоммуникацияда (директору Байыш Орозматов) 98 адистер, тогузу атайын жогорку билимдүү, 17 адис телефонисткалар иштешет. Мында байланышты жакшыртуунун чаралары көрүлүп жатат. 1996 - жылы Куршап айылында 800 абоненттик эки кабат автоматтык телефон станциясы (АТС) жаңыдан курулуп пайдаланууга берилди. Мырза-Аке айылындагы ДЭУнун жаңы кеңсесинин экинчи кабаты телекомго берилген. 1999 - жылы экинчи кабатында 500 номерлүү автоматтык телефон станциясы монтаждалат. Ушул жылдын акырына чейин шаарда 500 номердик цифралык АТС курулат. Бүткөндө "8" ордуна "0" менен КМШ өлкөлөрү менен буюртма бербей түз байланыша алат.

* * *

Өлкөбүздөгү саясий стабилдүүлүктүн негизинде элдин социалдык жашоолору күн өткөн сайын жакшырууда. Чындыгында кыйынчылыктан кыр ашууда эгемендүү



өлкөбүздүн эртеңкиси үчүн астейдил эмгектенип, акылнасааттарын жолдогондор арбын. Андайлар Президентибиз тарабынан убагында, учурунда бааланып мамлекеттик сыйлыктарга арзып келет. Атап айтсак: Карыялар жылында жердешибиз А. Раимбеков, К. Бекмурзаев, Эргешбаевдер "Даңк" медалдарын , А. Мамутова Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасын алышка арзышса, талаанын сырын өздөштүргөн Баш-Дөбө айыл өкмөтүндөгү С.Каримов атындагы дыйкан чарбасынын жетекчиси Х. Дехканбаев "Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер" жана саламаттыктын сакчылыгында турушкан М. Вахаповго, К. Олжобаевге, Тамара Жылмышоваларга "Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоосунун отличниги" деген наамдын үстүбүздөгү жылда берилиши ар бир адамдын үлүшүнө туура келе бербейт.



*Хашимжан Дехканбаев*

Сөз кезеги келгенде айта кетчү нерсе-жогоруда ысымдары аталгандар менен катар убагында районубуздун өсүп-өнүгүшү, экономикасынын жогорулашына өз салымдарын кошушкан улуу муундагы жердештерибиздин аттарын атай кетпесек болбос. Алар: республикабыздын айыл чарбасына эмгек сиңирген ишмер Кулназар Ташиев, Манас орденинин ээси Бөпө Каримова, кезинде Кыргызстан ЛКСЖнын биринчи катчысы, партиянын Ош обкомунун биринчи катчысы, республиканын тышкы иштер министринин биринчи орун басары, республиканын туризм жана спорт комитетинин төрагасынын милдетин аткарган, учурда Премьер-министрдин Кеңешчиси Мырза Капаров, облустун губернатордун орун басары Нурила Жолдошева, губернатордун кеңешчиси Кадыр Жунусов, химия илимдеринин доктору, академик кыргыз Улуттук Илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, профессор, Темиркул Үмөталиев атындагы Ош

мамлекеттик унверситетинин ректору, Кыргыз Республикасынын эл депутаты Бектемир Мурзубраимов, медицина илимдеринин доктору Бекболот Акматов, Союзга үч жолу депутат болуп шайланган Орозали Атабаев, Т. Үмөталиев атындагы



Коомдук ишмер
Бөпө Каримова

Ош Мамлекеттик Унверситетинин мугалими, илимпоз Бакыт Боркоев, мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Жакыпалы Боркоев, техника илимдеринин кандидаты Орозали Бекетаев, Өзбекстан илимдер академиясынын академиги, лениндик сыйлыктын лауреаты, Өзбекстан илимилимдер академиясынын геология жана геофизика институтунун директору, 1974-жылдан баштап Италия, Индия, АКШ мамлекеттеринин биргелешип түзгөн “Памир - Гималай” геология долбоорунун уюштуруучусу жана жетекчилеринин бири Хамрабаев Ибрахим, Эксминистр генерал Нематжан Ибрагимов, медицина илимдеринин докторлору Бекболот Акматов, Жаныбек Белеков, физика илимдеринин доктору Тимур Муратов, Жалпак-Таш айыл Өкүмөтүндөгү Ак-Терек айылынан бир үйдөн 3 окумуштуу - Марат, Самат, Базарбай Сатыбалдиевдерден Марат, Базарбай медицина илимдеринин докторлук диссертацияларын жакташты. Жолдошев Акылбек медицина илимдеринин кандидаты. Республикабыздын транспорт жана коммуникация министри Жантөрө Сатыбалдиев, туризм жана спорт агентчилигинин директору Болот Шамшиев, Президенттик аппараттын жооптуу кызматкерлери Маматназар Жакыпбаев, Маматрасул Кенжебаев, Аалы Карашев, Кадамжай жана Ноокен райондорунда



акимдик милдеттерди аткарып жүрүшкөн Азим Карашев, Тажимамат Шаболотов, бир туугандар Зуура, Тажик Нурматовдор, облустук Кеңештин төрагасы Абдишүкүр Исабаев, Зафар Хакимов, эки Ленин ордендүү Айша Абдуллаева, география илимдеринин доктору Т. Үмөталиев атындагы Ош мамлекеттик Унверситетинин окутуучусу Абжапар Эргешов, Ош шаарынын мэри Абжапар Тагаев, Камбар Узаков, экономика илимдеринин кандидаты Маматали Акматов, Эркинбай Турмашов, “Ош жаңырыгы” гезитинин башкы редактору Абибилла Пазылов, Бадалбаев Эргаш, Айдаркен сымап мамлекеттик акционердик коомунун башкы директору Токтобек Сартбаев, эки Ленин ордендүү Ахматжан Мамажанов, облустук билим берүү жана маданият башкармасынын начяльниги Балтагул Нурунбетов, “Ак-Таш” акционердик коомунун президенти Эмил Касымалиев, көп жылдар бою райондук каржылоо бөлүмүн, чейрек кылымдан ашык Ош облустук каржылоо башкармасын башкарган Туташбай Төлөнбаев, шаардык каржылоо бөлүмүнүн башчысы Кайым Аширбаев, маркумдар: Тагай Асранов, Бөрүбай Асранкулов, Ысмайыл Бектемиров, милициянын генералы Базарбай Нурматов, Сапарбай Жээнчороев, Сами Каримов, Сулайман Азимов, Темиржан Нурматов, Токтосун Кошиев, Султанали Жанибеков, Жолдошбек Примкулов, Хадархожи Мирзарахимов, М. П. Макаров, И. С. Поветько, Ш.Жусупов, Апил, Кайым Эшиевдердин ысымдарын сыймыктануу менен атайбыз.

* * *

Айтмакчы, 1961-жылы Маматкадыр Жээнбеков Өзгөн токой чарбасынын директору болуп дайындалат. 1989-жылы ал пенсияга чыкканга чейин 28 жыл жетектеген мезгилде жылкы 220 башка, кой 520 башка, коен 1000 башка, бал челек 1315 челекке жеткирилген. “Жашыл берметтерди” сугарууга ондогон километр арыктар чабылып, 60 километр жол салынган. Жаңы кантора, автогараж, суу түтүктөрү, сувенир цехи, клуб,

токойчулар үчүн 20 турак үй, жана башка чарбалык бир нече субьектилер курулган. Жогорку билимдүү адистер 22 адамга жетип, алгачкы мезгилдегиге салыштырганда 11 эсеге өскөн. Атайын орто билимдүүлөр 47 киши. Демек, азыр токой чарбасында иштеген жумушчулардын ар бир онунчусу жогорку, ар бир бешинчиси атайын орто билимдүү адистер. Мурда 5 машина-трактор болсо, азыр 40 тан ашкан. Башта бардык иш кол күчү менен аткарылса, учурда 90 пайыздан ашыгы механизациянын жардамы менен бүткөрүлөт.

М. Жээнбеков 28 жыл жетектеген токой чарбасынын жамааты жыл сайын жаңы жеңиштерди жаратты. Ошонун натыйжасында Бүткүл союздук социалисттик мелдеште жеңип чыгып СССР Мамлекеттик токой чарба комитети менен профсоюздун тармактык комитетинин өтмө Кызыл-Туусу менен акчалай сыйлыктарын 7 жолу, республиканын токой чарба комитети жана тармактык профсоюздун өтмө Кызыл-Туусун 12 жолу жеңип алышкан. Бул ийгилиги үчүн ага "Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген токойчусу" деген ардактуу наам берилген. Персоналдык ардагер. Райондук акимчиликтин имаратынын жана шаардык стадиондун айланасын бак-дарактар менен жашылдандырууга салымын кошкон.



*Маматкадыр Жээнбеков*

Жогоруда ысымдары аталган атуулдарыбыздын арасында Жамгырчы Жолдошалиев да бар. Ал жөнөкөй тракторчу-комбайынчылыктан, аскердик милдетин өтөп, кайра кесибин улантып, комсомолдук кызматта, селолук Кеңештин төрагасы, Ташкенттеги жогорку партиялык мектептин угуучусу, партиянын райондук



комитетинин инструктору, "Алга" совхозунун партиялык комитетинин катчысы, партиянын райкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, райондук элдик кантролдоо комитетинин төрагасы, райкомдун бюро мүчөсү "Зергер" совхозунун директору, 1983-жылдын августунан бери Зергер айылдык Кеңешинин төрагасы, эгемендүүлүктү алганыбызга, реформаларга байланыштуу ошол эле айыл Өкмөтүнүн башчысы болуп эмгектенүүдө. Өзү жетектеген 8300 дөн ашык калктын мүдөөсүн орундатуу үчүн ысыкка күйүп, суукка тоңуп, алтмыштан ашканына карабай дагы эле катарда ат салышып жүргөнү эл үчүн аракеттенген жетекчи экендигин астейдил эмгеги ырастайт.



# ӨЗГӨНДҮКПҮЗ

**ЖАПАРКУЛ ТАШИЕВ,**
«Кыргыз Туусу» гезитинин
башкы редакторунун
биринчи орун басары

Бүгүн маараке алдында Өзгөн районунун нукумдай бир кыштагында төрөлүп эрезеге жеткениме купуя сыймыктанам, жаратканга шүгүрчүлүк этем. Анткени, менин эл-жер үчүн аз болсо да салым кошуу, жүгүн көтөрүү ниетимдин башаты киндик кан тамган Өзгөндө экенин танбайм. Антпесе «бийлик кумарынан» туулган жерин жерип чыга калган айрым жердештеримдин акыл парасатына күбө болгон жайым бар. Андайдан жараткан өзү сактасын!

Туулган жердин топурагы кайда жүрбөйүн өзүнө тартып бала кездегидей анын ысык, берекелүү топосун бортулдатып кечким келет. Ошол ысык топурактын касиеттүү илебинен кубат алып анын керегине жарасам деп аруу тилек кылам. Сан буудандын тобуна кошулуп маарага чубаган мөрөйдө бирде озуп, бирде кайрадан ошол топтон чыкпай жүрүшү мөлтүр кашка суулуу, жан бүткөндүн баарына жайлуу жеримдин берген кубаты деп билем.

Жазмышына берекесин жараткан ченемсиз, мол кылып берген жергемдин жетимиш эмес кылымдарга кырын кетилтпей, элим байгерчиликте жашап, өсүп-өнүгө беришин тилек кылам.





**БАЛТАГУЛ НУРУНБЕТОВ,**
Ош облустук билим берүү жана маданият башкармасынын начальниги, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими, тарых илиминин кандидаты.

1947-жылы Өзгөн районунун Кызыл-Сеңир айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө төрөлүп, Кызыл-Сеңир жети жылдык, Ворошилов, Коммунизм орто мектептерин окуп бүтүргөнмүн.

Өзгөн жергеси, эли, шаары тарыхтарды карыткан Ош шаары менен жашташ, өсүп өнүккөн тарыхый маданиятка, көркөм өнөргө бай, кен байлыктары, токой суусу мол, көз суктандырган табияты эң кооз, мээнеткеч элдүү район.

Жаштыгым таланттуу, мээнеткеч элдин арасында өткөнүнө сыймыктанамын. Жашымдан окууга дилгир болуп, айлана-чөйрөмдү курчаган табият коздугуна суктанып ыр-күүгө берилип чоңойдум. Жаштайыман мондалин, комуз, аккардеон ойногонду жакшы көрөөр элем. Атам өнөрлүү уста болгондуктан балачагыман усталык өнөрдү жакшы көрчүмүн. Кийин турмушумда ал өнөрүмдүн көп пайдасы тийгизди.

Айылымдын коздугу ар дайым өзүнө тартып, тез-тез көрүүнү көксөп турам. Эмнегедир балдарым да шаарда төрөлүп-чоңоюшканына карабастан, айылга барууну самап турушат.

Атагы алыска кеткен Кара-Шоро, Ийри-Суу, Супа жайлоолорунун коздугу жөнүндө канча легендалар айтылып, ырлар ырдалбады. Өзгөн канчалаган адамдардын көңүлүн өзүнө буруп, тартып келген. Бекеринен тарыхый жибек жолунда миңдеген кербендер келип атагын дүйнөгө таркатпаса керек.

## САЛИЖАН САГЫНТЫП КЕЛДИ



Ал эми жаш муундардын арасынан суурулуп чыгып космосту өздөштүрүүгө салым кошкон, дүйнөнү дүңгүрөткөн космонавт, Кыргызстандын Баатыры деген ардактуу наамга татыктуу болгон жердешибиз Салижан Шарипов жөнүндө өзгөчө сөз козгоону ылайык таптык.

Өткөн 1997-жылдын аягынан тартып 1998-жылдын башталышында орусиянын борбодук гезиттеринен баштап, күнөстүү өлкөбүздүн басма сөз маалымат каражаттарында жердешибиз Салижан Шариповдун космоско учуусу жөнүндө такай жарыяланып, телевизордон көрсөтүлүп радиодон бериле баштады. Бул жигит байыркы Өзгөн шаарында 1964-жылдын 24-августунда туулуп эрезеге жеткен. Башка курбалдаштарынан айырмасы-көздөгөн максатына жетүүгө аракеттенген. Ошондуктан, бала чагынан эле аскер учкучу болууну эңсөөчү.

Ой максатын орундатуу үчүн райондук аскер комиссариятына тез-тез барып, учкучтарды даярдай турган окуу жайларынын дарегин сурап билип кеп-кеңеш алуучу. Жашы жетип аскер кызматын өтөөгө чакырылды. 1981 - жылы Оренбургдагы жогорку аскер аба күчү окуу жайына барса аскер учкучун эмес, бомбалоочу учкучтарды даярдай турган окуу жайына адистешип кетиптир. Бул адистик көңүлүнө туура келбей баса берет.



1982-жылы Салижан алыскы Примория крайында аскердик кызматын өтөй баштайт. Жүрөктүн тереңинен орун алган максаты аны бул жерде да тынч койбойт. Ошентип, ойго батып жүргөндө көктөн тилегени жерден табылып, окуругда аскердик аба күчтөр окуу жайына кирүүнү каалагандар үчүн конкурс жарыяланып калат. Бир орунга 15 - 20 уландар туура келет. Жүздөгөндөрдүн ичинен экөө гана кабыл алынат. Анын бири ушул саптардын каарманы Салижан Шарипов, экинчиси (Бактыны кара) Майлы-Суулук мекендешибиз Галим Миңгалиев. Ошентип, алар Харковдогу Советтер Союзунун эки жолку баатыры А. С. Грибец атындагы жогорку аскердик авияция окуу жайынын угуучусу болуп калышты. Аны 1987-жылы ийгиликтүү бүтүргөн лейтенант С. Шарипов Токмок шаарында окуп машыгуучу полкто учкуч инструктор болуп иштеп, жаштарга учуунун сырын үйрөтөт.

Муну менен чектелбей билимин өркүндөтүү максатында космонавттарды даярдоочу борбордун башчысы, Советтер Союзунун эки жолку баатыры Владимир Шаталовго рапорт жазат. 1990-жылы Россия Федерациясынын космоско учууга даярданып жаткан косманавттардын катарына кошулат. Салижан косманавттар отрядындагылардын жашы жагынан да аскердик наамы боюнча да (33 жашта подполковник) эң кичүүсү болгон. Өзүнөн бир кыйла улуу Владимир Жаныбеков, Александр Волков, Анатолий Береговой сыяктуу даңктуу космонавттардан таалим-тарбия алды. Техникалык илимдерди, электрондук эсептөө машиналарын, космостук аппаратуранын конструкцияларын тереңдетип үйрөндү. 1997-жылдын 7-июлунан тартып америкалык 6 астрановаттар менен биргелешип учууга Хьюстон шаарчасындагы 89-экспедицияга катышууга Линдон Джонсон атындагы борбордук учуу жайында “Шаттл” (чапчаң, алдыга чыгуу) кораблинде машыкты. АКШлык кесиптештери менен татаал көнүгүүлөрдү жасап, космоско учууга даярданат.

Алардын максаты - 5 жылга эсептелген "Мир" орбиталдык комплекси 12 жылдан бери иштеп келе жаткандыктан ага жаңы запастык бөлүктөрдү батарея ж. б. деталдарды алмаштырууну "Мирдеги" америкалык астранавт Девид Вульф менен Салижан, Энди Томас "Шаттл" алты күн "Мирге" жалгашып учкан мезгилде жүргүзүштү. Бул учурда алар кеме ичинде америкалык, жапониялык тапшырмаларды аткарышты. Девид Вульф Салижандар менен жерге кайтып, аны Энди Томас алмаштырган.

Салижан 1990-1992-жылдары жалпы космонаватика менен таанышып, 1992-жылы мамлекеттик сындоодон өтүп, сыноочу-космонавтиканы өздөштүрүп, 1995-жылы космонавттар отрядына командир болгон.

Космостон жерге кайтып келгенден кийин дүйнөлүк басма сөз өкүлдөрү менен өткөрүлгөн брифингде кыргызстандык (аныгы Өзгөндүк) С. Шарипов чет өлкөдө, болгондо да Америкада атайын делегация мүчөлөрү, атасы, тууган-туушкандары жана мекендештери менен жолугушуусуна шарт түзүп, камкордук көргөн Президентибиз А. Акаевдин даанышмандыгына кубанычын жашыра албады жана ага космонавттын үй-бүлөсүн моралдык жана материалдык жактан колдогону жана камкордук көргөнү үчүн терең ыраазычылык билдирип, дайыма жүрөгүндө сактап жүрөрүн, демөөр болорун, Мекени үчүн талыкпай кызмат кыларын билдирген.

1998-жылдын 22-январында Америка убактысы боюнча 21 саат 40 минутада космикалык корабль асман мейкиндигине көтөрүлөт. Салижанды космоско учурую аземине катышып, анын демине-дем, кайратына - кайрат кошуп ак баталарын берүүгө Кыргыз Республикасынын делегациясынын башчысы, Жогорку Кеңештин депутаты, академик М.Т.Мамасаидов , Кыргызстандын АКШдагы элчиси Б.Абдирасаев, Бишкек шаарынын вице - мэри П.Н.Комиссарова, З.Х.Хакимов, Жогорку Кеңештин депутаты Алишер Сабиров, Мухамед Мамасаидов, Өзбекстандын



академиги Шавкат Вахидовдор атасы Шакиржан Шарипов, эжеси Матлюба, агасы Кабылжан, жакын туугандары Акрам Хакимов, Өзгөн райондук мамлекеттик администра-циясынын башчысынын биринчи орун басары, шаар башчысы Бахтияр Салиев, Салижандын жетекчилери Ю.П.Каргополов, Ю.Н.Глазков, Р.О.Рюмин, Елена Кандакова, досу журналист Зайнадиновдор барышты.

Космостон түшкөнүндө А. Сабиров, Ш.Вахидов, Жалал - Абаддык Кадыржан Батыров, Абдурасул Тагаев, атасы , келинчеги , эжеси , агасы жана башка тууган-туушкандары ак дасторкон жайып тосуп алышты.

Мындай салтанатка мүмкүнчүлүк түзгөн Президентибизге Салижандын кесиптештери тарабынан терең ыраазычылык билдиришип, ырахматын айтышып, колдоо көрсөткөнүнө чоң кубанычта болушканын Президентке жолдогон куттуктоо телеграммасында билдиришкен. Анда минтип айтылат:

«Урматтуу Аскар Акаевич, жакында гана «Мир» жана «Шаттл» станциялары менен биргеликте учулуп, космостон кайтып келген СТС-89 кораблинин экипажы өзүнүн курамында болгон подполковник Салижан Шариповдун Кыргызстандын Өзгөн шаарында өсүп-чоңойгондугуна кубанышат.

1998-жылдын 22-январында СТС-89 корабли учуунун алдында бизге анын тууган-туушкандарынан жана Кыргызстандагы таанышарынан турган делегация келип-кетти. Мунун өзү Салижанды колдоонун маанилүү өбөлгөсү болуп калды жана аларга мына ушундай мүмкүнчүлүктүн берилгендигине биз бардыгыбыз терең ыраазыбыз.

Экипаждын атынан Салижанды жана анын үй-бүлөсүн колдогондугуңуз үчүн сизге алкыш билдиребиз.

Салижан өзү менен кошо Кыргызстандын бир нече символдорун, ошондой эле Сиздин сүрөтүңүздү ала келгендигине абдан сыймыктанды. Жакынкы арада Салижан аларды өз колу менен Кыргызгызстанга кайтарып бермекчи.

Эң мыкты каалоолор коштоо менен урматтап кораблдин экипажынын мүчөлөрү».

*(Алты астронавттын колдору коюлган).*

Атагы ааламды дүңгүрөткөн таш түлөк, эр жүрөк Кыргызстандын туңгуч космонавты, Кыргыз Республикасынын Баатыры наамына татыктуу болду. Бул жөнүндөгү Указда мындайча баяндалат.

## Салижан Шариповго

**«Кыргыз Республикасынын Баатыры»**

**Эң жогорку артыкчылык даражасын ыйгаруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин**

## У К А З Ы

***Космосту эл аралык деңгээлде өздөштүрүүгө кошкон бараандуу салымы, жеке эрдиги жана бийик атуулдугу үчүн космонавт* ШАРИПОВ САЛИЖАНга *«АК-ШУМКАР» өзгөчө белгиси тапшырылуу менен «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БААТЫРЫ» эң жогорку артыкчылык даражасы ыйгарылсын.***

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти А.Акаев.**
**Бишкек шаары, Өкмөт үйү,**
**1998-жылдын 2-февралы.**





Баатыр-космонавт Салижандай уулун Өзгөн эли чыдамсыздык менен күтүп жатышты. Жаз жамгыры нөшөрлөп төккөндүктөн сыртта боло турган салтанат Өзгөн райакимчилигинин чоң залында болду. Орун жетишпей отургандардан тургандар көп. Узакка созулган кол чабуулар менен Салижанды жана меймандарды жылуу тосуп алышты.

Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы Маматшарип Турдукулов С.Шариповдун туулуп-өскөн жерине келишин куттуктап, шаңдуу салтанатты ачып, анын өмүр жолун космосто жараткан ийгилигин баяндап, атайын тигилген улуттук чепкен жаап, башына Бакай калпак кийгизип, колуна камчы карматып, күлүк ат мингизди.

Ошондой эле улуттук чепкен жана Бакай калпакты генерал -майор, Советтер Союзунун Баатыры, Россия Федерациясынын космонавттарды даярдоо борборунун башчысынын биринчи орун басары академик Юрий Николаевич Глазковго, Салижандын досу жана кесиптеши, Казакстандын тунгуч космонавты Токтосун Абубакировго да кийгизди.

Салтанатта Социалисттик Эмгектин Баатыры Ш. Санжаров, мектепте космонавтты физика жана астрономия сабагынан окуткан мугалими Р. Соколова, Кыргыз эл депутаты, Т.Үмөталиев атындагы Ош мамлекттик университеттин ректору, академик Б. Мурзубраимов, Өзгөн шаарынын аялдар Кеңешинин төрайымы А. Жалилова, Ю.Н. Глазков куттуктап сөз сүйлөштү.

Ушул күздө кийинки «Мир» станциясында уча турган экипажды кайталайт (дублировть этет). Эки экипаж тең учууга даярданышат. Ар биринде үчтөн киши. Бир экипаж учат, экинчиси учпайт. Дублировать эткени уча турган экипажда бирөө бир нерсе болуп уча албай калса аны алмаштыра турган экипаж учат. Ошонун командири биздин жердешибиз Салижан. Анын экипажында француз жана словак бар. Алардын өздөрүнүн программалары жана Орусия менен түзгөн келишимдери бар.

Баатыр - космонавт Салижандын максатына жетүүсүн каалайбыз.





*Сатыбалды Айтбаев, райондук Кеңештин төрагасы*



*Дыйканбай Кенжебаев, акимдин биринчи орун басары*



*Бахтияр Салиев, акимдин биринчи орун басары, шаар башчысы*

# КАЛК ТАЯНГАН ЖЕТЕКЧИЛЕР



*Абдыракман Жолдошалиев, аппарат жетекчиси*



*Адил Нурбеков, акимдин орун басары*



*Бахтияркан Байматова, акимдин орун басары*

## СОҢКУ СӨЗ ОРДУНА

Береги китеп менен таанышкан ар бир окурман айтылуу Өзгөн жергеси жөнүндө бир кыйла маалымат алат. Оболу андан Өзгөндүн байыркы жана жакынкы тарыхы тууралуу баяндарды жолуктурасыз. Өзгөн районунун совет доорундагы өнүгүшүнө да өзүнчө орун берилген. Китепке ошондой эле Өзгөндүн бүгүнкүсү тууралуу кызыктуу макала, ой жүгүртүүлөр кийирилди.

Авторлор жана түзүүчүлөр, өзгөндүк ардагер журналист Ысмайыл Садабаев, «Өзгөн нуру» гезитинин редактору Жолдошбай Анашов китепти расмий документтер, көркөм чыгармалардан үзүндүлөр, фотосүрөттөр менен жазууну чечишкен. Айтор, бул эмгек азыр тигил же бул район-шаарлардын маарекелерине арналып чыгарылып жаткан китептердин эч кимисинен кем калышпайт. Асыресе, өзүнө ылайык ийгиликтери бар, балким, кемчиликтерден да куру эмес. Айтор, китептин деңгээлин окурман журту өзү таразалап алмагы бышык.

Арийне жетимиш жылдыгын белгилеп отурган Өзгөн району бир китепке сыйбайт. Анын санжырасы узак, таржымалы биресе татаал, биресе бай. Кеп «Өзгөндүн» этимологиясы «Угуз кент» деген сөздөнбү, «Озгон» деген сөздөнбү андан эмес, Өзгөндүн Кыргызстан тарыхында, жалпы эле Орто Азия тарыхында аттын кашкасындай бөлүнүп турган бөтөнчөлүгүндө.



Өзгөн баарыбыздын ата мурасыбыз болгон X-XI кылымдагы мунара менен кабырстандардын мекени, атагы дубандан-дубанага тараган күрүчтүн мекени, эли үчүн кашык канын аябаган баатырлардын, мээнеткеч дыйкан, зергер, чебер усталардын мекени. Анын үстүнө Кыргызстандын туңгуч космонавтынын Өзгөн жергесинен чыгышы да тегин эмес. Суусу мол, тоосу кенге карк, жылга-жыбыттары мал киндиктүү, талаалары асыл түшүмгө ылайык мындай бейиш чөлкөмдөр ааламда аз чыгаар!

Эгерде колуңуздагы китепти окуп, ушул сыяктуу пикирге келсеңиз, анда анын авторлорунун алдына койгон максаты жүзөгө ашыптыр деп эсептей берсек жарашат.

Эмесе, китепке ак жол каалап, кесиптешибиз Баймурат Бектемировдун төмөнкү саптары менен жыйынтыктайбыз.

Тоолору бийик көк сүзгөн,
Жылдызга жүзүн өпкүзгөн.
Кызырдай кымбат Өзгөндүн,
Кыйыры толгон чексиз кен.

Адырга адыр уланып,
Айдоолор жатат суналып.
Көз жоосун алат суулары,
Көк тасма сымал чубалып.

Тоолукка жарап кереке,
Токою толгон береке.
Бекерден эл, жер таарынаар,
Бейиштин төрү дебесе...

Кезекти берип оболу,
Кеп кылсак Кара-Шорону,
Суктанткан миң сан сулуудан,
Суулары турат жогору.

Айтылбай калган андан көп,
Айтылган сөздө жалган жок.
Өзгөндөй асыл жери бар,
Кыргызда мындай арман жок.

**Абибилла ПАЗЫЛОВ,**
китептин редактору.

*Авторлор райондун 70 жылдыгына арналган китептин жарык көрүүсүнө ар тараптуу көмөк көрсөтүшкөн Чүй облустук башкы дарыгеринин дарылоо иштери боюнча орун басары Нуралы Матаиповго, ардагер журналист Расулберди Маметовго, райондук архивдин башчысы Шаринса Бердикуловага, Аксана Абжапар кызына, Манас Жакыповго, Талант Матмусаевге ыраазычылыктарын билдиришет.*

МАЗМУНУ

Өрүшү жайык Өзгөн............5
Улуу жерде улуу эл жашайт............9
Туулган жердин топурагы алтын............12

**Биринчи бөлүк**

Байыркы Өзгөн жөнүндө баян............16

**Экинчи бөлүк**

Ат коюу — ата мурасы............32

**Үчүнчү бөлүк**

Берлинди бешиктегилер билген............54

**Төртүнчү бөлүк**

Жаңы доордун башталышы............108

Соңку сөз............136

**Бектемир Мурзубраимов,**
**Балтагул Нурунбетов,**
**Ысмайыл Садабаев,**
**Абдулла Раимбеков,**
**Жолдошбай Анашов**

# КӨҢҮЛҮН ТАРТКАН ӨЗГӨНҮН, КӨП ЖЕРДЕН АРТЫК ӨЗГӨНҮМ

Редактору — А.Пазылов.
Тех.редактор — П.Раимбердиева.
Сүрөт жасалгалоочу — Ж.Парпиев.
Корректору — Н.Асанова.

Терүүгө 24.10.1998-ж. берилди. Басууга 13.11.1998-ж. кол коюлду. Форматы 60х84\16. Көлөмү 8,75. Нускасы 1000. Буюртма № 4896 Офсеттик ыкма менен басылды.

Ош облустук басмаканасы, Курманжан датка көчөсү-209, Ош шаары, 1998-жыл.